ЖУСУП КАМБАРАЛИЕВ

# Тоолор жаңырыгы

**Ырлар**



# ӨМҮР БАЯН

*Мен, Камбаралиев Жусуп Абдылдаевич 15-апрель 1960-жылы Тогуз-Торо районун Атай айылында жарык дүйнөгө келгем.*

*6 жашымда 1966-жылы Атай орто мектебине 1-класска окууга кирип, ал мектепти 1976-жылы бүтүргөм. Менин поэзия дүйнөсүнө кадам таштап киргеним окуучулук мезгилимде башталган.*

*Биринчи ырым «Ак койлордун азабы» аттуу ырым 9-класс окуп жүргөндө, сакмалга барганда жазылган.*

*Кээ бир ырларым райондук «Жеңиш туусу» гезитине чыгып калчу.*

*1976-жылдан 1977-жылга чейин Атай айылында «Жетиген» комсомолдук бригадасын түзүп иштедим.*

*1977-жылы Фрунзедеги Политехникалык Институттун механика жана машина куруу факультетине окууга кирип, аны 1982-жылы бүтүрүп «инженер-механик» кесибин алып чыктым.*

*1982-1984-жылы Өзбек ССРинин Андижан шаарында в/ч 11310 офицер болуп кызмат өтөдүм, ага лейтенант чинин алгам.*

*1984-жылдан ушул убакка чейин ички иштер органында иштеп келем. Милициянын подполковнигимин. 4 медаль, бир канча мактоо баракчаларын алганмын.*

*Менин чыгармачылык жолумдун кенен даңгыр жолунун башаты болуп студенттик күндөрүм, эли-жериме болгон сүйүүм, жаштык кезимдеги болгон махабаттын тунук сезимдери, жан-дүйнөнүн рухани түгөнбөс азыктары болуп «Поэзия» ааламына аралашып келе жатам. Менин ырларым «Тогуз-Торо» аттуу китепте, жергиликтүү «Жеңиш Туусу» гезитинде такай чыгат жана облустук «Акыйкат» гезитинде, ИИМдин «Бетме-Бет» гезитинде мезгил-мезгили менен жарык көрүүдө. Туңгуч ырлар жыйнагым «Алтын Чөйчөк аяны» деген ат менен 2010-жылы жарыкка чыкты.*

# АЛА-ТОО КЫРГЫЗЫМДЫН БЕШИГИ

Байыртадан кыргыз эли Ала-Тоону мекендеп, ушул ажайыптуу тоолордон байыр алып калганы ата- бабаларыбыздын өтө акылмандуулугунан кабар бергенсийт. Жоокерчилик заманда кыргызыма чеп болуп сактап, ар кандай апааттардан коргоп, мал-жанын аман алып калганы көп эле тарыхта айтылып тастыкталат. Кечээ эле орус империясынын 1916-жылдагы кыргыз элине салган зомбулугунан эле үркүп, коогаланңда канча деген бир боор кыргызым кырылып кайтпай калды.

Ошол учурда да улуу тоолорум көп кыргызды койнуна катып аман алып калган. Анын ичинде менин киндик кан тамган Тогуз-Торо өрөөнүнүн кыргыздары дагы ушул тоолорго баш паанек кылып үркпөстөн аман калышкан.

Чындыгында кыргыз элин Ала-Тоосуз элестетүү кыйын. Ажайыптуу тоолордун койнунда чоңойгон, өсүп-өнгөн ар бир кыргыз инсаны кайда болсо дагы куса болуп сагынбай койбойт.

Мен дагы бала кезимен Тогуз-Торонун Атай айлында жарык дүйнөгө келип, абасын жутуп, суусун ичип, ажайыптуу тоолоруна чыгып, миң түркүн гүлдөрүн аралап, шаркырап аккан сууларын кечип, жыланңайлак чаң жолдорун басып чоңоюп балалык кезим өткөн.

Секелек кезимден тоолордун койнунда чоңоюп ат минип, бейиштин төрүндөй ажайыптуу жерлерди кыдырып, миң түркүн куштардын сайраган үнүн угуп,

мөлтүр булактардын суусун ичип, ышкын терип мөңгүлөрдө ойноп жүргөнүм мага дайыма кайда жүрсөм дагы уктасам түшүмдөн кетпей дем берип келди. Ар бир акылы бар, кыргыздын каны дене-тулкусунда агып жаткан инсан сөзсүз Ала-Тоосуна, Ата-Журтуна, туулуп өскөн жерине кусасы канбай кайрылат.

Бул ошону туюп билген адамдын жан-дүйнөсүн ойготуп, удургута бүлүк салып, анын чыгармачылык жаратуусуна өбөлгө болот экен.

Менин жараткан чыгармаларым жакшыбы же жаманбы, ага окурман өзү тараза болоор, бааларын берээр.

Ушул китептин жарыкка чыгуусуна көп аракеттерди жасап, менин чыгармачылыгым менен жакындан таанышып, барк-баа берип демөөрчүлүк кылган Тогуз-Торо райондук ички иштер бөлүмүнүн начальниги милициянын полковниги, юридикалык илимдеринин кандидаты Жоробеков Жеңишбек Мамаюнусовичке жана китепти чыгарып жатышкан «Принт Экспресс» басмаканасынын жетекчиси Султанов Бакытбек Мураталиевичке, «Максат» басмаканасынын жетекчиси Жунусбекова Айжан Казыбаевнага жана редакциянын жамаатына терең ыраазычылыгымды билдирип, өзүмдүн жана үй-бүлөмдүн атынан аларга тоолорумдай бийиктикти, Нарын дайрадай узун өмүр, жеримдин коздугундай үй-бүлөлөрүнө ажайып жашоону каалап кетемин.

Биринчи туңгуч китебимдин атын «Алтын чөйчөк аяны» деп койгонум мага дайыма аян берип, илхом алып келген ушул касиеттүү жерим болгон.

Ал эми улуу тоолорумдун аска-зоосунан ар-кандай жаңырыктар угулуп, түшүмдө да аян берип, ак калпактуу чокуларынан мага дем бергени үчүн болочок (ушул) китебимди «Тоолор жаңырыгы» – деп атаганыбыз туурадыр.

***Автор.***

# САХНАНЫН АК КУУСУ

Акырын басып ырдасаң,
Агаңды мынча кыйнасаң,
Ажайып көлдө сүзүшкөн,
Ак куулар менен сырдашам.

Асмандан учуп келгендир..,
Ак кууга талант бергендир.
Адаштырып мени бир паста,
Азгырып кеттиң негедир.

Жылмайып күлүп карасаң,
Жыргалга батып жанашам.
Ансайын ырдап оштонсоң,
Акылдан бүтүн адашам.

Созулуп булбул үндөрүң,
Салкын көл болуп күлгөнүң.
Санаага салды негедир,
Сахнада аккуу бир келин.

# КЫЗЫК ОЮН КӨКБӨРҮ

Кылымдардан кылымдарга өткөнү,
Кыргызымда кызык оюн көкбөрү.
Тулпар тандап таш булчуңду жигиттер,
Улак тартып, укмуш терин төккөнү.
Ат үстүндө сынап күчүн баатырлар,
Кыргызымдан кыйын чыккан көптөрү.

Камчы тиштеп жаактары карышып,
Улакты эңип, жула качып тартышып.
Бирөө чапса, бирөө жетпей кубалап,
Тулпарлардан тер төгүлүп майышып.
Кыргызымдын улуу салты уланып.
Байгесине тогуз малды сайышып.

Баатырлардан далай таалим алышып,
Эр жигиттер калган эмес кайышып.
Жоону тосуп намыс үчүн аттанып,
Кан төгүлүп далай жерден чабышып.
Кыргыз элин коргоп келген кылымдап,
Ар-намысты Ата Журттан табышып.

Калыс чечип кыргызымдын бектери,
Сүйүнүшүп олжо алып кеткени.
Аты тулпар, жигити эр болгон соң,
Кыргыз элим улап келет өткөндү.
Баатыр чыгып, чабандестер сыналып,
Бардыгынан кызык оюн көкбөрү.

# ЖАШОО СЫРЫ

Өмүр чиркин аккан суудай кээде соолуп,
Бирде чалкып, дарыядай бирде толкуп.
Өтүнөм өзөндөрүм кемибесин,
Атылсын булактарым дайым оргуп.

Узаргын узун жолдой аягы жок,
Үмүт качса, адамдын тилеги жок.
Бул жашоодо ызат-сый арнабасаң,
Кандай адам жашайт экен жүрөгү жок.

Өмүрүм төгүлбөчү жамгыр болуп,
Өтүнөм өсүп турчу тамыр болуп.
Караңгылык бир күнү соруп кетээр,
Ага чейин тийип турчу шамым болуп.

Басайын адамдардын катарында,
Ай, күнүм тийип турсун асманымда.
Жылдыздар жымыңдашып нурун чачсын,
Караңгы түн калдайып басканында.

Мейли агайын суу болуп кумга сиңген,
Өмүрүм толкуп турчу суудай кирген.
Жашообуз токтогонун алдын ала,
Адамдарда бар бекен, муну билген.

# БААРЫН САГА АРНАЙМЫН

Сенин демиң, жаным менин сырларым,
Ыйык сезим, ыргагында ырларым.
Күч-кубатым ташып кетет дем берсең,
Аска-белим, ыйык жерим жыргалым.

Салкын төрүң, тунук мөлтүр булагың,
Ачып көңүл, аска урган сууларың.
Сөзүм жетпейт даңазалап айтууга,
Кубанычтан куса болуп турамын.

Наристе кез, убакыт тез агылып,
Акыл-эс, айтканга сөз табылып.
Асылдыгын азыр сезип тургансып,
Арнайм ырды жан дүйнөмдөн сагынып.

Ошол кездей, келсем сезбей жайкалып,
Бирок мага кубанганың байкалып.
Булак сүйлөп, суулар турса шыбырап,
Көпкө турдум сөз айталбай апкаарып.

Ошол менин, ыйык сезим каaларым,
Сенин демиң, асыл жерим таалайым.
Көз өткөнчө көмүскөдө калтырбай,
Бар бол жерим, баарын сага арнаймын!

## ТООЛОРУМ ЫРАХАТЫМ

Араласам тоолорумдун арасын,
Чер токоюм, черлеримди жазасың.
Атыр жытың, аңкып турса дайыма,
Карачы ай! Абасынын тазасын.

Жан дүйнөмдү ээлеп дайым аласың,
Жашыл арчаң, жакшынакай балатың.
Бир күн болуп сырдашканда өзүңө,
Бир жашка мен жашаргансып каламын.

Жылда күтөм жакшынакай жаз айын,
Мактап дайым ырларыма жазамын.
Арыбастан, чарчабаган себебим,
Өзүңдөн мен күч-кубатты аламын.

Тоолорум жашыл кийсең караймын,
Салкын желиң, саамайымдан тарады.
Былтыр мага дем-күч берип узатсаң,
Ошондой эле, оорубастан ал-жайым.

*05.06.1998-ж.*

## ЖАЗ КЕЛДИ

Айдарым согуп жел келип,
Ай-Күнүм бүгүн теңелип.
Айлардан келди март айы,
Айылга эми дем берип.

Аязды кууп кетирип,
Ак карлар турат эзилип.

Ансайын турат күн жылып,
Апрель айы сезилип.

Ак жамгыр төксө нөшөрлөп,
Жаз келет бизге эртелеп.
Майрамда чыккан сулуудай,
Май айын келсе жетелеп.

Гүлдөрүң көрсөм жайнаган.
Өзүңө жипсиз байланам.
Түркүн кушуң сайраса,
Күч-кубат берет таң калам.

Жаз жыттанып күнү-түн,
Жаштыгымдын гүлүсүң.
Арнаймын сага ырларды,
Май айы менин сүйүүмсүң.

## ЭНЕКЕМ

Термелип тиктейт мени терезем,
Тургансып карап мени энекем.
Мээримиңди төгүп турсаң уулум деп,
Үйүмө келе берет береке.

Азыр жок арабызда энекем,
Майрамыңда эмне берем белекке.
Ырымдан башка нерсе албайсыз,
Арнадым, жараса экен керекке.

Сагындым сөздөрүңдү энекем,
Чаалыксам, «саябандуу» көлөкөм.

Кайгырсам, кабыргалар кайышып,
Арбагың, менен дайым жөлөсөң.

Бейишиң болсун менин энекем,
Каалоомду арнабаймын бөлөккө.
Майрамыңда окуйм Сизге угуңуз,
Тартуу кылып ырларымды белекке.

*08.03.2002-ж.*

## ТООЛОРУМ МЕНИН ЖӨЛӨГҮМ

Тоолорум бар, менин дайым жөлөгүм,
Тоолукмун деп, ырды арнап келемин.
Үшүбөгүн, ыр менен мен кымтыйын,
Ыраазы бол, ушул менин белегим.

Тоолорум бар , ушул менин сыймыгым,
Ата-тегим, Ала-Тоолук кыргызмын.
Өзүңдөн кубат алып өскөнбүз,
Элим үчүн аша берсин ырыскың.

Ала-Тоом, ак калпагым, сыймыгым,
Кучагыңда кыргыздардын биримин.
Өзүң үчүн өрттү кечип келиптир,
Байыртадан барктап жүргөн – кыргызың.

Ала-Тоом, «алтын бешик» мекеним,
Сен терметсең, толкунданып кетемин.
Сен жаратып. сен өстүргөн дүйнөдөн,
Сен деп жүрүп, бул жашоодон өтөмүн.

Тоолорум бар, менин дайым жөлөгүм,
Тоолукмун! – деп, бул жашоодон өтөмүн.
Ак калпакты кийип дайым үшүбө,
Жылытканга менин ырым, – белегим.

## АТАМДЫН КАМЧЫСЫ

Жадыраган жаз айында жарык көргөм,
Татынакай тоо койнунда өсүп келгем.
Эс тартып, атты минип калган кезде,
Атам мага, адам бол – деп камчы берген.

Камчы сапты тобулгудан сомдоп берген,
Бүлдүргүсүн кайыштан кооздоп өргөн.
Камчыны колума кармап көрүп,
Кыздардын төрт көкүлүн элестеткем.

Ал камчыны ар дайым катып келгем,
Кээ бирде колго кармап, атты мингем.
Уулум дагы мага окшоп, жигит болсо,
Чоң атаңдын белеги деп ага берем.

Чоң атаңдын ашырып асыл оюн...
Эл башкарып, өсүп-өнүп сынга толгун.
Чоң атаңдай, мен дагы бата берем,
Колуңа камчы алып, жигит болгун.

Бул камчы, сени колдоп жарак болсун,
Өмүрүң узун болуп, бакыт консун.
Чоң атаңдын жашына жетип уулум.
Үйүңө ырыс-кешик дайым толсун.

# ЖАШООБУЗ ӨЙДӨ-ЫЛДЫЙ

Кээ бирөөнүн көккө жетип түкүрүгү,
Кээ бирөөнүн жерди жарып үшкүрүгү.
Мен дагы түкүрөмүн, үшкүрүнөм,
Ойлоп көрсөң бул жашоо бүкүлүбү?

Кээ бирөөнүн издеринен чаңы чыгып,
Кээ бирөө аны көрүп жаны чыгып.
Мен дагы көрүп алып бозаламын,
Бул жашоо келатпайбы каным сыгып.

Кээ бирөөнүн өйдө көздөй ташы кулап,
Кээ бирөөнүн көздөрүнөн жашы кулап.
Мен дагы ортосунда ойлономун,
Бул жашоо эмне адамдын жашын сурайт?

Кээ бирөө, чагылгандай чарт-чурт этет,
Кээ бирөөнү добул согуп, басып кетет.
Алардын ойлоп алып тагдырларын,
Армандар жүрөгүмдө ташып кетет.

Кээ бирөө, эркеси болуп эне-атанын,
Атты минип, асынып беш атарын.
Мен дагы анча-мынча аны туурап,
Кыдыңдап, эшек минип келатамын.

*14-февраль день «Святого Валентина»*
*«Сүйүүлөр күнү»*

## СҮЙҮҮ ИРМЕМДЕРИ

Суйкайып сулуу караба,
Сүрдөймүн жапжаш балача.
Ашыкча сүйөт кимибиз,
Айтканга жүрөк – тараза.

Капкара көзүң карагат,
Көргөндө сени саматат.
Толкундап кеткен бир сезим,
Денемди кетет аралап.

Сымбатың сулуу маралдай,
Сүйлөйсүң кээде карабай.
Ичиңде каткан сырыңды,
Сүйсөңчү менден аябай.

Жылмайып койсоң, жыргаймын,
Чертемин жүрөк кылдарын.
Кошулуп койсоң болбойбу,
Кошо ырдап «сүйүү» ырларын.
Чаңкаткан менин булагым,
Тамчыңдан берчи сурарым.
Такылдап соккон жүрөктү,
Тартуууга сага сунайын.

Жаз гүлүндөй ачылсаң,
Жыттаганга ашыгам.

Айталбай турдуң ойлонуп,
Кызарып көпкө толгонуп.
«Ооба» деп, беттен бир өптүң,
Ойдо жок жерден козголуп.

Сүйүнүп сени карасам,
Сүйүүбүз бизге жарашат.
Кучактап улам жыттасам.
Куш сымал учуп баратам.

Жанашып чогуу бир басып,
Ошол түн бизге жарашып.
Ант берсек ошол сүйүүгө,
Аңгыча кетти таң атып.

Артынан күлүп Күн чыгып,
Бактыбызга сүйүнүп.
Учурбай туруп экөөбүз,
Кармадык кушун сүйүүнүн.

Ай чыгып, канча күн батты,
Ал түндөй, канча таң атты.
Сүрүлүп канча жыл өтсө,
Сүйүүбүз күчөп баратты.

Жашоого адам жаралат,
Жаш кезек өтүп баратат.
Жан дүйнөнү жашарткан,
Кандай бир сонун «махабат».

# БУЛАК БОЛУП АГАЙЫН

Тарыхтын ачып барагын,
Талантты бирден санадым.
Кол жеткис бийик чоку экен,
Ырлары жазган алардын.
Мен дагы барып жанашсам,
Адырча болуп каламын.

Ырларын окуп карадым,
Алыска кеткен кадамын.
Жараткан бир бериптир.
Төп келип, төрт тарабын.
Чалкыган Ысык-Көлдөрдүн,
Мен, тамчысы болуп каламын.

Туу тутуп алар жазганын,
Тумар кылып тагайын.
Өркөчтөп аккан ырлары,
Шоокумун берет дайранын.
Мен дагы барып кошулуп,
Булактай жылжып агайын.

Туу чокуну карайын,
Силерден таалим алайын.
Тамчыдан дайра куралат,
Ташкындап жакшы агайын.
Жан-дүйнөмдөн жаралган,
Жакшы ырларды жазайын.

*14.02.2002-жыл.*

## БИР КААЛОО

Президенттен күн тийсе,
Өкмөттөн мээрим төгүлсө.
Чиновник байкелер,
Ар-намыс үчүн жүгүрсө.

Жакшыны, жаман басышпай,
Убада кылып айтышпай.
Депутат деген акелер,
Эл үчүн чечсе тартышпай.

Айкырбай сөзгө келишсе,
Алкымга аздан жешсе.
Атка минер акелер,
Эл-журтка жардам беришсе.

Мыйзамды начар аткарып,
Ар-кандай кылып башкарып.
Жакырчылык дегенге,
Жарандар кетти тапталып.

Илгерки Союз элиндей,
Ынтымак болсо бөлүнбөй.
Түштүк менен Түндүктүк,
Медалдын эки бетиндей.

***31.08.1999-ж.***

## АК КАЙЫҢ

Өзөндөн өскөн ак кайың,
Өзүңдөн өткөн жаш чагым.
Өзгөрүп азыр кетипсиң,
Өйдөлөп өсүп шактарың.

Көк асман тиреп ак кайың,
Көп сөздү сага айтамын.
Көлөкөңдө эс алып,
Көк карап далай жаткамын.

Шар аккан суунун жээгинен,
Көркөмүң укмуш төгүлгөн.
Салкын жел жүрсө шыбырап,
Саамайым сылап, эргигем.

Ажайып сулуу ак кайың,
Аруу сөз сага айтканым.
Алдыңа келсе эки жаш,
Ак сүйүү дайым арнагын.

*25.05.1997-ж.*

## КЕСИПТЕШ

Кармоочубуз «Антты» бек,
Милицияга өттүк деп.
Ардагерлер айтканды ук,
Карынын сөзү жетик кеп.

Кызматтан далай өстүк көп,
Кыйналып терди төктүк деп,
Көпкөн жокпуз бир жолу,
Көтөрүлүп кеттик деп.

Кыйналуу болот жумушта,
Өйдө-ылдый болот турмушта.
Ошонун баарын көтөргөн,
Эркти берген кыргызга.

Кызматты дайым сезе бил,
Кылмыштын бетин ача бил.
Ишенип форма берген соң,
Таза иштеп, таза кий.

Белгилеп айтып кетемин,
Эл сыйласаң өсөсүң.
Манчыркабай түз иште,
Максатыңа жетесиң.

Жардам деп келген адамды,
Кетирбегин эшиктен.
Укук коргоп жүргөн соң,
Ушундай болот– кесиптеш.

Таза кызмат кылганга,
Тандалган адам жетишпейт.
Так иштеп, иштен көгөргүн,
Тилегим менин – кесиптеш.

***20.10.1995-ж.***

# МЕН ТАПТАГАН БАЛАПАН

Жарга түшүп уясына кара таандын,
Бала кезде мен бактым балапанын.
Куштай кылып кондуруп бапестесем,
Балдардын арасында жарашамын.

Күндө күтөм чала уктап, таң атарын,
Атасындай мен болуп балапандын.
«Пө» десем, кайдан болсо учуп келет,
Кайкып учуп билбестен адашарын.

Аябай ууру болду балапаным,
Ийне, оймок ташып келсе талашамын.
Айылдагы апалар мага келет,
Күлөбүз, чогуу көрүп тамашасын.

Үйдөн да жылтырактты уурдай качат,
Урушуп, апам байкуш катып салат.
Атам мени саятчы болосуң, деп,
Шумкар таптап жүргөнүн айтып калат.

Чоңойгондо мүнүшкөр боло албадым,
Андан башка куштарды бага албадым.
Мезгил өтсө, эстеп алып кумарланам,
Бала кезди эске салып балапаным.

***21.06.1990-ж.***

# МАШИНА АЙДАП БАРАТЫП

Бишкектен чыктым аттанып,
Машина айдап башкарып.
Жумуштан берген тапшырма.
Толугу менен аткарып.

Нарынды көздөй келатып,
Долондой бийик бел ашып.
Чарчаганым сезилип,
Үйдү көздөй мен шашып.

Ай чыгып асман козголуп,
Алдымды карайм ойлонуп.
Оттукка жетип келгенде,
Алдымдан чыкты, жол тосуп.

Алдыңа келип токтодум,
Агай деп мага оштондуң.
Аябай жакты өзүмө,
Ай чыкканда тосконуң.

Машина айдап баратып,
Унчукпай жал-жал карашып.
Куурчактай болгон келбетиң,
Өзүңө турду жарашып.
Аруу сөздөн баштасам,
Аңгыча кетти таң атып.

***11.06.1990-ж.***

## ЫРЛАРЫМ БОЛЧУ ЖҮРӨКТҮН

Арноосу болчу тилектин,
Ажайып жашоо бирге өтсүн.
Армандуу болуп сыздаган,
Аруусу болчу, дарысы болчу жүрөктүн.

Махабат гүлү гүлдөсүн,
Менден башка үзбөсүн.
Мээримиң чачып сугарчы,
Мөндүрү болуп, жамгыры болуп жүрөктүн.

Барктаймын аны билесиң,
Башынан сени сүйөмүн.
Бейиштин төрү сыяктуу,
Бакчасы болчу, гүлзары болчу жүрөктүн.

Сезимдер кушу түнөсүн,
Сезбестен аны жүрөсүң.
Сенден башка билбеген,
Сырларым болчу, ырларым болчу жүрөктүн.

***05.05.1980-ж.***

## МАХАБАТ КҮЧҮ

Гүлкайырдай гүлүн ачып буралып,
Күлмүңдөйсүң эмне мынча суранып,
Карашканда каректерден от чыгып,
Учкун болуп күйүп кетти тутанып.

Сүрдөгөнсүп, сүйлөй албай кыйналып,
Бир минутум, бир сааттай узарып.

Алдыртадан аппак жүзүң карасам,
Анар болуп туруптурсуң кызарып.

Сезимдерди билип алып кубанып,
Сен да турдуң, сөз айталбай жылмайып.
«Сүйүү» деген сырдуу күчтүн алдында,
Экөөбүз тең, эргип турдук уялып.

Кандар дүргүп, бүткөн бойлор чыңалып,
Сендикмин – деп, эки жүрөк суранып.
Экөөбүздүн тагдырыбыз бир окшойт,
Макул болсоң, келчи турмуш куралык.

Бизге берген бир жашоону жашайлы,
Гүлүн жыттап, даамын бирге таталы.
Экөөбүздү жаш баладай уялткан,
Махабаттын сырдуу күчүн ачалы.

***10.08.1977-ж.***

## ЖҮРӨГҮМӨ ЖАЗЫП КОЙДУМ

Жаз жыттанган жакшына теребелдин.
Жарык болуп чыгардың берекесин.
Ак булуттай акырын жылып келип,
Ак жамгырдай сүйүүңдү себеледиң.

Сүйүү келип жүрөгүңдү ээлегенин,
Сезими жок, ага мен кенебедим.
Мени карап негедир жашты төгүп,
«Ээрибеген ташсың!» – деп, жемеледиң.

Күнөөм жок эмне мени жемелейсиң,
Гүлүм бар, аяп жүргөн, тебелейсиң.
Сыйлаймын, бирок мени кечирип кой,
Ый менен жүрөгүмдү ээлебейсиң.

Жазыма жакшынакай гүлдөр толсун,
Жаңы ачылган алардын бири болгун.
Жаман деп айталбаймын келбетиңди,
Жакшы көрсөң чекемден сүйүп койгун.

Каалары карындашым бакыт консун.
Далайлаган жигиттер ашык болсун.
Арнаган сезимиңди унутпаймын,
Түбөлүккө жүрөгүмө жазып койдум.

## БИР СУЛУУ КЫЗ

Ачылган кызгалдактай болуп-жазда,
Келбетиң келишимдүү тунук, таза.
Ички дүйнөң, сыртыңдан тайызыраак,
Бирдей кылып жаратып койсоң гана?

Сымбатың сыйкырдуу перилердей,
Ай нуру ааламга бүт төгүлгөндөй.
Жылмайып күлүп койсоң мени карап,
Ай чыгып, ак булуттан көрүнгөндөй.

Илебиңдин жылуулугу Күнгө окшош,
Жылмайсаң, жылдыз болуп түндү жоктойт.
Жакындап жанашканда өзүң менен,
Жан-дүйнөмдү ээритип ийди окшойт.

Жарыгың нурлуу болуп окшойт Айга,
Сымбатты бериптир го сага кана.
Жан-дүйнөсү күзгүдөй тазалардан,
Салыштырып көрүнүп өзүңдү кара.

Билсеңчи аруулукту, тазалыкты.
Сулуунун бүт, ошон үчүн жаралыпбы?
Кыздар бар күзгүдөй тунук болгон,
Элестеткен наристе балалыкты.

*15.04.1982-ж.*

## ЖАШТЫГЫМДЫ САГЫНЫП

Бул турмуштун өчөшкөнсүп өктөмүн.
Жылдар өтсө, жаштыгымдын кеткенин.
Канча деген кайчы жолун аралап,
Кайран жашты карабастан өткөмүн.

Жыйырма деген жылдарымдын көктөмүн,
Жылып кетип жамгыр болуп төккөнүн.
Жүрөгүмдөн жылытсам да негедир,
Жаз жыттанган гүлдөй болуп өспөдүң.

Отуз деген оргуп чыккан булагым,
Ошондогу мөлтүр кашка сууларың.
Суусаганда каалагандай берчү элең,
Сени эстеп, азыр чаңкап турамын.

Бүдөмүк түштөй болуп эсте калып,
Жаштыгымдын өзөнүндө суудай агып.

Ошол жылдар эстен кетпейт азыр да,
Жашоомдун башатына чыйыр салып.

Андан бери өтүп кетти канча жылым,
Ал жылдарга басылып каткан сырым.
Белестерди ашырдың, дагы аш дейсиң,
Ырахмат, мага деген ызат-сыйың.

## ЖАҢЫ ЖЫЛЫМ

Кылымдар тогошкондо жаңы-жылым.
Эл-журтума чача берсин ырыскысын,
Чогуу олтурул тилейли жакшы тилек.
Мурунтадан салты го кыргызымдын.

Кана достор, дасторкондо шарактагын,
Калтырбай ичеличи шараптарын.
Каткырып чогуу тосуп өткөрөлү,
Кылымдын алмаштырган барактарын.

Жаңы кылым, жакшылыктын жылы болсун,
Үйлөрүбүз үлпөт болуп, ырга толсун.
Баарыбыз жакшылыкка күбө болуп,
Жаныбызда жарларыбыз карыбасын.

Дайыма аткарылсын тилегибиз,
Ар жылы аман болсун үй-бүлөбүз.
Кана достор! Сыйлашып өтөлүчү,
Дайыма таза болуп жүрөгүбүз.

*31.12.1999-ж.*

# КЫШ КЕЛДИ

Кыштан келди бир кабар,
Тегиз түшүп аппак кар.
Ачуусу келип тургансыйт,
Аяз ата аксакал.

Чилде түшүп кычырап,
Чилтендери шыбырап.
Аяз ата кыйкырган,
Ачуу үнү угулат.

Аккан суулар муз болуп,
Аяз ата суз болуп.
Ачылат кээде кабагы,
Жанында Аяз кыз болуп.

Карасам айнек черткенде,
Саймалуу турат терезе.
Атайын сайып кеткен го.
Аяз кыз бизге белекке.

Жаңы жыл келип ажайып,
Ачуусу бүгүн азайып.
Аяз кызды жетелеп,
Аяз ата жашарып.

Эрчишип экөө келишти.
Элиме белек беришти.
Ат минип алып тоо жакка,
Алкышын айтып кетишти.

*01.01.2000-ж.*

# САГЫНУУ

Жарашып сага жаш чагың,
Маралга окшоп басканың.
Сооруңа түшүп өрүлгөн,
Сопсонун эле чачтарың.

Карагат көзүң, каштарың,
Каркыра эле басканың.
Карап бир күлүп койгондо,
Ачыла түшчү асманым.

Аруу эле сенин жаш чагың,
Ак бантик койгон чачтарың.
Жакындап келсең жаныма,
Калтырак басып, качкамын.

Сүйкүмдүү эле көздөрүң,
Жылмайып мээрим төккөнүң.
Айтпасаң деле угулчу,
Сүйөм! – деп, айткан сөздөрүң.

Издебей жүрүп тапкамын,
Тартынчаак, уяң жаш чагым.
Көп жылдар өтүп эстесем,
Көзүмдөн акты жаштарым.

*19.04.2000-ж.*

# АТА-ЭНЕМДИ САГЫНЫП

Ак сакалын жайкалтып атам кайда?
Аттанып кетпедиби алыс жакка.
Айткан сөзүн эстесем кээде олтуруп,
Анча-мынча киргенсийт акыл мага.

Эстүү бол деп, мага айткан энем кайда?
Эстеп азыр жүргөндүр алыс жайда.
Эмчегимди берейин эмип ал деп,
Эркелетип калчу эле энем барда.

Акылыңды угайын атам келчи,
Эмчегиңди эмейин энем берчи.
Экөөңөрдү салайын алаканга,
Мурдагыдай эркелетип мээрим төкчү.

Арабыздан канчалаган мезгил өттү,
Неберeңер чоңоюп бойго жетти.
Мен жөнүндө кабатыр болбогула,
Дагы эле жүрөмүн акыл-эстүү.

Атанын баласымын, затым тектүү,
Эненин эркесимин, өзүм көрктүү.
Силер жок эркелетип дем бергенге,
Балаңар кырктан ашып карып кетти.

## ЖАР БОЛЧУ СЕНДЕН СУРАРЫМ

Ачылган гүлдөй убагың,
Асылым болчу сурарым.
Жашоодо бирге жашайлы,
Өмүрдүн ичип булагын.

Мен, аска-бел болуп турайын,
Сен, Ай, Күнүм болчу сурарым.
Илебиң, тийип дайыма,
Жакшылык берсин Кудайым.

Жаштыкты сага сунайын,
Жар болчу мага сурарым.
Ата-энең менен сүйлөшүп,
Көк шумкар тартуу кылайын.

Жашоонун ашып кырларын,
Жашайлы көрүп жыргалын.
Бакытым болчу жаралган,
Башымды тартуу кылайын.

*10.05.1981-ж.*

## АЛЫСКА КЕТКЕН АРАБА

Албырып агай десең, мага жетет,
Ай жүзүңдү жүрөгүм аяп кетет.
Жаштыктын чагылганы чарт-чурт этип,
Тынч койбой жүрөгүмдү көзөп өтөт.

Сен дагы бирөөнүн жаркынысың,
Мен дагы үй-бүлөнүн асылымын.

Өтүнөмүн, мени карап арбабачы?
Өтүп кеткен жамгыры жаштыгымдын.

Сени каалап жүрөктүн жарылганын,
Жигит кезди эстетип сагынганын.
Тилегим, турмушуңдан бактылуу бол,
Агайың аяп турат таарынбагын.

Сүзүлүп жибек жиптей созулбачы?
Сүйүү козгоп жүрөгүмдө согулбачы?
Турмуштун ыргагында өтүп кеткен,
Түрмөктөлгөн махабаттын толкундары.

Агай деп, ашык болуп карабачы,
Ай жүзүңдөн аруулукту самабачы?
Ал кезде оттой жанган махабаттын,
Алыска кетип калган арабасы.

## ТОЛГОНУУ

Бул турмуштун ысык-суугун көтөрүп,
Бирде таза, бирде ооруп жөтөлүп.
Чубалаңдуу таңды-кечти өткөрүп,
Азыр жүрөм эмнегедир бөксөрүп...

Бөксөрбөгүн, башты бийик көтөргүн,
Бир жашоону шаңдуу кылып өткөргүн.
Ата Журттан баасын алат бир күнү,
Ак эмгектен далай терди төккөнүң.

Арасында аман жүрүп элдердин,
Арналсынчы дайым аппак эмгегиң.
Ар-намысты дайым кармап туу тутсаң,
Ата-журттун алкышына жеткениң.

Ийгиликтен көтөрүлүп кетпегин,
Таразалап жакшы, жаман өткөнүн.
Жакшы жактан оор болсо салмагы,
Анда өзүң мурасыңа жеткениң.

Эл сыяктуу эки ийининде башың бар,
Такшалгансың бул жашоодо жашыңдан.
Тарбиялап эрчиткиниң жаштарды,
Дайым жүрсүн баскан изиң артыңдан.

*11.10.1984-ж.*

## ЭМНЕ ЭКЕН

Ааламды сурак кылган Теңир экен,
Жашоону булак кылган өмүр экен.
Эки адамды сый кылып жакындаткан,
Мамилени куруп койсоң көңүл экен.

Эр жигитке жөлөк болгон элиң экен,
Бакканга адам үчүн жериң экен.
Жамандыкта кыйналып турганыңда,
Жакшы адам жөлөк болгон белиң экен.

Жаштыгың жан эргиткен кезиң экен,
Жакшыга жан эргиткен сөзүң экен.

Ызат-сыйды дайыма абийир тутуп,
Ырыскысын бир келтирген өзүң экен.

Бул жашооң шам чырактай нерсе экен,
Жалп этсе кайра күйүп келбейт экен.
Бир берген карызын, кайра алса,
Жараткан кайра өзүңө бербейт экен.

Шамалдын катуусун тоолор тосот,
Санаанын ашуусун ойлор тосот.
Жакшынын шарапаты шаңга толуп.
Жадыраган, жакшына тойлор тосот.

## БИЛЕ АЛБАЙМ

Элимде кимдер жаман биле албаймын,
Эрдемсип, эмнеликтен жүрө албаймын.
Эрким жок кээде бетке айта турган,
Эзилип капалыктан, күлө албаймын.

Кары болуп, калыс сөздү айталбаймын,
Каадаланып, калп эле баса албаймын.
Капамын бул жашоонун калысына,
Кайдыгер карап туруп, жата албаймын.

Адамдын жакшыларын сата албаймын,
Армандуу дүйнөнү мен ача албаймын.
Адамдык сапаттардан алыс кеткен,
Акмактарды, канатыма ката албаймын.

# АЛЫМ-САБАК СҮЙҮҮЛӨР

Карап койсом, сен дагы карап койдуң,
Аяп койсом, сен дагы аяп койдуң.
Белден тартып, чачыңдан сылап койсом,
Салааң менен чачымды тарап койдуң.

Күлүп койсом, сен дагы күлүп койдуң,
Сүйүп койсом бетиңден, сүйүп койдуң.
Бойдокмун деп, жашырып айтпай койсом,
Көзү ачыктай баарысын билип койдуң.

Жүрөм десем, сен дагы жүрөм дедиң,
Сүйөм десем, сен дагы сүйөм дедиң.
Бир ай өтсө арадан, бирөө келди,
Кечирип кой бул жигит күйөөм дедиң.

Бар турбайбы сенин күйөөң десем,
Балдарым бар, бирок мен сүйбөйм дедиң.
Башкалардан ырахат алган жагын,
Байкап туруп өзүмдөн үйрөн дедиң.

Албырып чоктой күйүп ысып кетсең,
Айтканыңдан мен муздап, үшүп кеттим.
Абийириңиз аз экен чоң кыз десем,
Акмаксың! – деп, автобуска түшүп кеттиң.

*16.04.1983-ж.*

# ЫРКТЫ БУЗУП КОЗГОЛБО

Кыргыз деген, кыргызымдын деми кана,
Кыйын кезде жүк көтөргөн бели кана.
Оор, жеңилин дайыма ала койгон,
Илгеркидей ынтымактуу эли кана?.

Эстейли ата-баба өткөндөрүн,
Ат көтөргүс сөздөрдү көтөргөнүн.
Угуп алып, ичимден капа болом,
Ары жок кээ бирөөлөр жөтөлгөнүн.

Алмашат мезгилдер кыйнап келген,
Ар бир күнү боло бербейт жыргал деген.
Ата-баба ынтымактын туусун кармап,
Ачарчылык мезгилде жашап келген.

Калыс жүрүп калкына жагып келген,
Каадаланбай эл-журтун багып келген.
Ынтымактуу жүрүшүп кол кармашып,
Ырыскысы дайрадай агып келген.

Замандын жакшылыгын күтүп келген,
Аргасыз ачкалыктан машак терген.
Ошондо да токтоо болуп, топук кылып,
Айлансаң бир ууч болгон кыргыз элден.

Кийимиң бүтүн, курсагың ток болгондо,
Кыйшаландап ызы-чууну сен ойлонбо.
Ырыскы кетип калат жерибизден,
Көл толкусун, бирок элим сен козголбо.

# ЭЛИМДЕ БОЛСО ЫНТЫМАК

Коогалаң болсо кооп болот,
Ынтымак кетип жоголот.
Адамдан калып ажырап,
Көз жаштар агат шорголоп.

Ынтымак кетип жашынып,
Ырыскы калат чачылып.
Калкты басып кайгы-муң,
Каргыштар кетпейт асылып.

Ошто болуп коогалаң,
Ызы-чуу түшүп айланаң.
Кара так басып жүрөгүң,
Кайгырбай кимдер соо калган.

Аз беле ыйың Оштогуң,
Арманды тырмап козгодуң.
Чатакты салып чыгарган,
Чаар топу кийген досторуң.

Колтукта жүрүп эркелеп,
Кордугу эстен кете элек.
Чуу болгон ошко кайгырып,
«Сулайман тоосу» ыйлаган.

Өздөн чыккан жат жаман,
Өзөктөн чыккан дарт жаман.
Аксыда болсо тополоң,
Намыстанып, кетти айлам.

Туу туткан элим тамырлуу,
Турмушта болот жаңылуу.
Кылымдап жашап келаткан,
Кыргыз эл болгон сабырдуу.

Дүбүрттөр басып кетсин деп,
Дүрт эткен отту өчүрбөйт.
Эл бузган наадан атуулду,
Кыргызда тарых кечирбейт.

# АР КАНДАЙ ЫРЛАР

***Күнүм тийип, айым турса нур чачып,***
***Ала-Тоомдун чокуларын кар басып.***
***Абаңды жутуп, сууңду ичип келатам,***
***Ата Журтка өмүр бою мен карыз.***
***Ой толгоомдун кумарлары тарабай,***
***Отурамын сага арнап ыр жазып.***

# АРМАНСЫЗ ӨТКӨН БАРБЫ?

Асмандын түпкүрүнө жеткен барбы?
Армансыз бул дүйнөдөн өткөн барбы?
Бир кетсе, кайра кайрып алалбайсың,
Сени менен кош айтышып кеткен жанды.

Айга сунса, колдору жеткен барбы?
Алаканга салып өскөн барбы?
Айланамды карасам адамдар көп,
Арман кылып бул жашоого төккөн жашты.

Абийирин арсыз кылып төккөн барбы?
Андан көрөк ар-намыстуу өткөн жакшы.
Ынтымактуу жашайлы бул дүйнөдө,
Алла-Таалам адамга берген жашты.

Ал дүйнөнү барып келип көргөн барбы?
Ар адамдын артында өткөн калды.
Көргө кирсең жарыкты көрө албайсың,
Түбөлүк үйүң кылып көмгөн жайды.

Байлыктын түпкүрүнө жеткен барбы?
Шум ажал алып кеткен далай ханды.
Көзүң өтсө көргө баарын кошо койбойт,
Мүлк жыйнайм деп жебесең азап-кайгы.

# МЫНА БАКЫТ

Ата-энең аман болсо толкуп ташып,
Адептүү асыл сөзүн дайым айтып.
Улуулук касиетин сыйлап жүрсөң,
Уул-кызга бул жашоодо ушул бакыт.

Ар дайым айткан сөзүн ичине катып,
Ата-энеңдин баскан изин сен да басып.
Асыл уул, кыздары деп даңкың чыкса,
Адамга арнап келген кандай бакыт.

Ден-соолугуң, чың болуп нурун чачып,
Элиң менен аралашып күндө басып.
Үй-бүлөңдө үзүлбөгөн күлкү болуп,
Үмүт берген бул жашоо кандай бакыт.

Кыялдын далай кырын күндө ашып,
Кызыктуу ырларыңды дайым жазып.
«Ыр дүйнөдөн» ырыскы алып турсаң,
Ыр жазган акындарга мына бакыт.

# ИШ ДЕП ЖҮРҮП

Мага окшош кумурскадай көп элдердин,
Арасында иш деп жүрүп көп тердедим.
Мезгил өтүп эми салдым таразага,
Көп эмес, аз экен мен бергеним.

Турмуштун арабасын тартып келдим,
Азабын кээде көрүп партбилеттин.

Чындыкты айтып коюп чоңдорума,
Чыркырап канча жолу таяк жедим.

Милицияда майор болуп канча иштедим,
Мыйзамды айтып койсом, Эй! Ит! – дедиң.
Ит эмесмин, кызматым тартип сактоо,
Күнөөңдүн канча экенин сен билбейсиң!

Күн-түн жүргөн көчөдөгү ит эмесмин,
Кылтактадым көбөйсө ууру-кескиң.
Элим үчүн тынчтыкты сактап келсем,
Эдиреңдеп эси жок киши экенсиң!

Темтеңдеп, орусча «теке» дейсиң,
Кан дүргүтүп ачууга жетелейсиң.
Суу кечпеген сөздөрдү уккум келбейт,
Кулагымдын кырынан кете берсин.

Адам болсоң сөзүңдү угат элем,
Акыбалың жакшылап сурайт элем.
Адамдардын беш колу тең эмес ко?
Акмак болсом пенсияга чыгат белем.

Иш деп жүрүп кур кетиптир көп жылдарым,
Катылып жүрөгүмдө көп сырларым.
Камалып, капастан чыга албай,
Кантейин, касиеттүү көп ырларым.

## КЫРГЫЗЫМДЫН САЛТЫ БАР

Кызыгып дайым билип ал,
Көңүлгө унутпай түйүп ал.
Конок келсе «төргө өт» – деп,
Кыргыздын улуу сыйы бар.

Аксакал келсе атын ал,
Салам айткан наркы бар.
«Нан ооз тий» – деп, сыйлаган,
Кыргыздын улуу салты бар.

Кыргыздын улуу сөзү бар,
«Энесин көрүп, кызын ал»,
Эшигин көрүп төрүнө өтүп,
Куда-сөөк болуп күтүп ал.

Конок келсе ашыкпа,
Ак батасын алышта.
Казан асып, кой союп,
Жамбаш, башты тартышта.

Көп эле болбойт алышта,
Кайгырбай кайра бериште.
«Салынуу кашык» деген бар,
Кыргызча карым-катышта.

# КЫРГЫЗЧА ЫРДЫ СУРАБАЙМ

Дымагым бар, көлдөй толкуп ташыган,
Далай ырды, далдоо жерге жашырган.
Жылдар өтсө жылып чыгып негедир,
Жанды койбой фонтан болуп атылган.

Эрким бар, кыйын кезде чыдаган,
Болот кылып, тоолор мени чыңаган.
Ырларымды сайма кылып жазсын деп,
Касиеттүү «Саймалуу ташым» сынаган.

Акылым бар, мээме толук куюлган,
Алтын болуп жан-дүйнөмө уюган.
Көп ырларым, көпчүлүккө чыга элек,
Гүлдестедей, көкүрөктөн сунулган.

Сырларым бар, сырлуу болуп көрүнгөн,
Санаалар бар, санга кетип бөлүнгөн.
Кыялдарым чагылгандай учканда.
Ырларым бар, жамгыр болуп төгүлгөн.

Оюм күлүк, учкан куштай алыска,
Дилим таза, булак болуп агылса.
Жан-дүйнөмө толуп турса сурабайм,
Жазып бер деп, жакшы ырларды карызга.

## ТООЛОРУМ ЫРАХАТЫМ

Араласам тоолорумдун арасын,
Чер токоюм, черлеримди жазасың.
Атыр жытың, аңкып турса дайыма,
Карачы ай! Абасынын тазасын.

Жан-дүйнөмдү ээлеп дайым аласың,
Жашыл арчаң, жакшынакай балатың.
Бир күн болуп сырдашканда өзүңө,
Бир жашка мен, жашаргансып каламын.

Жылда күтөм жакшынакай жаз айын,
Мактап дайым ырларыма жазамын.
Арыбастан чарчабаган себебим,
Өзүңдөн мен күч-кубатты аламын.

Тоолорум жашыл кийсең караймын,
Салкын желиң саамайымдан тарады.
Былтыр мага, дем-күч берип узатсаң,
Ошондой эле, оорубастан ал жайым.

## ЖАЗ КЕЛДИ

Айдарым согуп жел келип,
Ай-күнүм бүгүн теңелип.
Айлардан келди март айы,
Айылга эми дем берип.

Аязды кууп кетирип,
Ак карлар турат эзилип.

Ансайын турат күн жылып,
Апрель айы сезилип.

Ак жамгыр төксө нөшөрлөп,
Жаз келет бизге эртелеп.
Майрамда чыккан сулуудай,
Май айын келсе жетелеп.

Гүлдөрүн көрсөм жайнаган,
Өзүңө жипсиз байланам.
Түркүн кушуң сайраса,
Күч-кубат берет таң калам.

Жаз жыттанып күнү-түн,
Жаштыгымдын гүлүсүң.
Арнаймын сага ырларды,
Май айы менин – сүйүүмсүң.

## БАКЧА, ДАРАК, ГҮЛ БОЛСУН

Бир бак турат көзгө сүйкүм ажайып,
Бутактары, тамырлары таралып.
Бир кезекте чырпык эле жетилди,
Азыр менмин, өтүп кеткен балалык.

Бир гүл турат, бутактанып гүлдөгөн,
Жылдан-жылга саргайгансып бүрдөгөн.
Ал гүл болот менин сүйгөн жубайым,
Азыр деле жыттагандан сүрдөнөм.

Ажайыптуу бакча турат жайнаган,
Демди берип, атыр жыттуу айланам.

Бул бакчалар менин сүйгөн балдарым,
Көрктү берип, көпөлөктү кармаган.

Бакча болсун, дарак болсун, гүл болсун.
Таалай менен бакыт кушу бир консун
Наристенин үнү дайым угулган,
Ак тилектүү кут кетпеген үй болсун.

## ЫРЛАРЫМ БАРККА ЖЕТЕБИ

Ырларым баркка жетеби,
Ырыскы чачып өтөбү.
Көмүскө жерге басылып,
Же, көрүнбөй калып кетеби.

Ырларым нурун төгөбү,
Ырыскы мага береби.
Баркыма жетип көтөрүп,
Ызат-сый алып келеби?

Ырларым мени сынайбы,
Илхамым күндө чыңалды.
Ыйлатып сырын жашырбай,
Ызааттап мени чыгабы.

Ырларым менин кубатым,
Сырлары күндө чубалсын.
Жан-дүйнөмдөн эргиген,
Жаратам кайнаар булагын.

Ырларым менин көңүлүм,
Нөшөрдөй жаап төгүлгүн.
Эрмеги болуп адамдын,
Эл көзүнө көрүнгүн.

## САГЫНУУ

Асман ачык, күн ачык,
Айлана сонун гүл ачып.
Күлкүгө толуп айлана,
Гүлзарда жүрдүк бир басып.

Убакыт өтүп, сыр айтып,
Оюбуз кетти кыр ашып.
Күңүрт болуп айлана,
Аңгыча кетти күн батып.

Ай чыгып калкып кыдырат,
Асманда жылдыз жыбырап.
Ай күбө болсун бизге деп,
Акырын айттың шыбырап.

Кубанып айткан сөзүңдөн,
Кучакта тарттым белиңден.
Сүйүшүп таңды аттырган,
Ошол түн кетпейт эсимден.

Ай чыгып, канча күн батты,
Түн кирип, канча таң атты.
Ортодон бир топ жыл өтсө,
Ошондой сени саматты.

# КЫНАЛЫП КЫРГЫЗ ТООЛОРУ

Кыналып кыргыз тоолору,
Кучакташып бири-бирин сагынып.
Жаз келгенде жашыл кийип жашарып,
Түркүн үндөр тоо койнунан жаңырып.
Башындагы ак калпактар агарып,
Күн тийгенде күзгү болуп чагылып.

Жаз келсе кыргыз тоолору,
Суйкайган сулуулардай ачылып.
Жаз айынын касиети билинип,
Түркүн гүлдөн түрлүү мончок тагынып.
Күн жылмайып эркелетип тийишсе,
Көркү чыгат нечен сырлар катылып.

Ансайын кыргыз тоолору,
Бөксөлөрүн, талааларын сагынып.
Эмчек берген энелердей ийисе,
Сансыз булак салааланып агылып.
Өзөндөрү суугa батпай күркүрөп,
Ээ-жаа бербей арстан болуп чамынып.

Тирүү жанга жашоо берген тоолорум,
Күнү-түнү мүрөк суусун агызып.
Кыргызыңды дайым сыйлап колдогун,
Калпак кийип, жашыл чапан жамынып.
Жер жүзүнөн жылда келсин адамдар,
Өзүңөрдү бир көрүү үчүн сагынып.

# АР КИМ СҮЙӨТ КЕСИБИН

Жаңы аттап жашоо-турмуш эшигин.
Армияда офицер болом дечүмүн.
Офицер болдум милицияга иштедим,
Ар ким сүйөт тандап алган кесибин.

Кайда болсо коомдук тартип сактадым,
Канча деген кылмышкерди кармадым.
Форма берип, бийлик берип сыйлаган,
Эл-журтумун ишеничин актадым.

Сыймыктуу да, опурталдуу кызматтын,
Бата алып, далай көрдүм урматын.
Ак жүрүп, тартип бузбай иштесең,
Абийир кетип, ар-намыстан сынбайсың.

Чынчыл болуп, калыс жүрсөң ишиңде,
Кемчиликтер болбой койбойт кичине.
Эл-журт көрүп, көп жерлерди кыдырып,
Ыраазы болом ойлоп алып ичимде.

Мен иштедим уктабастан күнү-түн,
Аткарылып максат кылган үмүтүм.
Эл-журт үчүн ак эмгегим арнагам,
Азыр болсо көрүп жатам үзүрүн.

Бул жашоодо өсүп-өнүп, көгөрдүм,
Сурабаймын ден-соолуктан бөлөгүн.
Теңир берген ырыскысын калтырбай,
Күн-түн жазып, жакшы ырларды төгөйүн.

# ОЙ! ТОБО!

Кыдырып шаарда басышат,
Иш десе, ыйлап качышат.
Кымча бел кыргыз кыздары,
Кыдырып дене сатышат.
Окуган жери «Моссовет»,
Ойлосом ичим ачышат.

Ой! Тобо!
Жаш кезден кетип эстери,
Жок экен бүгүн-эртеңи.
Ак жолтой шаарды булгабай,
Айылды көздөй кетпейби?
Ардактап тийсе күйөөгө,
Аныкы деле жетпейби.

Ой! Тобо!
Ит жашоону билишкен,
Алжактап ичип тийишкен.
Жаш туруп кайыр сураган,
Түңүлөм кыргыз жигиттен.
Жарты мээ, намыс булгашкан,
Жаралган арам сийдиктен.

Ой! Тобо!
Аңдып ичпей жарманы,
Айылды көздөй барбайбы.
Арак болсо сүйгөнү,
Абийир, намыс-ар барбы.
Алты саны аман го,
Аларды көрүп таң калдым.

Ой! Тобо!
Акчалуу менен акчасыз,
Арбашып келет жанашып.
Акчасыз – жалкоо аракеч,
Адамдан калган адашып.
Акчалуу – ишмер, иштеген,
Ак эмгек ага жарашып.

Ой! Тобо!
Кыргызымдын урматы,
Уулдары менен кыздары.
Адептүү болуп өсүшсө,
Асылы болот турбайбы,
Ак эмгекке жанашса,
Андан көрөт жыргалды.

Окугун айттым бүт барын,
Жакшыдан таалим көп алгын.
Жаманды жакшы ээрчитип,
Кеч эмес жолго тез салгын.
Ойлонсун деп жаштарга,
Ой! Тобо! Деп ыр жаздым.
Ой! Тобо!

## СОГУШ ЭЛЕСИ

«Батыш» десе жүрөк сыздап зыркырап,
«Фашист» десе, балдар ыйлап чыркырап.
«Кара булут» каптап өтүп жер шарын,
Канча адамдар кала берди буркурап.

Узагандар аттанышып жеринен,
Ак батасын алып кыргыз элинен.

Жан аябай душман менен кармашып,
Келбей калды далай жигит-керилген.

Өмүр бою саргайышып сагынып,
Билинбестен жылдар өттү агылып.
Далай жеңе көз жаштарын бериштi,
Келеби деп, жарын күтүп камынып.

«Жеңиш күнү» унутулгус жаз айы,
Жылдан-жылга ветерандар азайды.
Быйыл болсо карылардын жылында,
Азайбасын аталардын катары.

## КАНДАЙ БАЛАСЫҢ?

Башы жок кандай баласың,
Баркты кимден аласың.
Барктабай кээ бир адамды,
Басып, кайрып канатын.

Эси жок кандай баласың?
Каргышка эми каласың.
От коюп ыркын кетирип,
Эки адамдын арасын.

Көпкөндөн эмне табасың,
Көбөйтүп анын санаасын.
Көп кишинин көзүнчө,
Көбүртүп, чукуп жарасын.

Чалкалап опсуз басасың,
Чамаң келсе сатасың.
Сөлтүк кылып сыйлабай,
Сөз менен кээде чабасың.

Сыйлап жүр адам баласын,
Сыйды андан табасың.
Акмак болбой ойлонсоң,
Ар-намысты аласың.

## ЭЛИМ ҮЧҮН ЗАМАНА

Жыл сайын, жылып агып замана,
Аккан суудай сиңип кетип талаага.
Мурункудай шаңга толбой негедир,
Кызыгы жок өтүп келет адамга.

Карап көрсөң, калыс болбой замана,
Адамдарды бөлүп жакшы, жаманга.
Жамандары атты минип алчактап,
Жакшылары калып келет азапка.

Жакшы адамдар, жарды болуп эл менен,
Жамандары, байып арам тер менен.
Каягына кошуларды билбестен?
Орто жолдо, ойго батып термелем.

Бул замана канча жылдан куралган,
Үлүшү жок, үрпөңдөп эл сураган.
Заман курган, көпчүлүгү эл менен,
Итке минсе ичим күйүп уялам.

Каалары мен, калыс болчу – замана,
Бирдей чачып ырыскыңды адамга.
Жолго салып, ынтымакты үйрөтчү,
Ыйманы жок, кээ бир ата-балага.

Адамдардын байлыгына караба?
Алдыга бирдей жылсын араба.
Эл-журтумдун эртеңкисин ойлочу,
Эстүү болуп, элим үчүн – замана.

## БАРКЫҢА ЖЕТЕ АЛАМБЫ?

Элимдин баркына мен жете аламбы?
Кээ бирөөдөй өйдөлөп өсө аламбы?
Алдымда бутту чалган тоскоолдук көп,
Алдастабай ар-намыстуу өтө аламбы?

Кыргызымдын сыйына жете аламбы?
Кылчактабай түз басып кете аламбы?
Кыйынмын! – деп, оозду ачып жүргүчөктү,
Айырмалап билейин ак, караны.

Элим менен бир болуп жүрө аламбы?
Кээ бирөөдөй калпты айтып күлө аламбы?
Жалпаңдап акмактарга кор болгончо.
Жакшылап сыйлайын бир адамды.

Аттай болуп алчактап баса аламбы?
Арабасын абийирдүү тарта аламбы?
Жаман болуп абийирим төгүлгөнчө,
Жакшы көрөм эл сыяктуу жашаганды.

Кыргыз элим, желбиреп желек болчу.
Кыйналганда, кыйшайтпай жөлөп койчу.
Силер көргөн жашоону мен да көрүп,
Ырыскыда чогуу эле бөлөп койчу.

## ФРУНЗЕ-БИШКЕГИМ

Баш каалам Фрунзе – Бишкегим,
Көчө аралап күнү-түнү жүргөмүн.
Бала кезде окутуп, чоңойттуң,
Ырахмат! Аткарылды тилегиң.

Сүйүктүү Фрунзе – Бишкегим,
Азыр болсо мен кызматта иштеймин.
Өзүңдөн бир топ алыс болсом да,
Баргым келип, өзүң жакты тиктеймин.

Жакшынакай жашыл шаарым Бишкегим,
Жылдан-жылга жашаргының, гүлдөгүн.
Дагы далай уул-кыздарды өстүргүн,
Каалаганым, ушул менен тилегим.

Асманың ачык болсун Бишкегим.
Алаамат, согушту сен билбегин.
Гранит, мрамордон курулган,
Эч качан бузулбасын үйлөрүң.

Бульвардан гүл жыттанган Бишкегим,
Сүйүүлөрдү өзүң арнап түптөгүн.
Эч качан бузулбасын тилегим,
Эки жашка арнап келген күндөрүң.

## ЖАДЫРАП КАНТИП ЖҮРӨ АЛАМ

Карапайым эл-журтум.
Кайтарган момун кой болсо,
Карышкырдай болгон шылуунга,
Каражаты той болсо.

Кантип ичим жылысын,
Кайран элим кор болсо.

Жамандары эл бийлеп,
Жакшы адам тепселсе.
Жалпы журтум тапканды,
Жалмаңдап кээси жеп келсе.
Жакшы! – деп, кантип айталам,
Жашоолор жарга кептелсе.

Тарбия, ыйман жаштардан,
Талаага кетип чачылса.
Таалим берген карылар,
Турмуштан ташка басылса.
Жылмайып кантип жүрө алам,
Жүрөгүм сыздап жашыса.

Тамашалап турмушум,
Табалап мени кыйнаса.
Жалпаңдап кер турмуштан,
Жаманды, жакшы сыйласа.
Жадырап кантип жүрө алам,
Жан-дүйнөм ага ыйласа.

## МЫШЫК-ЧЫЧКАН ОЙНОТТУ

Мышык кармап чыркыратып чычканды,
Каалагандай калчап жаман кыйнады.
Жашоо үчүн жан талашып ыйласа,
Жардам берип, анын сөзүн укпады.

Заман-мышык, адам окшойт чычканы,
Залим болуп, кайгы-муңун укпады.
Жашоо үчүн жан талашып адамдар,
Жаны тынбай күнү-түнү чуркады.

Заман тандап жакшы көргөн адамын,
Кызмат берип камдап коёт тамагын,
Ал адамдар сүймөнчүккө ээ болуп,
Көпчүлүктүн берип келет сазайын.

Алла-Таала буйрук берип ал жактан,
Барыбызды бирдей кылып жараткан.
Заман кызык бирдей көрбөй баарысын.
Бирөө жыргайт, бирөө чыкпайт азаптан.

Бул жашоодо көпчүлүктөр кор болду,
Бак бергенди, бакылдатып тойлотту.
Калыс болбой каалагандай шылдыңдап,
Бизди жашоо, «мышык-чычкан» ойнотту.

## АТА ЖУРТУМ

Ата Журтум, ар-намыска жараймын,
Туу тутуп ардактаган балаңмын,
Сууңду ичип, коюнуңда чоңойдум,
Сыйлабасам эмне үчүн жаралдым.

Ата Журтум, алыс кеткен кабарың,
Атыңды мен тумар кылып тагайын.
Актабасам мага берген жашооңду,
Түбөлүккө карыз болуп каламын.

Ата Журтум, аздектеймин, барктаймын,
Абийир тутуп эмгегиңди актаймын.
Аба жутуп, жашап келем өзүңдө,
Алкышымды ачык айтам, катпаймын.

Ата Журтум, Ай, Күнүмө тең көрөм,
Жаралгандан, жашап келем сен менен.
Өзүң барсың дайым мага бел болгон,
Сени менен башка жерде шерденем.

Ата-Журтум, мага берген жанымсың,
Тамырымда агып турган канымсың.
Бүт денемден кеткис болуп ширелип,
Өзүң менен, өмүр-жашоом агылсын.

## ЭМНЕ ЭКЕН

Ааламды сурак кылган теңир экен,
Жашоону булак кылган өмүр экен.
Эки адамды сый кылып жакындаткан,
Мамиле куруп койсоң, көңүл экен.

Эр жигитке жөлөк болгон элиң экен,
Бакканга адам үчүн жериң экен.
Жамандыкта кыйналып турганыңда,
Жакшы адам, жөлөк болгон белиң экен.

Жаштыгың жан эргиткен кезиң экен,
Жакшыга жан эргиткен сөзүң экен.
Ызат-сыйды дайыма абийир тутуп,
Ырыскысын бир келтирген өзүң экен.

Бул жашооң, шам чырактай нерсе экен,
Жалп өчсө, кайра күйүп келбейт экен.
Бир берген жашооңду кайра алса,
Жараткан, кайра өзүңө бербейт экен.

Шамалдын катуусун тоолор тосот,
Санаанын ашуусун ойлор тосот.
Андан көрөк жамандык болбосунчу,
Жакшылыктын бардыгын тойлор тосот.

## НАКЫЛ КЕППИ?

Жамандар өтөт жат болуп,
Жакшылар жыргайт бак конуп.
Жылгадан суулар куйбаса,
Чайпалган көл да бат соолуйт.

Ушакчы укмуш сак болот,
Уурулар кээде ак болот.
Өзүм деп жүктү көтөрүп,
Өгүздөр деле ат болот.

Балырлуу жерден саз болот,
Башы жокко сөз коройт.
Көсөм адам жолукса,
Көзү жокко көз болот.

Караанга кээде ит болот,
Кызыккан адам дит коёт.
Катының начар чыкканда,
Кайгы үйүңө жык толот.

Кар түшкөн жериң суук болот,
Чөп жокто малга жут болот.
Бар – деп жүргөн адамга,
Баары бир келип «кут» конот.

Сыркоого дары табылат,
Сүйгөндү адам сагынат.
Сынашып жүргөн дос болсо,
Сыйдан калат ажырап.

Чыр адам чырга кабылат,
Ачуулу адам бакырат.
Аягы суюк аялдын,
Абийири кетет чачырап.

Кабаанак итиң качырат,
Карөзгөй көңүл калтырат.
Тамаша айтса жан бирген,
Таарынган кабак ачылат.

## ЖАН-ДҮЙНӨМ БАРАТАБЫ?

Жаш болсом жарашабы?
Жаштыктан адашамбы?
Жүрөгүм жаш болсо да
Жүз кетип баратабы?

Гүлгүн кез баратабы?
Гүл үзсөм жарашабы?
Күндөрүм өтүп кетсе,
Күүлөнсөм жарашабы?

Ошол кез таң атабы?
Ойлонтуп саматабы.
Оюн жок ошол кезден,
Ойлонсом жаратабы?

Жалынсам жарашабы?
Жаз гүлү карашабы?
Жаштыктан төккөн жамгыр,
Жаай албай баратабы.

Сулуу кыз саматабы?
Суйкайып карашабы?
Сүрдөткөн мени дайым,
Сүйүүлөр жарашабы?

Жаштыктын тамашасы,
Жашоонун аласасы.
Жадыраган гүлдөй болуп,
Жан дүйнөм баратабы?

## ЖИГИТ КЕЗИМ

Жашымдын канча экенин санабаймын,
Жакшы өттүбү? Жаман өттү карабаймын.
Жадыраган жигит кез өтүп кетсе,
Жалгандан, ал күндөрдү таба албаймын.

Канча деген Айым чыгып, Күнүм батты,
Кудурет, куттуу кылсын ушул жашты.
Оорубай ден-соолукта жүргөнүндө,
Жашоодо, тирүүлүктө ушул бакты.

Издебейм, ал күндөрүм кайда кетти,
Дайрадай толкуп туруп, агып кетти.
Көркөмдүү далай гүлүн аралаган,
Көктөмдө, ал мезгилим калып кетти.

## ОЙЛОНТКОН МЕНИ ЭМНЕ СЫР?

Көөдөндү тээп, басылган,
Көмүскө жерге катылган.
Ичимде укмуш сырлар бар,
Эч кимге айтпай жашынган.

Толкутуп кээде көл кылган,
Көктөмдүү жашыл төр кылган.
Айталбай сырын калганда,
Айбыгып мен жөн тургам.

Оргуштап суудай атылган,
Ойлорду кууп качырган.
Кой десем болбой жулкунуп,
Кол жеткис жерге шашылган.

Желпилдеп келип жел болот.
Желпинип кетем ойлонуп.
Жемелеп мени кыйнаса,
Жер таппай кетем кор болуп.

Ар кимге мындай бербептир,
Асылсаң дагы келбестир.
Айтсаңчы мага замандаш,
Ойлонткон мени эмне сыр?

# МЕЗГИЛДЕРДИН АГЫМЫНА АГЫЛЫП

Мезгилдердин агымына агылып,
Кимдер өтпөйт турмушунан жаңылып.
Басып өткөн жылдар түшсө эсиңе,
Кандай адам эстебесин сагынып.

Мен турам, мезгил өтсө сагынып,
Махабатым сырдуу күчкө багынып.
Канча жолу жаралаган жүрөктү,
Жигит кезде жебелери сайылып.

Жүрөгүмдө каным дүргүп агылса,
Жан-дүйнөм жаштыгымдан айрылса.
Эмне кылам эстебеске арга жок,
Жүрөк чиркин ошол кезди сагынса.

Ал мезгилдин ырахаты дем берип,
Бул жашоого кайрылбастан бир келип.
Келгин куштай учуп кеткен мезгилим,
Азыр турат көз алдымдан иргелип.

Мезгилдердин агымына агылып,
Көр турмуштун көйгөйүн басылып.
Ошол кездер булутка кирген Күнгө окшоп,
Нурун төкпөй кетип калды жашынып.

# ТУУ ТУТУП ЖҮРӨМҮН ЖАРАТКАНДЫ

Ак эмгектен, абийирди мен тургузгам,
Күнү-түнү чарчабай бул турмуштан.
Жөлөй турган өзүмдү бир киши жок,
Сыйлап жүргөн арасында эл-журтумдан.

Адамдарды көрөмүн ойноп-күлгөн,
Туугандарды артынан жөлөп жүргөн.
Жөлөй турган бир тууганым өтүп кетип,
Эстегенде, эмгичекти ыйлап жүрөм.

Адаммын! Оор-жеңилди көтөрөмүн,
Бакты берсе кээ бирөөгө көкөлөсүн.
Макул болуп барына койгон сайын,
Турмуш эмне, төмөнгө жетелейсиң!

Канча деген кайгыга чыдап келем,
Адам го, деп акыбалды сурайт белең?
Тагдыр сен, тамашаңды чындап айтсаң.
Тайгаланбай бутума турат элем.

Тагдыр жазган таалайымдан, такыр качпайм,
Жаман сөздү шек келтирип сага айтпайм.
Азап тартып, көр дүйнөдө бай болгончо,
Андан көрөк эл-журтумдай жакыры жашайм.

Капа болбойм турмуштун салганына,
Андан көрөк ден-соолук бер балдарыма.
Эр жетип тилегине жетишкенде,
Убай көрүп жашайын карыганымда.

Бул турмуш өйдө-ылдыйга жаралганбы?
Кээ бирөөнө энчилеп санааларды.
Мен бөлсө бардыгына топук кылып,
Жашап келем, туу тутуп Жаратканды.

## БИЛЕ АЛБАЙМ

Элимде кимдер жаман биле албаймын?
Эрдемсип, эмнеликтен жүрө албаймын.
Эрким жок кээде бетке айта турган,
Эзилип капалыктан, күлө албаймын.

Кары болуп, калыс сөздү айталбаймын?
Каадаланып, калп эле баса албаймын.
Капамын бул жашоонун калысына,
Кайдыгер карап туруп, жата албаймын.

Адамдын жакшыларын сата албаймын,
Армандуу дүйнөнү мен ача албаймын.
Адамдык сапаттардан алыс кеткен,
Акмактарды канатыма ката албаймын.

## БЕТМЕ-БЕТ

Жаш кезимден сүйгөн гезит «Бетме-бет»,
Менин жазган ырларымдан жете элек.
Сага деген каткан сырым чыга албай,
Акын майор, айласы жок тепселет.

Ырды жазган илхамдарым кете элек,
Ырыскыңды чачсаң боло «Бетме-бет».

Эмгичекти сенин сырдуу беттериң,
Магниттей кайда жүрсөм жетелейт.

Баарыбызга баш-кез болгон «Бетме-бет»,
Барактарың жакшы, жаман көтөрөт.
Ыраазымын сени окуп жүргөнгө,
Бактылуусуң, баркың бизден кете элек.

Талант ашып, таамай жазгын «Бетме-бет»,
Сага деген эмгегибиз өтө элек.
Чындык ачуу, бирок дайым адилет,
Сенин тууңду сезимдерим көтөрөт.

Милицияны колдоп келген «Бетме-бет»,
Сени дайым жүргүм келет бөпөлөп.
Бизге дайым дем-күч берип келесиң,
Канат күүлөп, бийик учкун көкөлөп.

## АТАМДЫН КАМЧЫСЫ

Жадыраган жаз айында жарык көргөм,
Татынакай тоо койнунда өсүп келгем.
Эс тартып атты минип калган кезде,
Атам мага «адам бол!» – деп, камчы берген.

Камчы сапты тобулгудан сомдоп берген,
Бүлдүргүсүн кайыштан коопдоп өргөн.
Ал камчыны колума кармап көрүп,
Кыздардын төрт көкүлүн элестеткем.

Ал камчыны ар дайым катып келем,
Кээ бирде колго кармап атты минем.

Уулум дагы мага окшоп жигит болсо,
Чоң атаңдын белеги деп, ага берем.

Чоң атаңдын ашырып асыл оюн,
Эл башкарып, өсүп-өнүп сынга толгун.
Чоң атаңдай, мен дагы бата берем,
Колуңа камчы алып жигит болгун.

Бул камчы, сени колдоп жарак болсун,
Өмүрүң узун болуп, бакыт консун.
Чоң атаңдын жашына жетип уулум,
Үйүңө ырыс-кешик дайым толсун.

## ЖАРЫК БОЛБОЙТ КҮНҮМДҮН ЖАРЫГЫНДАЙ

Жарык болбойт, күнүмдүн жарыгындай,
Тарых болбойт, кыргызымдын тарыхындай.
Ар бир жанга жашаган жери жакшы,
Көркөмдүү туулуп, өскөн айылымдай.

Өмүр болбойт, деңиздин тереңиндей,
Көңүл болбойт, ааламдын кенениндей.
Тирүүлүктүн андан ашкан тартуусу жок,
Жараткандын жашоо берген белегиндей.

Санаа болбойт, адамдын санаасындай,
Жара болбойт, жүрөктүн жарасындай.
Теңелбейт го жаралган тирүү жандар,
Теңиримдин жараткан адамындай.

Акыл болбойт, адамдын акылындай,
Күлүк болбойт, ойлордун закымындай.
Ажал келсе алганы аласасын,
Кетебиз го ал жакка чакырылбай.

Сүйүү болбойт, адамдын сүйүүсүндөй,
Күйүт болбойт, адамдын күйүтүндөй.
Ал дүйнөдөн көр оокат жасайт бекен?
Азаптуу бул жашоонун тирүүсүндөй.

## АТАДАН ТУУЛАТ ҮЧ БАЛА

Атадан туулат үч бала,
Атадан бирөө кем бала.
Атага бирөө тең бала.
Атадан артык жаралып,
Ар дайым бирөө бел бала.

«Кем бала» терең ойлонбойт,
Ата-эне сөзүн колдонбойт.
Абийир туткан дайыма,
Ар-намыс үчүн толгонбойт.

«Тең» бала» ашпайт атадан,
Тарбия берген ападан.
Көпчүлүк көчүн аркалап,
Ээрчиме болуп жашаган.

«Артык бала» турмуштан,
Ар-намысты туу туткан.
Ата Журт үчүн дайыма,
Ак эмгек жасап тургузган.

Атадан болот ар түрлүү:
Акылы ашык катылуу,
Адамдык сапат жагынан,
Арадан кээси жакыры.
Бардыгы өзү жараткан,
Балдардан көрөт акыры.

## АЗАПТУУ АСКЕРДЕГИ КҮНДӨРҮМ

Гиндикуш тоолорун аралап,
Кандагар, Кабулга жол барат.
Милдетти аткар! – деп буюрса,
Айласыз аскерлер аткарат.

Афган согушу башталып,
Аскердин тизмеси такталып.
Канча деген боордоштор барышты,
Кан күйгөн жерлерде какталып.

Москвадан буйруктар берилип,
Коогалаң экени сезилип.
Тревога! – деп түндөсү көтөрүп,
Куралчан турду го тизилип.

Ал кезде офицермин Анжиянда,
Учкучтар полкуна барганда.
Транспорттун башчысы болгонмун,
Батальондон башкарып калганда.

Термезге эки ирет жиберип,
Афганга барарды билбедик.

Эки жолу жөнөтпөй калтырды,
Эсимен кетпейт го түбөлүк.

Термездин ысыгы куйкалап,
Күтөбүз буйрукту суткалап.
Эркинди ал жерден узаттым,
Самолётко саларда кучактап.

Билгенмин Кандагарга барарын,
Андан кийин кат-кабар албадым.
Согуштан аман-эсен келсе деп,
Кайра келип Анжиянга калгамын.

Цинктелген табытты ташыдым,
Айталбай оюмдун ачыгын.
Энелердин ыйларын көргөндө,
Эчкирип канча ирээт жашыдым.

Мекенден кетишкен бөлүнүп,
Башка элде кандары төгүлүп.
Кайрандар кайтышпай калганда,
Кайгыргам, жан-дүйнөм сөгүлүп.

***10.07.1984-ж.***

## АЖАЙЫПТУУ АРСТАНБАП

Табийгатты бериптир Арстанбапка,
Жаңгак токой, жакшынакай жашыл арча.
Дары чөбү, канчалаган мөмөлөрү,
Кызыл, сары, көк болгон жапайы алча.

Кыргызым келгиле Арстанбапка,
Жаралыптыр адам деген асыл затка.
Дем-күч берет, оңдогун ден-соолукту,
Жок дегенде чыгасың, токсон жашка.

Дүңгүрөгөн токою мөмө-жемиш,
Элестейсиң «жунглини» аны көрүп.
Кел дегенсип жүзүмдөн жели сылап,
Кабыл алды мен үчүн мээрим төгүп.

Атыр жыттуу аңкыган таза абасы,
Ажайыптуу бейиш төрдөн жаралганбы?
Өмүрүңө, булагы өмүр кошуп,
Демди берип, жашартат адам затты.

Шар агып, көбүктөнгөн шаркыратма,
Тээ алыстан көрөсүң жаркыраса.
Ооруп келип жуунсаң кубат берет,
Ден-соолугуң начарлап алсырасаң.

Арстанбап касиеттүү жерден экен,
Сагынасың дагы эле көргөн менен.
Ата-Баба байыртадан барктап келген,
Мээримиңди аяба кыргыз элден.

## ӨМҮР СААТЫ

Чык-чык этип өмүрдү санайсың,
Чыйрыктырып түркүн ойго саласың.
Чырак болуп жанып өчпөстөн.
Чыдап келем чырмоогуна санаанын.

Жылдар өтсө, жылып мен да шашамын,
Өмүр чиркин күндө барат азайып.
Сен эсептеп санагыңа жеткенде,
Мен шашпастан кара жерге жатамын.

Жаштык кезде күндөр өтөт дечү элем,
Ошондо да калыс санап берчү элең.
Өмүрүмдүн канттай таттуу мезгилин,
Капарланбай, каалагандай жечү элем.

Азыр өмүр, агын суудай агасың,
Жашоо нуктан, чыгып кайда барасың.
Өмүр сааты өчөшкөнсүп мага эле,
Өжөрлөнүп мынча неге санайсың.

Мейли өзүң каалагандай санагын,
Өтүнүчүм, токтоп анан калбагын.
Өмүрүмдүн басып өткөн издерин,
Аз да болсо, биртке жазып алайын.

## БАРДЫГЫН БИЛИП ТУРАТ ЖАРАТКАНЫМ

Жалп өчсөң, жарыкты сен көрө албайсың,
Жаштыктын өмүр гүлүн тере албайсың.
Жел айдап көчүп кеткен ак булуттай,
Жашооңдун жамгырларың төгө албайсың.

Жакшыны, жамандарды бөлө албайсың,
Жакынды, алыс кылып көрө албайсың.
Аттанып алыс жолго жүрүп кетсең,
Кайрылып, кайра өзүңдөй келе албайсың.

Табам деп, таба албайсың бир айласын,
Билем деп, биле албайсың сен кайдасың.
Бардыгын жазылгандай аткарасың,
Баш ийип буйругуна-Жаратканды н.

Качам деп, андан кайра кача албайсың,
Жазам деп, жакшы ырларды жаза албайсың.
Бардыгын билип турат Жаратканым,
Айтам деп, ашык сөздү айта албаймын.

## БААРЫ БОЛСО

Эс аласың, жыттаганга гүлүң болсо,
Жашарасың, жан жыргаткан сүйүүң болсо.
Бул жашоодо көңүлүң көтөрүлөт,
Ийгилигиң эртеңкиден, бүгүн болсо.

Көп жашайсың, өмүрүң узун болсо,
Туягың бар өзүңдөн уулуң болсо.
Куда күтүп, учугуң узарганы,
Энесиндей акыл-эстүү кызың болсо.

Тыйының жок, чөнтөгүң жыртык болсо,
Тынчтыгың жок, заманаң кыйшык болсо.
Айласыздан ысык-суугун көтөрөсүң,
Жашаганга жан деген кызык болсо.

Бечаранын зарларын угуп койсо,
Элибиздин эртеңин билип койсо.
Жашоо оңолот, чондору калыс болуп,
Эл-журт үчүн туу болуп туруп койсо.

# ЫРКТЫ БУЗУП КОЗГОЛБО

Кыргыз деген, кыргызымдын деми кана?
Кыйын кезде жүк көтөргөн бели кана?
Оор, жеңилди дайыма ала койгон,
Илгеркидей ынтымактуу эли кана?

Эстейли ата-баба өткөндөрүн,
Ат көтөргүс сөздөрдү көтөргөнүн.
Угуп алып, ичимден капа болом,
Ары жок кээ бирөөлөр жөтөлгөнүн.

Алмашат мезгилдер кыйнап келген,
Ар бир күнү боло бербейт жыргал деген.
Ата-Баба ынтымактын туусун кармап,
Ачарчылык мезгилде жашап келген.

Калыс жүрүп калкына жагып келген,
Каадаланбай эл-журтун багып келген.
Ынтымактуу жүрүшүп кол кармашып,
Ырыскысы дайрадай агып келген.

Замананын жакшылыгын күтүп келген,
Аргасыз ачкалыктан машак терген.
Ошондо да токтоо болуп, топук кылып,
Айлансаң, бир ууч болгон кыргыз элден.

Кийимиң бүтүн, курсагың ток болгондо,
Кыйшаландап ызы-чууну сен ойлобо.
Ырыскы кетип калат жергебизден,
Көл толкусун, бирок элим сен козголбо.

## СҮТАК

Сүтак, Сүтак, деп сайрайт бул куш эмне?
Сүйүү ырынан, ый чыккан турмуш беле.
Таң атканча армандуу сыздап чыгат.
Түгөйүнөн ажыраган кургур десе.

Канча түнү уктабай тыңшап жаттым,
Сүйгөнүңдөн кусалуу ыйлап жаттың.
Сыбызгыдай сыздатып байкуш кушум,
«Сүтак» деген муңуңду сыздап тарттың.

Суранам өзүңдү кыйнабачы,
Сүтак келээр бир күнү ыйлабачы.
Бала кезде муңумду эске салып,
Жүрөгүмдө жараны тырмабачы.

Таарынычтуу тагдырга түнүң өтпөй,
Таң атканда чарчадың, үнүң жетпей.
Бул жашоодон ушинтип өтөсүңбү?
«Сүтак» деген сулууңа, сүйүүң төкпөй.

Бардыгын чече турган өзүң дечи,
Суранам үмүт отун өчүрбөчү.
Түнкүсүн уктабастан таң атырсаң,
Ушинтип батып кетет өмүр кечи.

## ТАРТЫЛГАНДАЙ БИР ЭЛЕС

Саамай сылап карагандан уялдың,
Сары ооз, балапан кез курагым.
Нары басып катып кеттиң ичиңе,
Наристелик сезимдердин сырларын.

Суусаганда бир тамчыңды сунбадың,
Көкмөк мөлтүр, студенттик курагым.
Канчалардын суусундугун кандырдың,
Кайнап турган, оргуштаган булагым.

Алгыр куштай алыс көздөй учкансың,
Желдей сызып, жыйырма деген курагым.
Жалынсам да мага кайра келбедиң,
Жаштыгымдын ашып кетип кырларын.

Оздук бербей ала качып кыйнадың,
Ошондогу отуз деген курагым,
Тоскоолдукту тоготпостон өтчү элең,
Топтой болуп, тоголонуп турбадың.

Кыргызмын деп, кыйын болуп турамын,
Кызык болуп, кырктан ашкан курагым.
«Илхам» менен куда, дос болуп,
Тартуусуна «кыздай» ырды сунамын.

Булут басып чокулары көрүнбөс,
Элүү деген алдыңда бар бир белес.
Аны ашсам, кандай экен айтамын,
Азыр болсо, тартылгандай бир элес.

## НАРЫНЫМ

Шар агып шарпылдаган Нарыным,
Канча жылдап өзгөрүлдү агымың.
Ал эле эмес, коюнунда ойногон.
Түрлүү болуп, өзгөрүлдү балыгың.

Аска-зоону аралаган Нарыным,
Алыс кетсем, куса болуп сагындым.
Канча жанга өмүр берип гүлдөтүп.
Ташкын болуп, тамырыңда агылдың.

Өркөчтөнгөн өзөндөгү Нарыным,
Жаш кезимден жартысысың жанымдын.
ГЭСти курса, керегине сен жарап,
Элиң үчүн көбөйтө бер жарыгың.

Ээлигесиң ээ-жаа бербей Нарыным,
Эпкиниңе канча жерлер багынды.
Ээн жаткан эрме чөлдөр көгөрүп,
Элиң үчүн көбөйсүнчү салымың.

Айлап, жылдап агып турган Нарыным,
Аман болсун аралаган айылың.
Кылымдардын Ала-Тоосун аралап,
Кыргызымдын маңдайына жазылдың.

## СТУДЕНТТИК КЕЗ

«Студенттик кез» жаштык кездин жайлоосу,
Жаз да келди, бирок сен кайдасың,
Ошол кездин ирмемдери тартылып,
Таппай турам, жан-дүйнөмдүн айласын.

Ал кезди мен өткөргөмүн армансыз,
Ойноп-күлүп, бир кайгы жок санаасыз.
Андан бери агып өттү далай жыл,
Өзүбүздөй болуп калды балабыз.

Ошол жылдар жаз гүлүндөй жайнайсың,
Азыр келсең, жалдырасаң албаймын.
Андан көрөк «букет» болуп чогулчу.
Тартуу кылып балдарыма арнайын.

«Студент кез», далай күлүп ойнодум,
Ошол кезге, бирок мен тойбодум.
Азыр болсо балдарым өзүмдөй,
Алар алсын, мен болсо койгомун.

## КОЛДОСУН ПОГОНДОРУҢ

Ыйгарым укук берди,
Сакта деп, тууган элди.
Бастырбай коргоп жүр деп,
Душманга ыйык жерди.

Эл үчүн кызмат берди,
Төккүн деп маңдай терди.
Корго деп, коопсуздугун,
Намыстуу сени, мени.

Ардактуу погон берди,
Ар-намыс ушул белги.
Тынчтыкты сактасын деп,
Кымбаттуу кыргыз элди.

Эр жигит эл коргогон,
Намыссыз тең болбогон.
Өлкөндө тынчтык болсо,
Эртеңки сени ойлогон.

## ЭНЕКЕМ

Телмирип тиктейт мени терезе,
Тургансып карап мени энекем.
Мээримиң төгүп турсаң уулум деп,
Үйүмө келе берет береке.

Азыр жок арабызда энекем,
Майрамыңда эмне берем белекке.
Курандан башка нерсе албайсың,
Арнаймын жараса экен керекке.

Сагындым сөздөрүңдү энекем,
Чалкысам «саябандуу» көлөкөм.
Кайгырсам кабыргалар кайышып,
Арбагың менен дайым жөлөсөң.

Бейишиң болсун менин энекем,
Каалоомду арнабаймын бөлөккө.
Майрамыңда окуйм сизге угуңуз,
Тартуу кылып ырларымды белекке.

## КЫРГЫЗЫМДЫН КАНАТЫ

Байыртадан өзгөчө башка элден,
Кыргызыма ат минсин деп канат берген.
Чубатып тулпарларды сынчы тандап,
Суутуп, таптап келген саяпкерлер.

Бүт дүйнөгө атагы тарап келген,
Кыргызыма намыска жарап келген.

Аккула, Тай буурулдай буудандарын,
Кызыксаң, чекесинен санап берем.

Бапестеп аргымагын барктап келген.
Аккуладай «буудандан» тандап берген.
Канча кылым кагылышып жоону жеңип,
Манастай кыргызыма кайрат берген.

Канчалаган өтүп кетти кайран эрлер,
Тулпарлардан төгүлүп кара терлер.
Ошол кезде жаралып калганымда,
Баатырларды даңазалап жазат элем.

Буудандардан тандап туруп мага берсең,
Минип алып кайда десең барат элем.
«Жылкы» жылда кыйкырып бүт ааламга,
Кыргызмын! – деп, кыдырып чабат элем.

## ШУМДУК СОГУШ

Согуш! Кайдан чыккан балакет!
Канча аталар кайтпай калды жара жеп.
Беш жылдап фашист менен кармашып,
Акталды окшойт эл жасаган аракет.
Эми согуш болбосунчу жеримде,
Ошол жылдар, ошо менен алакет.

Канча деген кан төгүлдү майданда,
Жыйырма миллион адам кайтпай калганга.
Адам неге таш боорбуз ушунча?
Ыйла боордош! Бул майрамда таң калба!

Ырыскысын чачып коюп талаага,
Канча эл-журт, эмгичекти арманда.

Тарыхта кетпес кара так болду,
Эскерели, мындай таштап аш-тойду.
Мындан кийин, мындай шумдук болбосун!
Каалайлычы келечекке ак жолду.
Азыр тынчтык, айланабыз гүлдөгөн,
Ата-журтка күлкү шаттык, бак конду.

Тилебейли шумдуктуу кан жылдарды,
Каректерден канчалаган ыйларды.
Ата-энелер көтөргөн ошол жылдын,
Эмгичекти эстен кетпейт муң кайгы.
Андан көрөк ынтымак, ырыс болсун,
Кел замандаш! – ыр болсун, кел жыргайлы.

## МЭЭРИМДҮҮ ЭНЕ

Жаз жыттанып, мээримдүү жер эне,
Карлар кетип, касиети эмнеде?
Наристедей эркелетип койнунда,
Адам үчүн ырыскысын бергенде.

Жашыл кийип жарашыктуу Жер эне.
Элиң үчүн чача бергин береке.
Түшүмүң мол, түрлүү кийим кийинип,
Баарыбызды чакыра көр эмгекке.

Төрт мезгилиң төп келсин Жер эне,
Күнүң тийип, Айың турсун жөлөккө.

«Жылкы» жылын тоолоруңа бапестеп,
Кыргызыма жарай көргүн керекке.

Коюнуңда тынчтык болсун Жер Эне,
Эч качан кайгы болбой элиңде.
Мээримиңди бизден такыр аяба,
Арнап жаздым ушул ырды белекке.

## БАЛАЛЫК КЕЗ КЕРЕМЕТ

Наристемин ооздон сүтү кете элек,
Адамдарга мындай мезгил бир келет.
Кайгы-капа, эчтекени билбеген,
Кандай сонун балалык кез, керемет.

Ойноп-күлүп жүргөн кезим секелек,
Өткүн сымал, өтүп кеттиң себелеп.
Ойлоп алып, азыр сени сагынам,
Ошол кездер кандай сонун керемет.

Анда жашым он сегизге жетелек,
Бул жашоонун оор-жеңилин көрө элек.
Андан бери канча мезгил алмашты,
Ошол жылдын жамгырлары төгө элек.

Жамгыр төктү, өткүн болбой себелеп,
Балдарым бар менден башка өбө элек.
Жаз гүлүндөй жайнап алар ачылсын,
Балалык кез кандай сонун керемет.

## ЧАБАЛЕКЕЙ

Үй куруп улуу устасың,
Үйүңдү эч ким бузбасын.
Көнүп калдык бир жашап,
Мен үчүн улуу куштансың.

Күз келсе кайда учасың,
Күкүк сымал куштансың.
Жазга чейин сагынтат,
Жакшынакай турпатың.

Жакшыбы сенин ал жайың,
Жаз келсе тосуп алайын.
Жаңылыктан сайрап бер,
Ал жактын айтып кабарын.

Сайрасаң тилиң баладай,
Кумарым сенден тарабай.
Үйүбүз бирге болгон соң,
Сүйүүмдү сенден аябайм.

Кайкып учуп буралып,
Кадырлаш болуп туралык.
Куштардан сендей сулууга,
Кыргызымдын үйү ачык.

## ЖЫЛДЫЗЫМ

Кыздары сулуу кыргыздын,
Кыргызымдын бир кызы.
Кымча бел, өңү ак жүздүү,
Ай! Жылдызым, Жылдызым.

Кызыктуу өтсүн турмушуң,
Кыргызымдын нур кызы.
Күлүп койсоң, Күнгө окшош.
Ай! Жылдызым, Жылдызым.

Жигиттер арнап сүйүүсүн,
Жаз гүлүнүн бирисиң.
Жыпар жытың аңкыган,
Ай! Жылдызым, Жылдызым.

Жыргалым, Айым, Күнүмсүң,
Жылдызга окшоп күлүшүң.
Жарк этип койчу бир жолу,
Ай! Жылдызым, Жылдызым.

## АЖАЛ МЕНЕН МАЕК

Ажал келсе араандай оозун ачып,
Ажыдаардай оп тартып, жалын чачып,
Адаммын – деп, турайын тике карап,
Кетпесең жан талашып андан качып.

Желмогуздай жез тырмак салып кирсе,
Жерге басып жүрөгүмдү жарып кирсе.
Аяйт беле ырларымды окуп алып,
Акын – деген, аруулук атым билсе.

Кайда десең, качпастан өзүм барам,
Тагдыр жазса кутулбайт экен адам.
Бүткөнчөктү сабыр кылып турбай койдуң.
Жазылбаган ырларымды, гана аяйм.

Жазып келген ырларым себеп болсо,
Жалдырабайм мен сага керек болсо.
Жаалданбай алсаң ал берем сага,
Жан алганга, жазган ыр себеп болсо.

Жаратkандын буйруктарын сыйлаймын,
Жашоо менен кош айтыш! – деп, кыйнадың,
Жашын төгүп, балдарымдай чыркырап,
Жалоорушат, жаным бирге ырларым.

## КЭЭДЕ МЕН...

Кээде мен, гүлдөй болуп ачыламын,
Кээде мен, тамчы болуп чачыламын.
Кээде мен, тынчы кеткен көлгө окшоп,
Чайпалып ары-бери шарпылдаймын.

Кээде мен, жамгыр болуп төгүлөмүн,
Кээде мен, жалгыз болуп көрүнөмүн.
Кээде мен, эскирген бөзгө окшоп,
Ыдырап, каршы-терши сөгүлөмүн.

Кээде мен, булут болуп бүркөлөмүн,
Кээде мен, дудук болуп сүйлөбөймүн,
Кээде мен, куурап калган талга окшоп,
Бүчүр байлап, негедир бүрдөбөймүн.

Кээде мен, жарык болбой караңгымын,
Кээде мен, карыптардын катарымын,
Кээде мен, кылым бою жеталбаган,
Жашоонун барса келбес аралымын.

Кээде мен, канаттуу куштай сызам,
Кээде мен, кайырчыдай жашты сурайм.
Кээде мен, аттанышкан ал дүйнөгө,
Ага-тууган, ата-энемди карап турам.

Кээде мен, жадырап күлүп-жыргайм,
Кээде мен, капаланып, ыйлап-сыздайм.
Кээде мен, Кудайымдан кабар күтүп,
Бул дүйнөдөн өтөрүмдү билип турам.

## САХНА

Артист чыгып бирде ыйлап, күлүшү,
Чагылдырып турат экен турмушту.
Тартуу кылып жашоонун сырларын,
Сахна – жан-дүйнөнүн күзгүсү.

Күлкү болсо, мен да күлүп жыргадым,
Кайгы болсо, мен да сыздап-ыйладым.
Сыйкырчыдай касиетиң азгырып,
Жан дүйнөмдү жипсиз тушап байладың.

Бир кишиге кайгы энчилеп салганын,
Көрүп алып ашып кетти арманым.
Бул жашоонун дайрасында агылып,
Тайкы экен тагдырынын жазганын.

Бир кишиге күлкү энчилеп бергенин,
Мен да жыргап ыргагында термелдим.
Маанайында бир санаанын изи жок,
Бактылуу экен бул жашоого келгениң.

Сахна кандай көрктүү сымбатың,
Жүрөгүмдүн чертип турдуң кылдарын.
Көкүрөктө көптөн бери камалган,
Көлкүп туруп, чыгып кетти ырларым.

## АК КОЙЛОРДУН АЗАБЫ

Тогузду окуп калганда,
Сакманчы болуп барганда.
Күнү-түнү козу эмизип,
Ак койго чөпту салганда.

Койлор жээрип карабай,
Козуну багам баладай.
Райымбек деген баш чабан,
Ыйлатып сөгөт аябай.

Мастыгы анын тарабай,
Койлорун кээде карабай.
Чыр чыгарат сөгүнүп,
Атаны кокуй арак ай!.

Сары жарма ичип күнүгө,
Жатамын сарай ичинде.
Маараган козу койлорум,
Кирип чыгат түшүмө.

Сасыгы жаман жадатат,
Козу, кой тынбай маарашат.
Күн-түнү чогуу болгонго,
Кой болуп кетип баратам.

Батыраак күндөр өтсө экен,
Тезирээк көктөм келсе экен.
Өткөрүп алып баарысын,
Райымбек тоого кетсе экен.

Райымбек мени урушсаң,
Билгенде муну мурунтан.
Өлсөм да келбейт болчумун,
Ак коюң менен куруп кал.

Кырк сом акы алганым,
Экинчи жолу барбаймын.
Райымбек сени сөгөрмүн,
Чоңойсом сени шашпагын.

Тирүү жанга өмүр берген – суу,
Суунун башаты – булак.

## БУЛАГЫМ

Шылдыраган «жылаажындай"– булагым,
Шыңгырыңды күнү-түнү угамын.
Шылдырттасаң мен да күлүп-каткырып,
Чогуу өттү го балалык кез курагым.

Сагынгандай сага келдим – булагым,
Сен сагынсаң тосуп алар убагың.
Өзүң менен жүзүм сүртүп өбүшүп,
Учурашып кумар жазып турамын.

Бала кезден балчыгы жок булагым,
Наристедей таза болчу сурарым.

Сен жайлоонун сулуусусуң ажайып,
Сүйө берип тарабайт ко кумарым.

Көрүштүкпү көкмөк мөлтүр-булагым,
Ташта сайрайт татынакай уларың.
Бул жашоонун татынакай үндөрүн,
Түшүмдө да, өңүмдө да угамын.

Бардыгынан татынакай-булагым,
Канчадасың жашыңды мен сурайын.
Айланада сан жетпеген булактар,
Болсо керек сенин жакын тууганың.

Күмүш сымал жалтырган-булагым,
Күчтү берсең күргүштөйт ко сууларың.
Көлдө сүзүп көркүн ачкан ак куулар,
Анык эмес, сенин менчик кууларың.

Мүрөк сымал мөлтүлдөгөн-булагым,
Ден-соолук бер, өмүр берчи сураарым.
Мен кайышып чаңкап турган мезгилде,
Сууларыңдан тамчылатаар убагың.

## РИКША

Эске түшөт бир адам,
Араба сүйрөп чуркаган.
Көр турмуштун айынан,
Көчөдө жатып уктаган.
Карып кылып адамды,
Калыс эмес ит заман.

Мекени Кытай, Индия,
Мээнет тарткан «Рикша».
Араба тартып ат болуп,
Адам деле кызык да.
Көрүп алып таң калам,
Болот экен турмушта.

Башкача болуп баш калаа,
Баркы жок эмне адамга.
Араба тарткан көбөйдү,
Аттай толуп базарда.
«Рикшалар» баштайт ко,
Айласыз акча табарда.

Болсун мейли «Рикша»,
Аттардай тартып араба.
Баскан жериң булгабай,
Таза болсо айлана.
Көп кесипти ойлоп таап,
Көбөйтөт биздин кыргызда.

## ЖАШТЫК БУЛЬВАРЫ

«Жаш Гвардия» бульвары,
Ажайып сонун бул дагы.
Илгери күлкү-шаң болуп,
Тартуулап бизге жыргалды.
«Махабат» паркы аталып,
Укчу элек сонун ырларды.

Өзгөрүп азыр булганып,
Күлкү жок күндө сурданып.

Кейитет кээде адамдар,
Кезек күтүп турганы.
«Малай базар» болду го,
Жалданып тамды курганы.

Баш ийип ага турбагын,
Башкача менин бульварым.
Жаш кезек өткөн өзүңдөн,
Жашарчы кайра сурарым.
Бир кездей берчи ырахат,
Көбөйтүп өмүр булагын.

Ажайып менин бульварым,
Арнадым жүрөк сырларын.
Өмүрлүк жарды тартуулап,
Өзүңдөн турмуш курганмын.
Кабыл ал сага сунайын,
«Гүл десте» болсун ырларым.

## ТАЖАБАЙ КАЙРА КУРАМ

Кымбат деп кыл аркандай эшип сунсам,
Кээ бир адам кескилеп үзүп турган.
Мамиленин жыртыгын бүтөбөстөн,
Маашырланып чоңойтуп бузуп турган.

Кулабайт деп чеп кылып бекем курсам,
Ызат-сыйды ылайсыз бышык кыштан.
Кээ бир адам талкалап жексен кылып,
Көралбастан өт коюп өрттөп турган.

Кол жеткис мунарадай бекем турган,
Достуктун түптөөсүнө бетон куйгам.
Кээ бир адам көралбай курганымды,
Чекесинен ыдыратып үзүп-жулган.

Баарысын тажабастан кайра курам,
«Айкөлдүк», «Ак ниет» деген түрлүү сырдан.
Фундаментке бастырып чыккыз кылам,
Көралбасты, ичи тар, ушакчыдан.

Түбөлүк бузулбастан бекем кылган,
Адамдарды айрыбасын ызат-сыйдан.
Эл бузаарлар тыянак чыгарышаар,
Эси болсо мен жазган ушул ырдан.

## МЕНИН ЖОЛУМ

Кылчайып баскан изди карасам,
Түз эле келаткансып баратам.
Алдымда нечен түркүн жолдор бар,
Ойлоп алып кээде андан адашам.

Карап алып кайсы жолду тандасам,
Баары бирдей санак жетпейт санасам.
Мен тандаган таш жол болуп негедир
Таман ысып, ташыркагансып баратам.

Бирде түшүп, бирде чыктым кырына,
Бирде күйүп, бирде тондум суугуна.
Кээ бирөөлөр кекиртекти буугансып,
Карбаластап аба жетпей думугам.

Кубат берсе түпкүрүнө жетемин,
Канча болсо тоскоолдуктан өтөмүн.
Терим агып, буттар баспай тушалып,
Кээде мен чарчагансып кетемин.

Менин жолум мынча эмне узардың,
Кезек келсе мен да чыгып утаармын.
Жиликкенсип жүрөк токтоп калбаса,
Тапка келип алыс көздөй чуркаармын.

## ОЙЛОП АЛЫП АЯП КЕТЕМ

Капалансам кайгымды кайрып койчу,
Жүрөгүмдө армандар ташып толду.
Эл-журтумдун укканда муң-кайгысын,
Айталбаймын аларга ачык ойду.

Өзөк жеген турмуштун жылгаларын.
Көрүп келдим көз жаш төгүп ыйлаганын.
Аларды карап туруп колду шилтеп,
Басып кетип барктуу болуп жыргабаймын.

Жакшы адамдын жарты болуп бөлүнгөнүн,
Көрүп алып эски бөздөй сөгүлөмүн.
Булганган көлчүктөгү сууга окшоп,
Буулугуп өзүмдөн-өзүм төгүлөмүн.

Жамандардын акылсынып сүйлөгөнүн,
Атты минип алчактап гүлдөгөнүн.
Көрүп алып өзүмчө күйүп кетем,
Жакшылардын үстүнөн бийлегенин.

Калыстык бул замандан алыс кеткен,
Аз экен адамдардан ага жеткен.
Акылдуу асылдарды көрүп алып,
Армандуу ойго батып аяп кетем.

## ӨМҮР ЧЫРАГЫ

Өмүрдүн тийип турса шам чырагы,
Ата-баба жашына мен чыгамбы?
Кырктан ашып ден-соолук кыйнап коёт,
Теңирим теңеп койбой кем кылабы?

Кээ бирөөдөй кээде мен ойноп-күлсөм,
Ооруп калып айласыз чыкпай жүрөм.
Өзүңө тобо кылып сыйлайм дайым,
Теңирим пендеңмин го колдоп жүрсөң.

Караңгылык чүмкөсө шоола тиет,
Ата-баба арбагы колдоп жүрөт.
Ал шоола мен сыйлаган улуу күчтөр,
Ар дайым ак адамды талдап билет.

Тирүү жандын баарысы бүт таралган,
Улуу күчтөн жарыкка мен жаралгам.
Жаша деп жашоо берсе кыбыратып,
Кайнап келем «турмуш» деген чоң казандан.

Жеңили-бар көп адамга өтө алыс,
Оору – бар мага окшогон көтөрө алгыс.
Чыда деп темирдей кайрат берген,
Теңирим бардыгына өзү калыс.

Өмүрдүн тийип турса шам чырагы,
Жамандардай жашоомдон мен сынамбы?
Кайратым бар тоодо өскөн «кыргыз» деген,
Калтырам закымымда көп жылдарды.

## АК ИЙИЛЕТ БИРОК СЫНБАЙТ

Абийир тутуп жүргөн адамдар бар,
Ар-намыска ак болуп жаралгандар.
Көралбастан көө жаап өздүгүнө,
Кайдан чыккан жамандык санагандар!

Элим үчүн ак иштеп эмгектенген,
Эзилип жүрөк менен термелгендер.
Алардын артынан ушак айтып,
Кайдан чыккан бети жок керсейгендер!

Элимдин келечегин ойлогондор,
Жеримдин куту болуп орногондор.
Калп кыйкырык салып коюп каадаланып,
Кайдан чыккан караөзгөй корсойгондор!

Эл-Журтунун алкышына татыгандар,
Адам болуп ак жүргөн асылдардан.
Сокур тыйын жасаган эмгеги жок,
Кайдан чыккан кара бет жашынгандар!

Адамзатка абийири дайым кымбат,
Атуул деген эл-журтун дайым сыйлайт.
Бекеринен кыргыз эл айткан эмес,
Ак ийилет болоттой, бирок сынбайт.

# КЫРГЫЗ ТИЛИМ – ЭНЕ ТИЛИМ

Эне тилин билбеген,
Элин сүйүп жарытпайт.

**Байдылда.**

Кыргыз тилим – эне тилим, сүйгөнүм,
Ошон үчүн «кыргыз» болуп жүрөмүн.
Жаратканга миң мертебе ырахмат,
Кыргызым – деп, дайым согот жүрөгүм.
Тилин саткан кээ бирөөгө таңгалам,
Жан-дүйнөсү – кулу болуп бирөөнүн.

Кыргызым, кылымдарды карытып,
Алты миң жыл жашап келет билемин.
Тилин, дилин, каада-салтын жоготпой,
«Кыргыз» бойдон калса экен – деп тилеймин.
Канча улут бар, кумга сиңген суугa окшоп,
Өз тили жок, тилин туурап бирөөнүн.

Алар деле арман кылып жүрүшөт,
Наалат айтып өткөн ата-тегине.
Тилин билбей, дилин билбей жоготуп,
Ээ боло албай өскөн турак-жерине.
Ошон үчүн «кыргыз тили» – улуу тил,
«Манасы» бар, туу болуп кыргыз элине!

Кыргыз болуп жаралганмын дүйнөгө,
Кыргызмын! – деп, өтүп кетем дүйнөдөн.
Жаным кыргыз, каным кыргыз болгон соң,
Ала-Тоомду ардактаймын гүлдөгөн.
Эне тилим – эч нерсеге алмашпайм,
Эсиңе алып, билип жүргүн, билбеген!

## ЖАШОО КЕМЕСИ

Жашоо кеме, мен анын калагы.
Кайда болсо чогуу экөөбүз баралы.
Тагдырлардын түрмөктөлгөн толкунун,
Тайып калбай бирге экөөбүз жаралы.

Мен бурулсам, сен кетпедиң бурулуп,
Көз жаштардын жамгырлары куюлуп.
Бул замандын чагылган чартылдап,
Добул согуп алып кетти куюну.

Аргабыз жок экөөбүз тең качканга,
Канат да жок учуп кетпей асманга.
Бул замандын агымдары алпарып,
Уруп салды түпкүрдөгү аскага.

Жокчулуктун деңизине чөгөбүз,
Тагдырыбыз башка түшсө көрөрбүз.
Чабак билбей чапкылайбыз экөөбүз,
Чарчабайлы буга дагы көнөрбүз.

Мээрим төгүп күнүм бизге тиерсиң,
Кайра экөөбүз капасы жок жүрөрбүз.
Канией кылып бекем болсо ынтымак,
Жакшылыктын көлдөрүндө сүзөрбүз.

## ТОЛКУНДАТКАН ТОРГОЮМ

Тоо үчүн арнап болжолу,
Толкундап атын койгонбу?
Топ чымчыктын акыны,
Тоолорду ырдайт торгою.

Таң сүргөндө көкөлөп,
Мукам үнүн безелейт.
Көктөмдүн жыты буркурап,
Көргөнгө бизди жетелейт.

Агарып таң да сөгүлүп,
Күн чыгып нуру төгүлүп.
Акын торгой жар салат,
Асманда сайрап көрүнүп.

Жаз айы жанга жагымдуу,
Беттерде арча, кайыңы.
Безенип торгой сайраса,
Тарабай эңсөө, сагынуу.

Ыр созсо тоонун торгою,
Тартуулап түркүн ойлорду.
Музыка үнү угулуп,
Жан-дүйнөм бүгүн козголду.

Жашасын кыргыз тоолору,
«Тоо» жылында колдойлу.
Жаш баладай чулдурап,
Жашай бер тоонун торгою.

## АСЫЛ ЖЕРИМ-БЕЙИШИМ

Тоолорум, адырларым, аскаларым,
Арчасы, дары чөбү, башкалары...
Жаш кезден жан-дүйнөмө демди берген,
Түркүн куштун түрлөнүп сайраганы.

К а й ы р м а:

*Ак мөңгүлүү, тоолорум,*
*Ак бешикте ойнодум.*
*Бала кезден билгеним,*
*Бакыт кушу конгонун.*

Көктөмдүн шибер чөбүн, түркүн гүлүн,
Көргөндө көз уялтып ашат сүйүүм.
Ажайыптуу бейиштин өзү ушул,
Айтарымды билбеймин кайсы бирин.

К а й ы р м а:

*Түркүн гүлдүү көктөмүм,*
*Жыпар жытын төккөнүн.*
*Даба болуп ооруга,*
*Дары чөптүн өскөнүн.*

Шылдырттап шыбыраган булактарың,
Салааланып агып турган көп сууларың.
Чытырман мөмө-жемиш токойлоруң,
Канбайт ко карай берип көз кумарым.

К а й ы р м а:

*Мөлтүр суулу булагым,*
*Мөмө-жемиш сугаргын.*
*Даамын татсак, дем берип,*
*Ден-соолукту чыңагын.*

# ИНИМЕ АЙТКАН АКЫЛ СӨЗ

Жөлөгөнүң болот эл-журтуң,
Эртеңкиң менен бүгүнкүң.
Жалгыз таруу дан болбойт,
Эсиңе тутуп жүргүнүң.

Абийирдүү дайым болгунуң,
Ачыгы ошол жолуңдун.
Максат кылып биринчи,
Ар-намысты койгунуң.

Ата-тегиңди карачы,
Ар-намыс үчүн жарачу.
Алардын улап учугун,
Атанын болгун баласы.

Жакшы жакка толгонгун,
Жаш эмессиң ойлонгун.
Арбагы дайым жөлөсүн,
Жаратып бизди койгондун.

Ата-энең өтсө дүйнөдөн,
Атасың азыр бүрдөгөн.
Үй-бүлөңдү сыйлап жүр,
Уулдарың турат гүлдөгөн.

Аксакал келсе атын ал,
Кыргыздын улуу наркы бар.
Айтканда акыл сөздөрүн,
Ар-дайым мээңе катып ал.

Алик ал колду сунгандан,
Чай бергин, чайды куйгандан
Катуу айтып көңүл оорутпа,
Жаманы болбойт туугандан.

Кыргызды дайым сүйгүнүң,
Тумар кылып түйгүнүң.
Жакшы менен жаманды,
Айырмалап билгиниң.

Элден ашып кетпегин,
Оокатың тыңдап эптегин.
Балдарың менен тың жаша,
Бактылуу болуп эртеңиң.

Ашепке чачып төкпөгүн,
Зыкым болуп кетпегин.
Адамдан көрө элекмин,
Асманга колу жеткенин.

Алдыңа максат койгунуң,
Кечиримдүү болгунуң.
Кек сактабай ичинде.
Өтөөсүнө чыгып оюңдун.

Ачууга, ачуу кошпогун,
Кызуу кандуу болбогун.
Обу жок адам оолугат,
Отуздан ашып токтолдуң.

Түз жүрүп дайым алдаба,
Сый көрөсүң караганда.

Түркүк болгон адам жок,
Түбөлүк жашап жалганда.

Жаманы болбойт адамда,
Ага өзүң тараза.
Жакшылык менен жаманда,
Ызат-сыйды тең карма.

Бар болсо иним көппөгүн,
Жок болсо дайым чөкпөгүн.
Ачарчылык мезгилде иним,
Ат-энең деле өткөнүн.

Ичкилик ичпей тың болгун,
Ден-соолугуң чың болсун.
Досторуң менен доолашпай,
Араңарда сый болсун.

Атадан калган накыл кеп,
Адамга берген асыл кеп.
Эсиңден такыр чыгарба,
Агаң айткан акыл кеп.

## ЖАШООМ – ӨЗӨН САЙДАГЫ

Жашоом – өзөн, суулар аккан сайдагы,
Улам чөгүп, бийик болуп жарлары.
Кайың, талдар мен өстүргөн балдарым,
Табийгаттын бакыт кушун кармадым.

Аккан суулар, өтүп жаткан өмүрүм,
Бирде толкуп жээкке урунуп төгүлүп.

Көр турмушуң-тоодой таштар тосушкан,
Кээде кыйнап, иргеп турат көбүгүн.

Мен кайгырсам, көркүм кетип күз болот,
Мен оорусам, кыштай болуп муз тоңот.
Мен жыргасам, карлар эрип дем келип,
Айланам бүт гүлгө оролуп жаз болот.

Анда өзөн, өзгөрүлбөй нуктарың,
Дайым аксын соолуп калбай сууларың.
Кайың, талым чынар болуп өсүшсүн,
Аккан таштар, айланамды бузбагын!

Табихаттан кырсык дайым болбосун,
Элим аман, Кыдыр даарып жолдосун.
Мен кыргыздын арасында бир бала,
Кыргызымды улуу күчтөр колдосун.

## ЫР ТОЛКУНУ

Ойлонуп таң атырып, көп олтуруу,
Жүрөгүмө агып келип ыр толтурду.
Күнүгө кайталап тургуң келет,
Күч алып, кубат алган бир жолкуну.
Күүсүнө коштоп кетти жан-дүйнөмдү,
Күкүктөй үндү салган ыр толкуну.

Өчөшүп ойго батып мен олтурдум,
Өрүштөп, өргө тартып сен кошулдуң.
Экөөбүз кол кармашып бирге аштык,
Кыйналып ыр дүйнөнүн туу чокусун.

Оргуштап, ой толгоомдун кумарына,
Ортомчу болуп келдиң ыр толкунум.

Канча түн ойлонуп ойго баттым,
Кыйналсам, капаланып ыйлап жаттың.
Кээ бирде жаш акын деп келекелеп,
Кызыксың жаш эмесмин, кырктан аштым.
Ырахмат кеңеш берип койгонуна,
Ырларымдын, ырыскысын өзүң чачтың.

Кеңешип бирге ойлоп көп жолкуну,
Сен чечсең, сезимдерге сыр кошулду.
Мен чечсем, негедир сен жактырбай,
Канча деген ырларыма бут тосулду.
Андан көрөк бийликти сага берем,
Алып кетчи өзүңө ыр толкуну.

## ЫР-КАНАТЫМ, ЖАН БИРГЕМ

Ыр-канатым, ойлорумду учурган,
Санааларым, санга бөлүнүп бузулган.
Кайкып учуп жетип келет дайыма,
Кайда барам, качып андан кутулбайм.

Ыр-кубатым, жанга дайым дем берген,
Жан-дүйнөм ошон үчүн эргиген.
Кыялымдын минип алып кемесин,
Кайда десем, жер жүзүнө жеткирген.

Ыр-жан биргем, жашоо үчүн сүйдүргөн,
Бирде ыйлап, бирде ойноп-күлдүргөн.

Кайда десем, элпек болгон баладай,
Кайрылбастан, кадам шилтеп жүгүргөн.

Ыр-баламдай, жүрөгүмдөн жаралган,
Демди алып, кандарымдан таралган.
Өссүнчү деп, тарбиялап келатам,
Жакшысы бар, жаманы бар саналган.

Ырым барда, ырыскылуу жашаймын,
Суусун ичип, татып анын тамагын.
Кул азыктай алып, алып жаныма,
Жерди кезип, кайда болсо барамын.

## ТАЙ ЧАБЫШТА ЧЫГАЙЫН

Канча деген күлүктөрдүн бардыгын,
Саяпкерлер тандап алган асылын.
Мен дагы чуркайын деп ойлосом?
Мүдүрүлүп кээде кетет басыгым.
Менин дагы саяпкерим жарашса,
Мүмкүн чыгып, озуп кетээр арымым?

Алга чыгып канчалаган жарыштын,
Күлүк деген ута бербейт баарысын.
Колумдагы койкоңдогон калем сап,
Камчы болуп, каршы-терши чабылсын.
Ыр саптарым ак баракта шолоктоп,
Кара тердей булоолонуп агылсын.

Саяпкерим – элим болуп сынасын,
Жакшы таптай, жан-дүйнөмдү сугарсын,

Акындардын «тай чабышы» болгондо,
Арыш таштай байге алып чыгайын.
Жакшы ырларым, жанга азык болушса,
Жарым жолдо калып уят кылбаймын.

Тулпарлардан түрлүү сабак алайын,
Акырындап алыс кетсин кадамым.
Далай жерден чыгайын деп ойлосом,
Даңкалардын дүбүртүндө каламын.
Күнүм тийсе, бир күн чыгам марага?
Андан көрөк, жакшы ырларды жазайын.

## ТҮН

Түн. Көөдөй болуп караңгы,
Ар-кандай ойго салып адамды.
Асманда жымыңдашып жылдыздар,
Түпкүрүнө катып алып санааны.

Ал санаалар, адамдардын өмүрү,
Өмүрлөрү жылдыздардан көрүндү.
Жылт этип, жылдыз учса кайгырам,
Дагы бир өмүр, өчүп туруп төгүлдү.

Жылдыздар, жымыңдачы, учпачы,
Жарык чачып, андан көрөк уктачы
Кайгыларды адамдарга энчилеп
Өсүп жаткан, өмүрлөрдү кыйбачы.

Караңгы түн сүрдүү болуп көрүнөт,
Айым тийип, качан нуру төгүлөт.
Он сегиз миң ааламдарды карасам,
Алар деле ойго батып чөмүлөт.

Түн. Мага жакпайт караңгың,
Чыйрыктырып, үшүн алып адамдын.
Өмүр өтсө түбөлүккө чүмкөнүп,
Жарык көрбөй караңгыда каламын.

Деп, сүйлөшүп, экөөбүз тең сырдашып,
Уктабастан, ойлорбуз кырды ашып.
Айткан сөзгө макул болгон сыяктуу,
Анан кетти, айланабыз таң атып.

## ШОРУБУЗ КӨП

Жылдан-жылга толбостон, бөксөрөбүз,
Жаңыланып, качан биз өзгөрөбүз.
Карыялар айтканды, жаштар укпай,
Каадаланып, кайсы арга жөтөлөбүз.

Канат кагып, калп эле көкөлөйбүз,
Качан башты өйдөрөөк көтөрөбүз.
Чыгаан чыкса бирөөнү буттан тартып,
Кантип анан кызматтан өйдөлөйбүз.

Кыйшайсын деп, эмне аны жөлөбөйбүз,
Буттан тартып, тургузбай тебелейбиз.
Кызмат кылып эл үчүн чуркаса да,
Көрмөксөнгө салып биз, кебелбейбиз.

Эзип туруп электен өткөрөбүз,
Өйдө эмес, ылдыйга жетелейбиз.
Ынтымак жок урууга бөлүнөбүз,
Жакшыларды жалаа жаап, жемелейбиз.

Жамандарга, жакшылар теңелебиз,
Жалдууларга жалпаңдап чөгөлөйбүз.
Чындыкты бетке айтып, алып чыккан,
Чынчылдар, качан биз көбөйөбүз.

Бечараны бетке уруп сыздатабыз,
Белдүүлөрдү бекчеңдеп жыргатабыз.
Кээ бирөөдөй, кош колдоп жөлөбөстөн,
Өйдө жактан, ылдыйга кулатабыз.

Уук турбайт боз үйдө керегесиз,
Там болбойт карай турган терезесиз.
Улуулары, кичүүсүн жөлөп-таяп,
Элдер бар биримдиктүү эбегейсиз.

Илгертеден келатат тууралаңган,
Билимдүүнү, билимсиз кубалаган.
Бөрк ал десе, баш алып карабастан,
Кызмат тийсе, кычырап уялбаган.

Суу башында тузубуз бар, шорубуз көп,
Келатабыз эмнегедир кордукту жеп,
«Алтын Чөйчөк» элдеринин ары жок деп,
Башкаларга макал болуп, болдукпу кеп.

## КОЛОМТО – РУХ ОРДОСУ

Жашоо-турмуш коломтодон башталат,
Адам билсе, аны барктап айта алат.
Ырыскысын чачып келген коломто,
Өмүр бою жүрөгүндө сакталат.

Жашоо берген коломтобуз өчпөсүн,
Унутпайлы мээрим чачып, төккөнүн.
Тегеректеп уй мүйүз тартып олтуруп,
Ата-баба кеңеш куруп өткөнүн.

Конок күтсөң, коломтодон башталат,
Ыйман, ызат ырыскысы сакталат.
Канчалаган акыл-насаат айтылып,
Бул коломто адам затка салтанат.

Коломтонун оту дайым күйө бер,
Эл-журтуңдун каада-салтын күтө бер.
Тарбия, таалим берип жаштарга,
Нарктуу болуп, намыстууну сүйө көр.

Коломтону Кыдыр даарып, колдосун,
Ар-намыс, ак тилектер орносун.
Кыргызымдын, кыргыздыгын билгизген,
Коломто-кыргыздын рух ордосу.

## ШОРДОГОН БИР ЖИГИТТИ БАСЫНТАСЫҢ

Угуп турдум уу чачкан сөздөрүңдү,
Үңүрөйгөн мылтыктай көздөрүңдү.
Жылма бетиң, жыландай өзгөрүлүп,
Карап турдум заар чачкан өңдөрүңдү.

Улууларды урматтаган уятың жок,
Кыргыздын кыз деген, кымбатың жок.
Жылыбаган өңүңдөн ичиркендим,
Жылмаңдасаң баары бир сымбатың жок.

Аял затка абийири абдан кымбат,
Жаш экенсиң, жаман ооз кызга уят.
Уялбайсың жыйырмага чыкпай туруп,
Оозуңдан ак ит кирип, кара ит чыгат.

Бул эмне тарбиянын белгисиби?
Абийириң чөмүчтөп төгүшүбү.
Жакшы бол кызым! – деп, өстүрбөгөн,
«Жакшы эмес» энелердин жеңишиби?

Түрлүү болуп турпатыңды жашыраарсың,
Турмуш курсаң, түркөй болуп ачылаарсың.
Шоктугуң кийин күчөп карындашым,
Шордогон бир жигитти басынтаарсың.

## ШАКАРДАЙ КАЙНАП ТУРАМ

«Дос» – деген, чоң арыктан аккан суудан,
Мунарадай мамилени араң кургам.
Ошол сууну булгашып барктабастан,
Бар экен арабызда арык бузган.

Ал арык, кылым бою суу чыгарган,
Далай адам гүлдөтүп, суу сугарган.
Ошол арык эмне экен түшүнбөсө,
Акылына таң калып карап турам.

Жүрөгүмдөн досума колду сунсам,
Сынагансып теңсинбей карап турган.
Улуу сөздүн учугун улабастан,
«Дос» дегенди түшүнбөйт Кудай урган.

Кызматыңдан кыйшайып кээде калсаң,
Кээ бир дос бар, сынашып карайт асман.
Жүрөк таза, кызматың колдун кири,
Айтса керек бул сөздү бир акылман.

Кызматтын далайында мен да отургам,
Көтөрүлбөй, көбүнө колду сунгам.
Дээринде жок досторго ичим күйүп,
Айла жоктон шакардай кайнап турам.

Тарыхта «хан» коюшкан кээ бир кулдан,
Ошондо да ажырашпай досторунан.
Мейли мен досторума «кул» болсом да,
«Хан» болоюн, жазылган жакшы ырдан.

## БОЛОБУ ЖЕ БОЛБОЙБУ?

Акылдуунун ойлогону тайыз болбойт,
Ары жоктун аты-жөнү аңыз болбойт.
Аласа жасашкан жакшы адамдын,
Ар дайым ортосунда карыз болбойт.

Адам деген бул дүйнөдө жалгыз болбойт,
Аламансыз күлүктө жарыш болбойт.
Адамдык сапаттарды сактап жүрсөң,
Ал адам, өмүр өтсө арсыз болбойт.

Жакынында эч качан алыс болбойт,
Жансыздарда, тирүүлөрдөй дабыш болбойт.
Жалгандан өтүп кетсең учкун сымал,
Жаныңды кайра өзүңө алыш болбойт.

Жаралгандар жашайм деп дайым ойлойт,
Өлгөндөр, тирүүлөрдү карап койбойт.
Жалгандан өтпөй турган жан бар бекен?
Жалдырап, ыйласаң да аяп койбойт.

## МЕЗГИЛ УЧАТ

Мезгил учат канат болуп серпилип,
Далай жылды артты көздөй кетирип.
Бир мүнөттөй токтоп турсаң болбойбу?
Бир мертебе сенден сурайм, өтүнүп.

Мезгил учат жаадан кеткен жебедей,
Далай күндү артты көздөй себелей.
Отуз жашты көзөп өтүп кетсең да,
Кыркты ашып дагы келем кебелбей.

Мезгил учса мен да умтулуп, учамын,
Ачсам деймин поэзия сырларын.
Эл сыяктуу аралашып келатам,
Кечип суусун, ашып далай кырларын.

## АТТАНДЫМ

Аман болсо эгемен менин элим,
Керемет Алтын-Чөйчөк, туулган жерим.
Жашыман аралашып шарданына,
Турмуштун өйдө-ылдыйын далай көрдүм.
Жакшысын-жаманын да бирден тандап,
Өмүрдүн гүлдөрүн мен бирден тердим.
Толгонуп уктабастан таң атырып,
Поэзия майданына мен да келдим.

Тоолорумдун койнунда бапестелип,
Чоңоюп, жетилгеним эми сездим.
Кудурет, таазим кылып суранамын,
Илхамды аябастан мага бергин.
Аттанып аргымакка мен минейин,
Бала кезден тааныш го аттын деми.
Бел байлап чымыркаnып жолго чыктым,
Ашайын татаал жолду, ашуу-белди.
Кыйналып кысталсам да мен чыдаймын.
Шыпырып маңдайдагы аккан терди.
Канча тоскоол болсо да, өтөм деймин,
Поэзия ашууларын ашам мейли.
Колума калем сапты кармап алып,
Кудурет «Пегас» минип сага келдим.

## ТУРМУШТАН КАЙДА КАЧАМ

Турмуштун оор-жеңилин карап көрсөм,
Көп экен бала кезден жашты төккөн.
Өткөндүн кайгылары эске түшүп,
Азыр да жүрөк ооруп жашып кетем.

Жакшыбы же жаманбы? – кандай жүргөн,
Баардыгын талдап көрөм баскан изден.
Көп болуп капаланып кыйналганым,
Аз экен кээ бирөөдөй ойноп-күлгөн.

Кыйналсын деп маңдайга жазса керек,
Талдап туруп таразага тартсаң керек.
Эркелердей алаканга салып коюп,
Берсе болмок кайгыдан башка белек.

Азыркы турмушумду карап көрдүм,
Оор-жеңилге өзүнчө да бөлдүм.
Таразанын оор жагы көтөрүлдү,
Кайгырбайын, мурунтан ага көндүм.

Жүк көтөрүп мойнума бара жатам,
Артып койсо алдастап кайда шашам.
Андан көрөк өмүрлөр узун болсун,
Көтөрөмүн дагы эле кайда качам.

Бир каалоо

Президенттен күн тийсе,
Өкмөттөн мээрим төгүлсө.
Чиновник байкелер,
Ар-намыс үчүн жүгүрсө.

Жакшыны жаман басышпай,
Убада кылып айтышпай.
Депутат деген акелер,
Эл үчүн чечсе тартышпай.

Айкырбай сөзгө келишсе,
Алкымга аздан жешсе.
Атка минер акелер,
Эл үчүн жардам беришсе.

Мыйзамды начар аткарып,
Ар кандай улут башкарып.
Жакырчылык дегенге,
Жарандар кетти тапталып.

Илгерки союз элиндей,
Ынтымак болсо бөлүнбөй.
Түштүк менен түндүк,
Медалдын эки бетиндей.

## БИР ТИЛЕК

Ай менен күнүң бир тиет,
Ааламдын бүткүл элине,
Тынчтык болсун бир тилек,
Ала-Тоо кыргыз жериме.

Жер эне турсун айланып,
Тайбастан өз огунан.
Жараткан берсин таратып,
Ырыскы толуп тогунан.

Ааламдын баарын курчаган,
Абасы таза болсо экен,
Жаратканда н суранам,
Береке дайым толсо экен.

Жадырап жакшы заманам,
Эл-журтка эрте келсе экен.
Жакырчылык элимдин,
Шашылып алыс кетсе экен.

Урууга бөлбөй элимди,
Ынтымак дайым болсо экен.
Ыраазы кылып жеримди,
Ырыскы «Куту» консо экен.

## МОТОР

Күр-күр этип иштеп турсаң тынымсыз,
Темирлерден мотор дагы кыйынсыз.
Калган тетик тилиң албай көрсүнчү?
Буйрук берсең туруп калбай кыймылсыз.

Дүк-дүк этип согуп турса жүрөгүң,
Ошондуктан мен да жашап жүрөмүн.
Көптөрүнө тартуу кылгам жаш кезде,
Азыр болсо менчиги болгон бирөөнүн.

Иште мотор, иште жүрөк токтобой,
Жатып ичер жалкоолорго окшобой.
Сен каалаган мурасыңа жетесиң,
Мен турганда башкаларды ойлобой.

Сен жашасаң мен дүйнөдө жашаймын,
Сен кааласаң мен ошону каалаймын,
Ар кимисин сүйө берип кыйналба,
Макул болгун мен аларга барбаймын.

## ЖАШЫЛ ШААРЫМ

Жаш кезимден көчөлөрүн аралап,
Кызмат кылып бергим келген элиме.
Жаратканым насип кылып негедир,
Жан-дүйнөмдү алып кетти өзүнө.

Жашыл шаарым, жакшынакай – Жалал-Абад,
Жан-дүйнөмдүн бардыгы сага арналат.

Кыялынын канатын минип алып,
Кыргызыңдын бир уулу ыр жаратат.

Тоодо өскөн, тоолуктун бир баласы,
Тоодой болгон ырларын сага арнасын.
Жалал-Абад жашарып жылдан-жылга,
Өсө бер жаркыратып тоо арасын.

Көбүнчө тоо жакта экен кыргыздарың,
Көрүп келдим жашаган турмуштарын.
Учурашып келишсе өзүң менен,
Тосуп ал, жарык болуп жылдыздарың.

Байыртадан пайгамбарлар жүргөн жер,
Ыйыгынан, ызатташып сүйгөн жер.
Суусу дары кыргызыма арналган,
Асыл шаарым, кылымдарга гүлдөй бер.

Элиң баатыр, жүрөгүндө жалы бар,
Дүр-дүнүйө жемишиңдин баары бар.
Таанybaган адамды да сыйлаган
Сиз – деп сүйлөп, сылыктыктын даамы бар.

## КАРАГАТ

Күз келгенде тоону көздөй саматат,
Себеби бышып калды карагат.
Баарыбыз тең жарышкансып теребиз,
Беттердеги чатырманды аралап.

Шагы ийилип кара мөлтүр карагат,
Кечке терип кумарыбыз тарабайт.

Ар-бирибиз карап алып күлөбүз,
Колубуз да оозубуз да канжалап.

Табихаттын тартууларын бергенин,
Карагаттын ушунча көп өскөнүн.
Күз айында бала кезден тажабай,
Далайлаган мөмөлөрүн тергемин.

Көп жеп алып далай тиштер жашыган,
Көңүл калбай кычкыл болгон ачуудан.
Азыр деле карагатты сагынып,
Күз келгенде тоону көздөй шашылам.

Тоолордун токойлорун аралап,
Эмнегедир кумарларым тарабайт.
Сулуулардын карегиндей жайнаган,
Кара көзүм, кара мөлтүр карагат.

## ЧЕТИНИМ СҮЙГӨН ДАРАГЫМ

Эске түшүп наристелик бала чак,
Атты минип тоолорумду аралап.
Атыр жыты аңкып турса айланам,
Жан-дүйнөм эргип учуп баратат.

Айланамды кумарланып карадым,
Элестетсем азыр деле баламын.
Алыс жактан аппак болуп көрүнөт,
Атыр жыттуу ак гүл ачкан дарагым.

Эки ай өтсө андан дагы көркөмдүү,
Өңү-түсү кызыл болуп өзгөрдү.
Ал кызылдар мөмөлөрү четиндин,
Кыргызыма дары болгон белеги.

Кызылдыгы чоктой болуп жагылган,
Бул дарагым көркөмдүүсү баарынан.
Тоолорумду сулуу кыздай бөпөлөп,
Сөйкө менен мончок болуп тагылган.

Четиним менин сүйгөн дарагым,
Ырларыма даңазалап жазайын.
Мөмөлөрүң дары болсун элиме,
Кыргызымда түбөлүккө жашагын.

## МЕЗГИЛИМЕ САГЫНЫЧ

Жайнаган түрлүү көп гүлдөр өскөн,
Жаштыгымдын мезгили өтүп кеткен.
Азыр барып аралап таппай жүрөм,
Адашып өскөндөрүн кайсы беттен.

Тоодогу мөңкүп аккан булактарым,
Алар менин балалык курактарым.
Азыр барып суктанып карап турсам,
Кандай таза ошондогу убактарым.

Жаз жыттанган көктөмдүн жамгырлары,
Жаадыраган жигит кездин агымдары.
Азыр барып жамгырга киринсем да,
Окшошуп, ошол жылдар табылбады.

Кырларда ийри-буйру кеткен жолдор,
Бала кезден эңсеген түркүн ойлор...
Ал жолдордун далай жолу адаштырып,
Бурганактап турмуштан шамал соккон.

Күз келип гүлдөр түшсө ушул жашым,
Көктөмүмдү сагынып эмне таптым. –
Андан көрөк өзөндө агайынчы,
Өмүр берсе дайрадай, ошол бактым.

# Арман ырлары

***Дүйнөдөн өткөн маркум агам***
***Турсуналынын элесине арнадым.***

## АЙРЫЛДЫМ

Айыл турду аза күтүп суз болуп,
Агакемден мен ошондо айрылдым.
Жүрөк сыздап бүткөн боюм муз болуп,
Асман көчүп канат сынды кайрылып.

Бул дүйнөдөн агаң өттү-деп айтса.
Буркурадым, бир боорумдан айрылдым.
Күңүрт болуп кызаргансып күн батса,
Ал да батып, күнү-түнү кайгырдым.

Комуз ыйлап муңдуу күүсүн бураса,
Кыраанымдан мен ошондо айрылдым.
Кырк үч жылы кынап курган «мунарам»,
Кулап түшүп жексен болуп жарылды.

Боз үй тигип сүрөтүңдү илгенде,
Боздоп туруп мен ошондо айрылдым.
Бир туугандын асылдыгын билгенде,
Анда сездим бул дүйнөнүн тардыгын.

«Туум» кулап, турагыңа эл толсо,
«Туйгунумдан» мен ошондо айрылдым.
Турпагына соруп кеткен жер болсо,
Турмуш куруп жаралганга кайгырдым.
Кээде туруп зээним кейип моюсам,
Кечким келет бул дүйнөнүн бардыгын.

# КЫЛ КЫЯКТЫН МУҢДУУ КҮҮСҮ

Кыл кыяк күүгө салдың баатырдын аттанганын,
Эл коргоп жоону тосуп элинен бата алганын.
Жаа тартып, кылыч чабып, найзалап качырганын,
Кан кечип күнү-түнү каарданып кармашканын.

Кыл кыяк күүгө салдың душмандын качкандарын,
Артынан сая түшүп аргымак чапкандарын.
Алдында канат болуп, баатырга караан болуп,
Булоолоп жаныбардан кара тер аккандарын.

Кыл кыяк күңгүрөндүң баатырдын армандарын,
Жигиттер шейит болуп талаада калгандарын.
Угарга кишиси жок, таянаар жигити жок,
Карачы душмандарың караан түн салгандарын.

Кыл кыяк муңканасың эмнеге сыздаганың,
Баатырга жебе тийип буудандан кулаганын.
Жанында жөлөй турган жигиттен бирөөсү жок,
Баатырын айланчыктап буудандын ыйлаганын.

Кыл кыяк төгүп турдуң баатырдын көз жаштарын,
Армандын жели согуп айлана ээн калганын.
Турам деп тура албай, айласыз Айды карап,
Арманын айга айтып баатырдын жаткандарын.

Кыл кыяк айтып турдуң, баатырдын айткандарын,
Жароокер сүйгөн менен жанашып баскандарын.
Кусадан жүрөк канап, армандуу көктү карап,
Сапарга аттанганын, убайым тарткандарын.

Кыл кыяк өксүп-өксүп арманды козгогондо,
Эл-журту аза күтүп эчкирип жоктогондо.
Элесин айтып турдуң баатырдын жер кучактап,
Армандуу дүйнө менен акыркы коштошкондо.

Кыл кыяк не сыздайсың ичиңе сырды катып,
Келесиң чогуу болуп азаптуу жолду басып.
Жебе жеп сүйгөнүнө жетпеген бул баатырдын,
Арманын айтып берсең кетемин кошо жашып.

Кыл кыяк муңканасың муң кошуп жүрөгүмө,
Жетпеди кайран баатыр антташкан сүйгөнүнө.
Кусалык ээлеп алып арманын гүлгө айтып,
Оролуп онтоп жатты кызгалдак гүлдөрүнө.

Кыл кыяк жаш төгөсүң жаздагы жамгыр болуп,
Жаш баатыр жарасынан жазыксыз набыт болуп.
Уктабай жолун тоскон угузуп жубайына,
Муңканган үнүң менен муңуңду айтып коюп.

Кыл кыяк созолондуң жарынын боздогонун,
Бул жарык дүйнө менен ал дагы коштошорун.
Артында туяк калбай армандуу өтүп кетип,
Айтканга аты калып, ал өзү жок болорун.

Кыл кыяк сыздап-сыздап болдучу жашыбагын,
Кайран кыз жарың менен жадырап ачылбадың.
Кан агып эки көздөн кайгыны көтөралбай,
Кош колдоп жүрөгүнө канжарды матырганын.

Кыл кыяк ыйлап-ыйлап кой десем басылбадың,
Армандуу эки жаштын айтканга махаббатын.

Дүйнөгө түркүк болуп түбөлүк күйүп-жанып,
Адамдар бул жалганда кылымдап жашабасын.

Кыл кыяк сен сыздасаң, аргасыз мен ыйладым,
Баатырды баяндадың бейиши болсун дайым.
Муңдуу күү чыгарбачы кошулуп ыйлабайын,
Экинчи сыздабачы өтүнүп мен сурайын.

*Мени тарбиялап өстүргөн адам кылган, «Алчын-Чөйчөккө» келгин куштай бир жаралып, «учкун» сымал учуп кеткен маркум агам Турсуналыга арнадым.*

## АРМАН ДҮЙНӨ

Ыр жазамын ыйлап туруп Турсунга,
Сырдашалы сыр жашырбай ырымда.
Шумдуу ажал шумдук экен кантеин,
Сени алганга ишенбеймин чынында.

Арманымды айтайын мен ыр менен,
Аргам жокко сырдашамын ким менен.
Көз өткөнчө көкүрөктөн кетпейт ко,
Айткан сөзүң «адам» болуп жүр деген.
Элестетем элесиңди сагынып...
Учурашып койсоң боло биз менен.

Күлүп койгон элесиңди сагынам,
Дагы күлчү, жакшы көрөм жаныңдан.
Күлө албайсың тагдыр деген ушул о?
Ажырашуу азап экен баарынан.

Ай! Акем ай! Унуттуңбу сен мени,
Жаралганбыз бир атанын канынан.

Мен сактаймын жүрөгүмдө барысын,
Өзүңө окшоп өткөнчөктү калысмын.
Сурабастан кетип калдың кантейин,
Арнайт элем жүрөгүмдүн жартысын.
Алла-Таала өзү билет турбайбы,
Аларында жашыбы же карысын.

Өзүң жүрсөң жазда сайрап-торгойдой,
Окшочу элек бир жаратып койгондой.
Сен ырдаган ырларыңды сагындым,
Кетип калдың бул жашоого тойгондой.
Сен жок болсоң мен жүрөмүн аргасыз,
Ансыз деле турмуш өтөт аркандай.

Жогорудан окуу-жайын тандадың,
Аны бүтүп «артыкчылык» алганың.
Эми иштеп билимиңди берээрде,
Туура эмес ко Алла-Таала алганы.
Акылыңдын аягына жеткиче,
Кайып болуп ичте кетти арманың.

Келип-кеткен келгин куштай пендесиң,
Каркырага, карлыгачка теңдешсиң.
Алар деле айтышат ко арманын,
Айтсаң болмок адамсыңбы? Эмнесиң.
Ай! Байкем ай! Арманында кеттиң го,
Аянычтуу ай! каркырам келбейсиң.

Кылт десең сен кыялымдан кетпейсиң,
Кыркты ашып сексенге не жетпейсиң.
Учурунда тормоздоп койсо да,
43 эмес 60 та өтпөйсүң.

Жаадыраган жаштыгыңа келгенде,
Жакшынакай бийкечтерди өппөйсүң.

Өзүң жоксуң ойлоп алып өкүнөм,
Айрымам жок алсыз калган жетимден.
Аябастан берчи дагы өбөйүн,
Акыркы жолу «кара тору» бетиңден.
Аябадың энеңди да, мени да, Ай!
Арга жок ушунуңа өкүнөм.

Түш көрсөм сиз өңдөгүдөй көрүнөт,
Туруп алып санаам-санга бөлүнөт.
Тирүү эмессиң, өлгөнүңдү эстесем,
Мен кайышып кабыргалар сөгүлөт.
Келечекти эстеп алып айласыз,
Буркураймын көздөн жашым төгүлөт.

Мен моюсам жөлөк болгон кубатым,
Ыйлап туруп айла жоктон узаттым.
Өтүнөмүн түшкө кирчи дайыма,
Кабарлайын акыбалын бул жактын.
Ансыз деле араң жүргөн иниңдин,
Көкүрөктө жараларын ырбаттың.

Алла менен түздүң беле келишим,
Туура эмес го өмүрүңдү беришиң.
Андан көрөк алсаң болмок сурап
Сиз, 43 эмес эч болбосо элүүсүн.
Эми айла жок калган өмүрүңдү бүт,
Балдарыңа, кыздарыңа берилсин.

Көтөрөмүн Алла-Таала кылганын,
Жашабадың жаштыгыңдын жыргалын.
Жашырбастан айтсаң болмок ойуңду,
Катып калган жүрөгүңдүн сырларын.

Ооруң күчөп катуу болгонго чейин,
Эмне үчүн көңүлүңдү бурбадың.

Уктагансып кетип калдың алтыным,
Көзүң өтсө, журтуң билди баркыңды.
Атың өчпөйт, арт жагыңда балдар бар,
Алар деле чыгарышаар даңкыңды.
Атчан, жөөлөп ар тараптан келишти,
Убагында урматтапсың калкыңды.

Ичим күйөт, ызаланып ыйлаймын,
Ызаттабай, эмне мынча кыйнадың.
Урматтаган акем ай! – деп мен жүрсөм,
Уктагансып, көңүлүңдү бурбадың.
Узатамын ыйлап туруп мен бүгүн,
Арбагыңды өмүр бою сыйлаймын.

Көтөрөбүз Алла-Таала салганды,
Ата-энеден ошон үчүн жаралдык.
«Жамбарактын» бүт барысын какшатып,
Таштап кеттиң кагылайынаралдым.
Акыретте жолукканда айтармын,
«Арман дүйнө», арманыңдын калганын.

Өмүр бою көз өткөнчө жазамын,
Өксүп ыйлайт бир туугандан Арстаның.
Аны көрүп бир туугандар бүт ыйлап,
Буркурады байкуш иниң-Асаның.
Баш-көз болуп балдарыңа туралы,
Эстүү болсо баркын билээр – Атанын.

Карыганда сыздап энекең,
Зыркырап ыйлап эжекең,
Кантип бир таштап кеттиң сен.
Кагылайын берекем.

Мага кымбат жүргөнүң.
Өзүң жоксуң, өкүнүчтүү көлөкөм.

Эжелерден чыркырады – Марсияң,
Бир тугандар Расия и Бийнаң.
Көз жаштарын көлдөй кылып төгүштү,
Бир тууганың Турганбүбү, Айнураң.
Жоктоп ыйлап чуркурашса баарысы,
Айла жоктон мен да ыйлап олтурам.

Зарлап ыйлайт эмчектешиң Калкаман,
Бир туугандай көрчү элең байкагам.
Жарашчу эле чогуу бассаң экөөңөр.
Жакшынакай жаз гүлүңдөй жайкалган.
Жалдырасак, ыйласак да, сурансак.
Жараткандан, жаралбайсың кайрадан.

Күнүгө ыйлайт Жакыпбек менен Акымбай,
Булар болот бир тууган-жакындан.
Сени жоктоп саат сайын ыйлашса,
Кетип калдың жел айдаган каакымдай.
Тирөөч болбой биз да өтөрбүз дүйнөдөн,
Күндөр өтсө, жылдар өтсө закымдап.

Ыйлап турду акырет досуң-Алтымыш,
Кошо ыйладык бир туугандар жалпыбыз.
Кош! Бир боорум сапарыңа аттангын,
Мындан ары кайрылуу болсун артыңыз,
Бир уучтап топо салып узатты,
Чогулушкан бүт калайык-калкыңыз.
Кантейин кагылайын Түкөм ай!

Кадимкидей бейишинде жүрсөң ай!
Карабастан таштап кеттиң айла жок,
Кантейин армандуу Жүкөң ай!

Кабарлашып түшүмө кирсең боло,
Күнүгө айласыздан күтөм ай!

Ырымды Сизге арнадым.
Кыяматтан айтам калганын.
Ызаттап Сизди узатты,
Ыйлаган байкуш балдарың.
Чынында эми түшүндүм,
Бул дүйнөнүн жалганын.
Ыйлап бир туруп ырдадым,
Арнаймын жүрөк сырларын.
Ызаттап Сизди узатты,
Ыйлаган байкуш кыздарың.
Кайраттанып калп эле,
Капаланып, сыздадым.

Жаратканым жаратты эле кемитпей,
Чогуу жүрсөк жарашчу эле эгиздей.
Күйгүзүп кеттиң эмне энеңди,
Учурунда койсо керек эмизбей?.
Алла-Таала алып кетти ушинтип,
Калган жашыңды каалагандай жегизбей.

Буркурадым зарлап ыйлап какшадым,
Туура эмес ко муздак жерде жатканың.
Он жыл болгон кийимдериң тап-таза,
Эстен кетпейт «төрө» сымал басканың.
Куран окуп таазим кылам өзүңө,
Күндө күтөм түндүн аппак атканын.

Жаратканда жалп дей түштүң шумкарым,
Тапка келип алыс көздөй учпадың.
Акыл берип адам кылган акем ай!
Элесиңди өмүр бою унутпаймын.

Ыйлап туруп ырды жазып олтурам,
Көз жаш менен моюп турам муңканып.

Он күн жүрдүк, ушул ырды арнадым,
Бир сөз укпай өкүнүчтүү балдарың.
Айтпайсыңбы? Арманыңдын баарысын,
Туура эмес ко ичке катып калганың.
Жашырбастан ачык айтсаң болмок ко,
Көтөрмөксүң Алла-Таала салганын.

Туура эмес ко алган жарың калганы,
Жактырбасаң алсаң болмок башканы.
Бир туугандар бүт ыйлашса буркурап,
Жүрөк ооруп сай-сөөктөрүм какшады.
Үшүдүң го боорум ооруйт кантейин,
Туура эмес ко муздак жерде жатканың.

Жараткандан акыркы кызың – Айзада,
Өтүп кеттиң дагы бирөөнү табаарда.
Жаралгандар боосу бекем болсунчу,
Жакшылыгың дайым бизге кабарла.
Сүрөтүңдөн АТА деди билбеди,
Коштошподу муздак жерге жатарда.

Ыйлады го кичүү уулуң – Бакытың,
Тилегендер алды окшой акысын.
Көз тийдиби, көз көрүнөө кантейин,
Көр топурак алып кетсин баарысын.
Бул дүйнөдө көралбаган адамды,
Көкө-Теңир каалагандай каарысын.

Ыйлады го ызаланган – Замириң,
Кабак бүркөп капаланды – Зайырың.
Алга кетип бийик чыгаар мезгилде,
Көрбөй калды көтөрүлөр жарыгын.

Суу чыгарып казаар эми баарысы,
Атасынын казбай калган арыгын.

Сакайса экен садагасы – Эркини,
Бүтөлсө экен жамбашынын кемтиги.
Өтүп кеткен атасын ал биле элек,
Келе койчу мурункудай телчигип.
Атаң жокто катарыма кошулчу,
Эл алдында турбайын мен кемсинип.

Жөлөк болсун садагасы – Гүланда,
Ыйласам да, кайрат кылып турамда.
«Жорка» аба деп, кучактап ал ыйласа,
Кайрат кылып башка сөзгө бурам да.
Убай көрүп көлөкөлөсөң болмок,
Чырпык барып, жетилет ко чынарга.

Ыр ырдасам, ыйлашты бүт келиндер,
Булар деле жаралбаптыр темирден.
Тагдыр жазып тайып кетсек биз дагы,
Арабызды бизди деле кемитээр.
Ошондуктан ынтымактуу болгула,
Өмүр-жашты сурагыла Теңирден.

Сүрөтүңдү мен чоңойтуп тарттырдым,
Таржымалын мен гезитке жаздырдым.
Ошонума ырахмат деп бир жолу,
Түшүмдө эле айтсаң, болмок алтыным.
Куран окуйм, айла жоктон айткан сөз,
Жаткан жериң, жайлуу болсун маркумум.

Кээ бирөөсү сөз айтышат көрө албай,
Жүрсө керек экөөбүздү бөлө албай.
Тагдыр деген бөлүп кетти кантейин,
Азыр деле отурамын сөгө албай.

Капаланам, белди бекем буусам да,
Тамчылатам, калган жашты төгө албай.

Ыйлабайын, ызаттаймын өзүңдү,
Кантсе дагы көрүп калдым көзүңдү.
Мончо жагып, моюндашып олтуруп,
Унутпаймын мага айткан сөзүңдү.
Бирге жүрүп, бир жумада көз жумсаң,
Жоктоп ыйлап, санаам санга бөлүндү.

Автобустан чогуу келип түшөбүз,
Ооруңуздун айыгышын күтөбүз.
Жакшы ой менен күтүп жүрдүм кантейин,
Кетпейт элем жаныңыздан минтсеңиз.
Айтпайсызбы? Жашырбастан баарысын,
Жарык менен кош айтышып бүтсөңүз.

Өткөнүңө ишенбеймин дагы эле,
Өкүнткөнүң, керекпи бир сага эле.
Өчүң болсо албайсыңбы жөн эле,
Мени сабап, көнүп калган ага элең.
«Сабачы» – деп, кимге барып жалдырайм,
Өлгөнүңө ишенбеймин дагы эле.

«Тулпар» болуп туйлап турган убакта,
Туура эмес ко 40тан ашкан куракта.
Колдо болсо берээр элем чөмүчтөп,
Айыгууга, «мөлтүр» «мүрөк» булактан.
Алыс кеттиң «жаннаттан» орун ал,
Айласыздан, алыс жакка узатам.

Мен билемин, муңайбастан жүрөсүң,
Жаратканым берсе адамдын мүдөөсүн.
Колдон келсе алмаштырып коймокмун,
Жарабаган «запчасыңдын» бирөөсүн.

Арабызда аламандуу «туу» болуп,
Ат салышып арабызда жүрмөксүң.

Тагдыр деген тайкы экен кантейин,
Тайып кетсең, баркын билдим байкенин.
Маңдайымда мага акыл айтканга,
Маани бербей жүрүптүрмүн анчейин.
Барган жериң «бейиш» болсун бир боорум,
Акыреттен жолугабыз Айкөлүм.

Колдон келет айтканыңды аткарам,
Аткарганда бир өзүңө мактанам.
Тоскоол болуп, бут тоскондун баарысын,
Колдон келсе, болушунча талкалайм.
Капа болуп, мен кыйналып калганда,
Канат тосуп, арбагыңа калкала.

Айтчу элең, өтө катуу кетпе деп,
Катуу кетсе, анда ашып өтпө деп.
Ал-аябай, байкоосуздан кирсе анда,
Айтчусуз, кармашкынын бетме-бет.
Аянычтуу адам болсо эгерде,
Жардам бергин, аягына жетпе деп.

Жаткан жериң жайлуу болсун байкем ай,
Жаралантып таштап кеттиң кантем ай.
Атам болуп калыс болуп жүргүлө,
Түбөлүккө ыйлап, убай тартам ай.
Зээним кейип эстегенде өзүңдү,
Тизмектетип далай ырды жазам ай!
Кош бол бир боорум!

***Арбагыңды сыйлап – иниң Жусуп.***
***15.01.1997-ж.***

# АРНОО ЫРЛАРЫ

# МИЛИЦИЯ КҮНҮНӨ АРНАДЫМ

Милицияда уул-кыз бар,
Кыдырып кыргыз арасын.
Кылмышка бөгөт коюшуп,
Өссө деп, кыргыз баласын.
Тартипти кармап милиция,
Жашасын дайым, жашасын!.

Тогуз-Тородо начальник,
Полковник Жеңишбек.
Эл үчүн кызмат өтө деп,
Канча айтты бизге акыл кеп.
Өкмөттөр бекер жибербейт,
Эл журтка дайым жакын деп.

Кылымга жакын мезгилде,
Кызмат өтөп эл журтка.
Коопсуздук сактап келишти,
Элин коргоп милиция.
Душмандын берип сазайын,
Жерин коргоп милиция.

Көп эле атка минерлер,
Камчыдай бизди колдонду.
Карапайым эл калыс,
Кантип айтпайм болгонду.
Приказ берсе коргойсуң,
Президент деген ойронду.

Ыңкылап болуп борбордо,
Жаш – кары дебей жыйылды.

Кыргызга түшүп кыйын иш,
Кырчындай өмүр кыйылды.
Көргөндө жүрөк канады,
Боордоштор сенин ыйыңды.

Ошто болуп коогалаң,
Ордолуу Ошум кыйрады.
Окко учкандарды көргөндө,
«Сулайман тоосу» ыйлады.
Канча өмүрлөр кыйылып,
Төгүлгөн канды көргөндө,
Тыя албай турдум ыйымды.

Коогалаң болгон жерлерде,
Коопсуздук сактап милиция.
Ташбараңга алынып,
Талкаланды милиция!.
Токмок жеди, ок жеди,
Балталанды милиция!.

22 биздин кызматкер,
Сузакка чейин барышты.
Жөө-жалаңдап муз басып,
«Сары-Кыр» белин ашышты.
«Баатыр» – деп кантип айтпайбыз,
Милициядан биздин балдарды.
Ар намысын туу тутуп,
Эл үчүн «антын» кармады.

Ылайым кыргыз элимде,
Ынтымак болсун – деп тилейм.

Жамандык деген немени,
Жамбашка дайым тепкилейм.

Кесиптештер бүгүнкү,
Майрамыңар кут болсун!
Аман болуп кызматта,
Үй-бүлөңөргө «кут» консун!
Элимде болгон жакшылык,
Баарыңарга бүт болсун!

***Чоң ырахмат!!! Дагы бир жолу майрамыңар менен!!!***
***Баарыңарды урматтап – Жусуп. 30.10.2010-ж.***

## Кыргыз Республикасынын Милициясынын 85 жылдык салтанаттуу майрамына арнадым

Коллегалар куттуу болсун майрамың!
Күнү-түнү иштен такыр талбагын.
Аман болуп, ден-соолугуң чың болуп,
Ак эмгектин бакыт кушун кармагын.

Кайда болсо калыстыктан калбагын,
Ата Журттан ар-намысты кармагын.
Ак эмгектин дайым көрүп үзүрүн,
Калпып алып сүтү менен каймагын.

Өзүңдү тартып, өссүн дайым балдарың,
Чындык үчүн күрөшкөндөн талбагын.
Кырсыктардан кудай колдоп баарыңды,
Болбосунчу бул жашоодо арманың.

Бүгүн майрам, дасторконду жайганың,
Самоорлордо кайнап турсун чайларың.
Бири-бириңе аруу тилек арнашып,
Күлкү кетпей, жайнап турсун маанайың.

Кана достор! Кутту болсун майрамың,
Бийлеп, ырдап, чарчабагын-талбагын.
85 жылдык юбилейди куттуктап,
Баарыңарга ушул ырды арнадым!

**Баарыңарды бүгүнкү КР милициясынын 85 жылдык юбилейлик майрамы менен куттуктаймын!**

Силерге чын ден-соолук, узун өмүр,
Кайышпас кайрат, ишиңерге ийгилик каалайм!
Үй-бүлөңөрдө бакыт-таалай кетпесин!

***Камбаралиев Жусуп, милициянын подполковниги.***

## КТРДИН ЧЫГААН РЕЖИССЕРУ АРСТАНБЕКОВА МАЯГА АРНАДЫМ

Иш үчүн болуп убара,
Аткарып дайым убада.
КТРде эмгек сиңирип,
Тургуздуң бийик мунара.

Жамаатың жалпы урматтайт,
Кадырлуу «датка» айымдай.

Курманжан датка эненин,
Өзүңсүң жаш чагындай.

Тогуз-Торо аймагын,
Тоолордой бийик көтөрдүң.
КТРден такай бердирип,
Көрсөттүң бүгүн-эртеңин.

Эл үчүн кызмат аркалап,
Өтүшкөн кыргыз уздары.
Боорукер, чыгаан өзүңдөй,
Болсунчу кыргыз кыздары.

Ак батасын алып айылдын,
Чынында чыгаан айымсың.
Жүз жашка чыгып тең кары,
Жаныңда сүйгөн жарыңдын.

Билимиң терең экенин,
Билгиздиң кыргыз кызындай.
Өркөнүң өссүн дайыма,
Өчпөстөн Чолпон жылдыздай.

Үй-бүлөңдө дайыма,
Ажайып жашоо той болсун.
«Алтын-Чөйчөк» жергеси,
Ар дайым Сизди колдосун!

***Тоолордой дайыма бийик,***
***Ысык-Көлдөй өмүрүңүз терең болсун.***
***Ден соолук каалап – Жусуп Камбаралиев.***

**«Ак Жол Бер», «Лидер» коомдук бирикмелеринин кызматкерлерине жана Ат-Башы РИИБнун начальнигигине арнадым**

Көп эмгек жасап кыргызга,
«Нур Жол Бер» деген бирикме.
Үлгүлүү тартип болсо деп,
Сүйүн эже, Нурлан бирдикте.
КААБдардын ишин үйрөтүп,
Казарманда көп жүрүшсө.

«Лидер» деген бирикме,
Ысык-Көлдөн келишип.
Алыскы Тогуз-Тородо,
КААБдардан сабак беришип.
Билимин арнап Банур кыз,
Эл менен оюн бөлүшүп.

Ат-Башыда начальник,
Полковник Акылбек.
КААБдардын берип сазайын,
Канча айтты бизге акыл кеп.
Министр бекер жибербейт,
Эл-журтка дайым жакын деп.

Ат арытып, бел ашып,
Азаматтар бизге келишти.
КААБдардын ишин жандантып,
Калкыма сабак беришти.
Тамак-ашын тартуулап,
Курсактын камын көрүштү.

КААБдардын ишин көтөрүп,
Баарыбыз кадам таштайлы.
Билгенди элге таратып,
Жаңыча ишти баштайлы.
Карыялар үлгү көрсөтүп,
Көбүрөөк тартып жаштарды.

Кыргыздын чыгаан жаштарын,
«Кыдыр» даарып жолдосун.
Алдыңда кылым карыткан,
«Асфальтталган» жол болсун.
«Алтын-чөйчөк» элимдин,
Ак батасы дайым колдосун!.

***Ишиңерге дайым ийгилик каалап, чың ден-соолук,***
***Нарын дайрадай узун өмүр тилеп,***
***Камбаралиев Жусуп Абдылдаевич милициянын***
***подполковниги 29.09.2010-жыл.***

## 8-МАРТ МАЙРАМЫНА КУТТУКТОО

Айымдар, куттуу болсун 8-мартыңар!
Бүгүн майрам көтөрүлсүн баркыңар.
Арнайм дайым аруу сезим, ден-соолук,
Аман болгун, аял заты жалпыңар!.

Сиздерге арнап жаркыраган жаз айы.
Тартууласын татынакай маанайды.
Жашоо берип, бул дүйнөгө жараткан,
Кутту болсун энелердин майрамы!.

Аял заты Айыбыз да, Күнүбүз,
Ар бир эркек аны билип жүрүңүз.
Арнап дайым аруу тилек, жакшылык,
Айымдарга аша берсин сүйүүбүз.

Нарын суудай узун болсун өмүрүң,
Майрамдардай ачык болсун көңүлүң.
Жаз айындай көрктүү болуп дайыма,
Ай, Күнүмдөй жаркырагын, төгүлгүн.

Бүгүн майрам баарыңарга кут болсун,
Үй-бүлөңө бакыт орноп, «кут» консун!
Чың ден-соолук, узун өмүр каалаймын,
Ар бириңдин ойлогонуң бүт болсун.

***08.03.2010-ж.***

## Бишкектеги травмотолог-ортопед, медицина илиминин кандидаты, чыгаан кыргыздын врачы Иманалиев Арстанбек Бекбосуновичке арнадым

Акыл, насаат көп нерсени үйрөтүп,
Оорулуунун жан дүйнөсүн гүлдөтүп.
Өмүр менен кош айтышып кеткенди,
Жан соогалап алып келдиң сүйлөтүп.

Жараат алып жаны кейип келгенди,
Дарылап, күн-түн жардам бергенди.
Дарыгерлер сизден таалим алышсын,
Айыктырдың канча деген элдерди.

Оорулуунун ойлоруна кошулуп,
Чарчабастан күнү-түнү олтуруп.
Көп адамды аман алып калдыңыз,
Ажал келсе «калкан» болуп тосулуп.

Дайым байке, аткарылсын тилегиң,
Кылым бою согуп турсун жүрөгүң.
Кыргызымдын чыгааны деп, сыйлаган,
Тоолуктардан баласымын бирөөнүн.

Сизди дайым «Кыдыр» даарып жолдосун,
Алдыңызда «асфальтталган» жол болсун.
Улукманым, кыргызымдын чыгааны,
Гиппократтын анты дайым колдосун!.

***Сизди урматтап: Камбаралиев Жусуп***

## КАЙНИМ ЧУБАККА АРНАДЫМ

Мен деймин, мен өзүмдөн жакын көрөм,
Мен сыйлаган «ата-тектен» жакын белең.
«Чырпык» барып, чынарга жетет деген,
«Чынар» деген алтыным, өзүң белең.

Атаңдын, «касиетин» сездиң белең,
Арбагында «алтыным» өстүң эле.
Азамат бойго жетип эми келдиң,
Апаңдын тарбиясын көрдүң эле.

Атаңдын элестерин кээде сурайм,
Элестетсем, «эчкирип» мен да ыйлайм.

Ал тирүү «элесинде» өзүң барсың,
Атаңдай өзүңдү дайым сыйлайм.

Атаңдын өмүрлөрүн сага берсин,
Ар дайым ырыскылар сага келсин.
Алла-Таала дайыма калыс болуп,
Арнаган жакшылыкты сага берсин.

Чубакбай, ойлоруң «сүттүү» болсун,
Силерде «тамырыңар» түптүү болсун.
Атанын, баласысың унутпай жүр,
Иштеген кызматың куттуу болсун!

Мен дагы сыйлаган, бир тууганмын,
Ар дайым «ачык» болсун баскан жолуң.
Толкунданып, арнаймын ушул ырды,
Чубакбай, кабыл алып окуп койгун.

***Жездең, узун өмүр, ден-соолук, келечегиң болсун***
***деп тилейт Жусуп. 27.09.2009-ж.***

## Кыргыз Республикасынын премьер министри Бабанов Өмүрбек Токтогуловичке арноо

Урпагы бабам Манастын,
Кулуну кеңкол Таластын.
Өкмөт башчы болгонго,
Өзүң эле жарайсың.
Кыйналган кыргыз элине,
Тоо болуп тоскон канатсың.

Көкөлөп бийик уча бер,
Ала-Тоомдун шумкары.
Арышты керип чуркай бер,
Кыргыз элдин тулпары.
Жаш кезден элге көрүнүп,
Чыгаандыгыңды унутпайлы.

Башында туруп өкмөттүн,
Эл үчүн иштеп талбагын.
Жашоосун оңдоп журтуңдун,
Жадырап күлүп, жайнагын.
Кыргызым деп кылымга,
Желбиреп турсун байрагың.

Жаңыча ишти жетектеп,
Сүйүнүп турат эл-журтуң.
Кут конуп, толуп береке,
Болсо экен жылда мол түшүм.
Алла-Таалам сизди колдосун,
Алдыга жылып бүт ишиң.

Асыл ойлор ишке ашып,
Келатат азыр турмушта.
Элим деп согуп жүрөгүң,
Чыгаансың азыр кыргызда.
Бийик болуп дайым зоболоң,
Жетсе экен асман, жылдызга.

***Кыргыз элин кыйынчылыктан алып чыгыңыз. Сизге жараткан чың ден-соолук, узун өмүр берип, ойлогон ойлоруңуз ишке ашсын – Жусуп.***
***10.03.2012-ж.***

**Кыргыз Республикасынын милициясынын ардагери, милициянын генерал-майору Жээналиев Токтожума Жээналиевичке арнадым**

Кыргыздан дайым бата алып,
Карыбай, байке жашарып.
Жаш кезден бери такшалып,
Жыйырмада бөлүм башкарып.
Күн-түнү иштеп чарчабай,
Кызматты, ак жүрөк менен аткарып.

Милицияга өмүр арнадың,
Темирдей тартип кармадың.
Кылмышка бөгөт коём деп,
Чындыктан такыр тайбадың.
СССР кезде таңгалткан элди,
«Генерал» чинин алганың.

Ушул өзү далил эмеспи,
Кыргыздан чыгаан бар экен.
Ак эмгек өтөп элине.
Арабызда мындай аз экен.
Насаат айтып, күлгөнүң,
Байке, капаны сүргөн жаз экен.

Кары-жашты тең карап,
Канчага көңүл бөлдүңүз.
Кылыч болуп чабылып,
Кылмышка чара көрдүңүз.
Атактуу «сыщик» аталып,
Бул атты берген элиңиз.

Чынында чыгаан инсансыз,
Чыгарып кыргыз атагын.
Сыймыктанып дайым жүрөбүз,
Атактуу «юрист» аталдың.
Ден-соолугуңуз чың болуп,
Кылымдан ашып жашаңыз.

Байке, тарбиялап өстүрүп,
Жаштарга билим бердиңиз.
Жакшы жүр! – деп дайыма,
Насаат айтып келдиңиз.
Байке, сыймыктанат Сиз менен,
Жалпы кыргыз элиңиз.

Байке, кутман курак кут болсун!
Үй-бүлөөңүзгө «кут» консун.
Жаратканым жар болуп,
Жакшылыктар бүт болсун!.
Бактылуу карылыкты өткөрүп,
Калпыган каймак, сүт болсун!.

***Турганбү эжем менен тең карып,***
***чың ден-соолукта болуп, узун өмүр сүрүңүздөр.***
***Иниңиз – Камбаралиев Жусуп, милициянын подполковниги.***
***03.07.2013-ж.***

## Чүй ОИИББнын начальниги милициянын полковниги Жусубалиев Бактыбек Бейшеналиевичке арнадым

Жаш кезден иштеп такшалып,
Эл менен кызмат алпарып.
Чынында чыгаан жигитсиң,
Бозулан кезден башкарып.
Канатташ болуп иштедик,
Калчумун кээде апкаарып.

Өзүнчө эле жомоктой,
Өзгөчө сүйлөп басканың.
Өзүңдөй чыгаан аз экен,
Кыдырып издеп таппадым.
Көп жылдар өтүп кетсе да,
Калыптыр менде жаш чагың.

Көп кызматтын башында,
Жетекчи болуп иштедиң.
Бейкут болсун элим деп,
Бакы, чарчаганды билбедиң.
Погончондон көбүн көрбөдүм,
Кесиптешти сендей сүйгөнүн.

Бакы, карапайым журтуңа,
Аска-бел болуп жүрө бер,
Тартипти сактап темирдей,
Милицияны дагы сүйө бер.
Жакшы ырларды жаратып,
Жадырап дайым күлө бер.

Бакыбай сага тилегим,
Бак консун деп жүрөмүн.
Өзүңдү тартып балдарың,
Бактылуу болсун түгөйүң.
Тоолордой бийик болсо деп,
Толкундап согот жүрөгүм.

***Бакыбай чың ден-соолук, узун өмүр,***
***зоболоң дайыма бийик болсун – Жусуп***
***15.10.2011-ж.***

## АЛТЫНДАЙ БОЛГОН БАЛДАРЫМА, НЕБЕРЕЛЕРИМЕ АРНАДЫМ

Арнайын жүрөк сырларын,
Уулум менен асыл кыздарым.
Жан-дүйнөмө дем берип,
Жадырап дайым жыргаймын.
Амандыкты күндө тилеген,
Арнасын атаң ырларын.

Башаты болуп турмуштун,
Махабатым туң кызым.
Аткарылып оюң дайыма,
Аман-эсен жүр кызым.
Үй-бүлөңдөн «кут» кетпей,
Ажайып болсун турмушуң.

Күйөө балам Сыргагым,
Арналсын сага ырларым.
Бул турмушта көргүнүң,
Ар дайым ызат-сыйларын.

Маха менен тең карып,
Жашоонун көргүн жыргалын.

Асыл уулум Дамирим,
Алдыга озсун арымың.
Келечегиң кең болуп,
Кенен өссүн тамырың.
Кыргызыма арнагын,
Асыл ойдун бардыгын.

Астра кызым асылым,
Айлансам болот жаркыным.
Жакшы кызсың жаш кезден,
Жараткан берсин бардыгын.
Үй-бүлөң менен аман бол,
Ананайын кызым, алтыным.

Күйөө балам Нурматым,
Кызыма турмуш кургансың.
Астра менен көргүнүң,
Турмуштун сый-урматын.
Ишиңде болуп ийгилик,
Куттуу болсун кызматың!.

Кенже кызым Динарам,
Эркеси болот кыздардан.
Узун болуп кызым өмүрүң,
Арналсын сага бүт аалам.
Келечегиң кең болуп,
Колдосун сени Жараткан.

Асылым кызым садагам,
Арналды ырлар атаңдан.

Эстесем жүрөк эзилип,
Башкача көрөм баладан.
Турмушуң болсун ажайып,
Тилеймин Алла-Тааладан.

Марсел, Камчы неберем,
Балдай бир ширин сөзүнөн.
Жыттаганда дем берген,
Жыпардай болгон өзүнөн.
Бойтойгон садагаларым,
Айлансам кара көзүнөн.

*Ананайын асыл балдарым, неберелерим! Силерге Ала-Тоодой бакыт, Нарын дайрадай узун өмүр, болоттой чың ден-соолук, Ысык-Көлүмдөй терең ыйман, ырыс-кешик, асмандай бийик зоболоңор дайыма көтөрүлүп жүрсүн.*

*Кыргызымдын чыгаан уул-кыздарынан болушуңарды тилеп – атаңар Жусуп.*

## ПАСПОРТ СТОЛДУН НАЧАЛЬНИГИ АБЫЛКАСЫМОВА НАРЫНГҮЛ БЕКМАМЫТОВНАГА АРНАДЫМ

Милицияда көп иштеп,
Милиция айым аталдың.
Макталып көп чоңдордон,
Молодец деп бата алдың.

Кайсы ишке койсо аткарып,
Алдыга жылып иштериң.

Чаалыгып калбай анда да,
Чарчашты Наку, билбедиң.

Талашып, дайым тартышып,
Эркектер менен иштедиң.
Бала эле болуп калса – деп,
Бармакты канча тиштедим.

Форманы чечип бел байлап,
Паспортко башчы аталдың.
Ишиндин калпып каймагын,
Эл-журттан көп бата алдың.

Аялдардан аз көрдүм,
Айылды кээде аралап.
Эркек мүнөз, эр жүрөк,
Элден сендей жаралат.

Мейли, ишиңде болсун ийгилик,
Иштей бер Наку жүгүрүп.
Паспорт – деп, кээде барганда,
Барктап бир койчу ийилип.

***Ишиңе ийгилик, чың ден-соолук каалап –***
***байкең Жусуп***

## ЖЕКЕ ИШКЕР ИДИРИСОВ АТЫРБЕК ИНИМЕ АРНАДЫМ

Ишкерлик кылып күн-түнү,
Ишинден чарчап талбадың.
Эл үчүн кызмат болсун деп,
Иним, ак эмгекти арнадың.

Тараза болуп эл-журтуң,
Депутаттыкка шайландың.

Чыгааны болуп элиңдин,
Чыгаргын даңкын жериңдин.
Үзүрүн көрүп жүрө бер,
Куюлган маңдай териңдин.
Атанын чыгаан уулу деп,
Аймактан иним көрүнгүн.

Ажат ачкан жагынан иним,
Аймактан сендей табылбайт.
Үйрүлүп жардам бербесең,
Үмүттүн оту жагылбайт.
Белдүү жигит аталып иним,
Бекерге ырлар жазылбайт.

Карапайым эл-журтка иним,
Каралашып кээде койгунуң.
Топ жарып чыгып жарыштан,
Тоолордой бийик болгунуң.
Акылың терең билемин иним,
Ааламдын кезип ой-кырын.

Ден-соолугуң чың болуп,
Депутат болуп жүрө бер.
Ак эмгектен агарып иним,
Ар дайым ойноп, күлө бер.
Ишкерликтин сырларын,
Ылайым таап, биле бер.

***Сага иним дүйнөдөгү бүт жакшылыкты каалап –***
***Жусуп. 15.08.2011ж.***

# ИСМАМБЕТОВА БУРГАНБҮ ТАЭЖЕМЕ АРНАДЫМ

Эже, илгертен бери талыкпай,
Кызматта иштеп келесиң.
Кемчиликти бетке айтып,
Иштин көзүн билесиң.
Мергенчи аткан мылтыктай,
Мелжиген жерге тиесиң.

Аял заттан көптөрү эже,
Аймактан Сизге жетишпейт.
Ораторлук жагынан эже,
Өзүңдү аттап өтүшпөйт.
Акыл жагын карасам эже,
Эркектер ашып кетишпейт.

Курчтугуңуз болоттой,
Чапкан жерди шылыган.
Сырттанысыз аялдын,
Жаралган ушул кылымдан.
Энелик мээрим жагынан,
Мунарсыз бийик курулган.

Эркек болуп калганда эже,
Эл-журтту Сизге бермекпиз.
Талаштырбай журт башын,
Тактыга бекип келмексиз.
Чарбанын ишин көтөрүп,
Чараны эчак көрмөксүз.

Эс алууда чарчабай эже,
Дагы эле эмгек өтөйсүң.
Ден-соолук берип Жараткан,
Демди берип көтөрсүн.
Элим деп дайым жүрө бер,
Эже, жүз жашка чейин жетесиң.

***Таэже, Сизге чың ден-соолук, узун өмүр, үй-бүлөңүзгө бакыт-таалай, кажыбас кайрат каалап – жээниңиз Жусуп. 08.03.2011-ж.***

## ЭПЕЕВ МОЛДОБЕК БАЙКЕМЕ АРНОО ЫР

Жаш кезден бери такшалып,
Эл бийлеп кызмат аткарып.
Партияга салым көп коштуң,
Байке, СССР кезде башкарып.

Илгертен бери чарчабай,
Эл үчүн кызмат өтөдүң.
Өспүрүмдөр өссүн деп,
Агартуу жагын көтөрдүң.

Чындыкты дайым бетке айтып,
Чынчылдар Сиздей болсо дейм.
Ак иштеп элим – деп, жүргөн,
Чоңдорду Сиздей койсо дейм.

Аксакал болуп аймакта,
Аска-бел болуп жүрө бер.
Какшыкты кээде жылдырып,
Байке, каткырып дайым күлө бер.

Ден-соолугуң чың болуп,
Маанайдан күлкү кетпесин.
Жамандык деген немелер,
Байке, жарышып Сизге жетпесин.

***Аман-эсен болуңуз байке, ишиңизге ийгилик каалап –***
***иниң Жусуп. 27.05.2005 ж.***

## АТТОКУРОВ ЖАПАР БАЙКЕМЕ АРНАДЫМ

Кайсыл кызмат болсо да,
Ак жүрүп дайым иштедиң.
Чындык менен оозанып,
Байке, чарчаганды билбедиң.
Ойлондурат кээде кишини,
Оң жакка ооп жүргөнүң.

Чукугандай сөздү таап,
Байке, тамашалап күлгөнүң.
Улуу-кичүүнү тең карап,
Жакшылык каалап сүйлөдүң.
Эл үчүн арнап эмгекти,
Байке, эзилип кетет жүрөгүң.

Байке, эс алууга чыксаң да,
Элим деп иштеп келесиң.
Тартиптүү болуп жүргүн деп,
Жаштарга таалим бересиң.
Өзүң, тапанчадай болсоң да.
Дөө-шааны деле жеңесиң.

Карыбай байке, жашарып,
Өмүрлүү болчу тилегим.
Насаатчы болуп жүргөндү,
Жаш кезден бери билемин.
Жаадырап байке жүрө бер,
Жашарып дайым жүрөгүң.

***Ден-соолук каалап – иниң Жусуп.***
***15.07.2010-ж.***

## МАСИРОВ ШАКИРЕТ АГАЙГА АРНАДЫМ

Билимдин казып кудугун,
Жаштарга арнап бердиңиз.
Агартуу жагын аркалап,
Көп жылдан бери келдиңиз.

Аймактын тейлеп кеңешин,
Канча жыл башчы болдуңуз.
Сессияда кээсин секиртип,
Маселе канча койдуңуз.

Түз иштеп, кыйшык баспаган,
Аз экен талдап карасак.
Адамдын мыкты сапатын,
Арнасак Сизге жарашат.

Элин сүйгөн инсандан,
Эзелтен бери аз чыгат.
Сиздей болгон жетекчи,
Тарыхта калып жазылат.

Улуулар менен кичүүсү,
Урматтап дайым турушат.
Насаат сөздү айтсаңыз,
Наалыбай дайым угушат.

Тарбиялап жаштарды,
Аша берсин сүйүүңүз.
Аксакал болуп жайкалып,
Байке, аман-эсен жүрүңүз.

*Жакшылыктарды каалап – иниңиз Жусуп.*
*11.05.2009-ж.*

## Чыгаан акын, жазуучу, көп китептердин автору БОБУКЕЕВ ЫРЫСКУЛБЕК жездеме арнадым

Жаш кезден жазып чыгарма,
Жалпыга маалым болдуңуз.
Окурманды ойлонткон,
Мухиттей терең оюңуз.
Чыгааны болуп дайыма,
Ачык болсун жолуңуз.

«Менин медичкамды» угушуп,
Ак халатчандар сагынат.
«Алтын фондуга» алынып,
Ободон дайым жаңырат.
Кара сөздүн алпысыз,
Канчасы Сизден жазылат.

«Сүтакты» окуп сүйүнүп,
Сүңгүп кетти окурман.

Жазуучудан көп эмес,
Жан-дүйнөнү толтурган.
«Пегасты» минип жулкунтуп,
Ырды жазып коштурган.

Илгертен бери чарчабай,
Гезитте иштеп келесиз.
Асыл сөздүн үрөнүн,
Эл-журтка арнап себесиз.
Ден-соолугуң чың болсо,
Жезде, далай китеп бересиз.

Жезде, чыгарманы жаратып,
Жүз жашка чейин чыгыңыз.
«Алтын-Чөйчөк» элине,
Арта берсин сүйүүңүз.
Бийик болуп тоолордой,
Аман-эсен жүрүңүз.

***Сизге чың ден-соолук, узун өмүр, чыгармачылык ийгиликтерди каалап, кайниңиз – Жусуп.***
***16.09.2009-ж.***

## «Жеңиш-Туусу» гезитинин редактору КӨЧӨРБАЕВ САПАРБЕК Көчөрбаевич байкеме арнадым

Байке, көп кызматта иштедиң,
Жаш кезден бери билемин.
Кыт куйгандай сүйлөсөң,
Кубанат дайым жүрөгүм.
Элим деп арнап келесиң,
Эсен бол менин тилегим.

Ыдырап союз кеткенде,
Аймакта башчы болгонсуз.
Жашоосун элдин оңдойм деп,
Көп эле маселе койгонсуз.
Жан-дили менен жүргөнгө,
Жакшылык дайым ойлойсуз.

Көп жолу элдин мүдөөсүн,
Жогору жакка билдирдиң.
Канча жылдап тажабай,
Көп эле сунуш киргиздиң.
Сизге окшош чыгаан көп болсо.
Көбөйтүп санын кыргыздын.

Байке, жүзгө чыгып карыбай,
Күүлүү-күчтүү жүрө бер.
Жаштарды эми эрчитип,
Чыгаанын тандап сүйө бер.
Ачык болуп кабагың,
Ар дайым сүйлөп күлө бер.

***Ден-соолук, узун өмүр, ишиңизге ийгилик каалап – Жусуп. 15.03.2006-ж.***

## Милициянын полковниги ШАТМАНАЛИЕВ ИБРАГИМГЕ арнадым

Чукугандай сөздү таап,
Чуурултуп сөздүн берметин.
Тополоң болгон жерлерди,
Тоодой тосуп келгенсиң.

Баатыр деп кантип айталбайм,
Бардыгын элге бергенсиң.

Билимиң арнап жаштарга,
Агай деп сени сүйүшөт.
Жети дубан кыргыздан,
Милиция деген билишет.
Билимди жакшы куйгандан,
Генерал болуп жүрүшөт.

Акылдын минип кемесин,
Айланып элди келесиң
«Пегасты» минип жулкунтуп,
Атасың ырдын жебесин.
Атка ылайык, тайга чак,
Бары бир өзүң жеңесиң.

Ардактуу кесип аркалап,
Чыгып келет таскагың.
Өзүнчө эле бир тайлык,
Өзгөчө сүйлөп басканың.
Элиңе арнап ак эмгек,
Жатпагын досум, жатпагын.

Ден-соолугуң чың болуп,
Узун болсун өмүрүң.
Күлкү кетпей үйүңдөн,
Ачык болсун көңүлүң.
Аяшка арнап ак сүйүү,
Төгүлгүн досум, төгүлгүн.

***Ишиңе албан-албан ийгилик, чың ден-соолук, узун өмүр, дүйнөдөгү бүт жакшылыкты каалап – Жусуп.***
***27.09.2011-ж.***

## «Казарман Ньюс» гезитинин башкы редактору **РЫСПАЕВ НУРАДИЛ** иниме арнадым

«Чарабайдын» суусундай жылжып агып,
Чыгармадан чыйралып кырды ашып.
Мурч сөздөрдөн себелеп жарата бер,
«Поэзия» дүйнөсүнө сырды катып.

Пародия жагынан көптү жазып,
Курч сөздөрдөн «жыландай «кээде чагып.
Куйкумуна кээ бирөө чыдай албай,
Кутургансыйт бир күлүп, бирде жашып.

«Пегас» минип, найзаңды таамай сайып,
Көкөлөй бер канатыңды кенен жайып.
Жан дүйнөңдөн жарата бер чыгарманы,
Окурмандын жүрөгүнө «шамды» жагып.

«Чарабайдын» суусундай жылжып барып,
Нарын сууга кошулдуң толкуп ташып.
Нуке иним, жан-дүйнөң «булак» болуп,
Жакшы ырларды жараткын, жакшы жазып.

Дайыма күйүп турсун жүрөк отуң,
Ата Журт! – деп, ак дилден демди коштуң.
«Тушоо кескен» гезитиң алыс чуркап,
Экөөңөрдүн өмүрүңөр узун болсун!.

*Нурадил иним!. «Казарман Ньюс» гезитине мен биринчилерден болуп жазылып, такай кызыгуу менен окуйм. Коллективиң менен чыгармачылык ийгилик каалайм, алдыга жыла бергин! Камбаралиев Жусуп, милициянын майору.*
***20.05.2003-ж.***

# ИНИМ ТОКТОЖУМАЕВ УРМАТКА АРНАДЫМ

Мезгилдер күн-түн алмашып,
Күн батса кайра таң атып.
Ата-эне турду сүйүнүп,
Үйүндө уулу жаралып.

Үйүмө «бакыт» толду деп,
Уулумдун атын койсун деп.
Урмат – деп атын коюптур,
Урматтуу дайым болсун деп.

Эркелеп тоодо чоңоюп,
Эр жетип Урмат торолуп.
Азамат жигит болдуң го,
Атаңды тартып ойлонуп.
Иним, ырыскы кешик жүрсүнчү,
Ылайым сага оролуп.

Адамдан асыл жаралат,
Андайлар элден саналат.
Өзүңдөй чанда табасың,
Эл-журтту кээде аралап.
Арстан жүрөк тайманбас,
Азамат иним, азамат.

Өзөгүн тарткын тегиңдин,
Жигити болгун элимдин.
Нарын суудай шарпылдап,
Узун болсун өмүрүң.

Ысык– Көлдөй чалкыган.
Ашып ташып төгүлгүн.
Инсаны болгун иничек,
«Алтын-Чөйчөк» дериндин.
Ой-тилегиңе жет иним!

*Агаң Жусуп. 20.05.2009-ж.*

## АЯШ ИНИМ ЖАНАЛИЕВ ЗАМИРБЕККЕ АРНАДЫМ

Замке, бактылуу баласың,
Эл-журтуңа жагасың.
Калыс сүйлөп жүрө бер,
Буюрса алыс барасың.
Эл үчүн эмгек өтөсөң,
Алкышты далай аласың.

Иштерман дайым чарбачыл,
Көбөйтсүн сендей баласын.
Иштесең майын чыгара,
Андан үзүр табасың.
Жалкоолук сүйбөй жаш кезден,
Жарайсың иним, жарайсың.

Кичи пейил жүрүшүң,
Жаш кезиңден кыйынсың.
Адамкерчилик жагынан,
Аскадан дагы бийиксиң.
Ажат ачкан жагынан,
Жигиттердин гүлүсүң.

Тоо суусундай тунук бол,
Тоолорумдай бийик бол.
Иш жагынан ылайым,
Тулпардай чуркап күлүк бол.
«Токсон жашка чыкканда,
Кырктан ашкан жигит бол.
Иним бар бол!

***Аяш акең -Жусуп. 15.08.2009-ж.***

## ЖАМИЛАНЫН 8-март Аялдардын эл аралык күнүндөгү майрамына арнадым

«Кут» конуп үйдө баарыңа,
Кут болсун майрам Жамила.
Башчы болуп дайыма,
Кукем жүрсүн жаныңда.

Элеси келип кинонун,
Жамиланын сүйгөнүн.
Арналсын дайым сүйүүсү,
Даниярдай Кукенин.

Өмүрлүү болуп балдарың,
Бакыт «кушун» кармагын.
Убайын дайым көргүлө,
Роман менен Баяндын.

Көргүлө жашоо жыргалын.
Кукем, арнасын жүрөк сырларын.
Жаш кезде көп оорубай,
Жамила, ден соолукту чыңдагын.

Проза жазып талбасын,
Майрамдап дайым майласын.
«Жамила» деген повесттен.
Куке бир чыгарма арнасын.

Бак берсин Ала-Тоосундай,
Аткарылып асыл оюңар,
Аман-эсен жүргүлө,
Ээрчишип эгиз козудай.

*Майрамыңыз куттуу болсун.*
*7.03.2002-жыл.*

## Тогузторо райондук ооруканасынын терапия бөлүмүнүн медсестрасы РАХМАНОВА ГҮЛЖАМАЛГА арнадым

Жарашып чепчигиңиз, ак халатың,
Көп жылдап эмгек өтөп келатасың.
Кара көз, татынакай карындашым,
Элиңдин ала бергин «ак батасын».

Оорулууга жардам берип, укол сайып,
Ыраазы, жакшы тилек күндө алып.
Эл-журтуңду сыйлаган карындашым,
Гүл сунуп, күндө турса тосуп алып.

Жан кыйналса, жардамдан тартынбайсың,
Дайыма мээрим төгүп жаркылдайсың.
Ден-соолук чың, өмүрүң узун болуп,
Нарындын дайрасындай шарпылдасын.

Ар дайым капалыктар болбосун,
Үй-бүлөңө ырыс-кешик орносун.
Ишиңде ийгиликтер көп болуп,
«Гиппократтын» анты дайым колдосуң!

*Агаң Камбаралиев Жусуп.*

## ИНИМ МОЛДОБАЕВ ТОЙГОНБАЙ БЕКТАШОВИЧКЕ АРНАДЫМ

Кут болсун «Нооруз» жаңы жыл,
Иним, алдыга кетсин арымың.
Узун болуп дайым өмүрүң,
Нарын суудай агылгын.

Теледен сүйлөп турганың,
Эл менен маек курганың.
Элимден чыгаан бар тура,
Алыска чурка тулпарым.

Буудан да чуркайт табында,
Көрөңгүң бар да каныңда.
Кааларым менин иничек,
Бул турмуштан жаңылба.

Үй-бүлөң менен аман бол,
Уул-кызыңа канат бол.
Өзүңдөн кичүү балдарга,
Үлгү да бол, сабак бол.

Күргүштөп азыр жаш кезиң,
Ишиңде болсун бүт демиң.

Сүйлөсөң мага тартылды,
Жаш кези Бекташ акемдин.
Тоолорум дайым колдосун,
Алдыңда ачык жол болсун.
Ага-иниң асыл жигиттер,
Ар дайым гүлдөп той болсун.

Каалярым үйдүн туусу бол,
Атаңдын чыгаан уулу бол.
Куттуктап «Нооруз «майрамда,
Арнап агаң сунат кол.

***Иним келе жаткан «Нооруз» кут болсун. Аман бол.***
***19.03.2002-ж.***

## ПИФАГОРДУН БАЛАСЫ

***(Маркум агам Турсуналыга арнадым)***

Формуланын түрлөрүн жазасыз,
Математиканын сырларын ачасыз.
Космостун керегине жараган,
Сиз чыгарган «тензорный анализ».

Ким чыгарат «интеграл», «теңдеме»,
Азыр керек компьютерге тергенге.
Тубаса таланттарды жаратып,
Жаратканда берет экен, бергенге.

«Алгебра» издеп жүрөт кимисин,
Кайда кетти, Пифагордун иниси?
Айланадан издеп жообун таба албайм,
Мен сыйлаган, «альфа» бурчтун – «синусун».

«Теория вероятность» арасын,
Агамды издеп таппай каламын.
Кийин барсам жолугушуп калармын,
Бейишиңден, Пифагордун баласын.

Мени үйрөтүп, мээге куйган агасың,
Мага «кумир» Пифагордун баласы.
Жаткан жериң, жайлуу болсун айтарым,
Алыс кеттиң, эми кайдан табамын.

## КҮТҮҮ

Көр турмуш! Кайсыл жакка баратабыз,
Бул дүйнөдө эмне биздин аласабыз.
Ызат-сый, ынтымактар болбогон соң,
Бекерге жүрөктү биз канатабыз.
Өтүп кетсең, мүрзөңө гүл койбосо,
Эмне үчүн баланы биз жаратабыз.

Ак жерден каласың сен далай сөзгө,
Үй-бүлөң көчүп кетсе башка жерге.
Акылы жок экен деп алганыңдын,
Айтылып кала берет биздин элде.
Балдарың айланып бир күн келээр,
Баш ийип, таазим кылып туулган жерге.

Илгертеден «жээн» тайкеге эл болбойт,
Туулган жерин сагынбаган эр болбойт.
Чоочун жерде «бий» болуп жүрсөң дагы,
Ал аймак өз жериңдей жериң болбойт.
Туугандарың мандайында болбогон соң,
Бел туткан адамдарын, белиң болбойт.

Эр жигитти сагыныч эзип салат,
Куш дагы өскөн жерге канат кагат.
Келгин куштай бир күнү келерсиңер,
Акылы бар инсандар жерин табат.
Байкуш агам томсоруп Атайында,
Балдарым деп, мүрзөсүндө күтүп жатат.

## ДАРАКТАРЫМ

Ачканда мезгилдин барактарын,
Ачышат жүрөгүмдүн жараттары.
Атам жок дайыма акыл айтчу.
Айласыз бүркөлөт кабактарым.
Армандуу кучактап мен турамын,
Атамдын өстүргөн дарактарын.

Кайгырып бүркөлөт кабактарым,
Кантейин күчөдү армандарым.
Катарлаш кетсеңер, карабастан,
Каламбы? Мен тартып азаптарын.
Кимге айтам сырымды сенден башка,
Кайгымды бөлүшчү дарактарым.

Дайыма сыйлаган дарактарым,
Көбөйсүн көк тиреп сабактарың.
Көлөкөңдө олтуруп мен жазайын,
Көбөйсүн ырларымдын барактары.
Мындан кийин көбөйтчү жакшылыкты,
Атамдай сыйлаган дарактарым.

# ДЖОРОБЕКОВ ЖЕҢИШ МАМАЮНУСОВИЧТИН ТУУЛГАН КҮНҮНӨ АРНАДЫМ

Кылымдап жашап келаткан,
Кыргыздын улуу калкын айт.
Туу туткан Ала-Тоосунда,
Бекерге бүркүт шаңшыбайт.

Көкөлөп бийик учкунуң,
Талыбайт дайым канатың.
Ар-намысты туу тутуп,
Ата Журт үчүн жарагын.

Илимдин казып кудугун,
Илимпоз «юрист» инимсиң.
Атыңа, затың жарашып,
Жеңиштүү дайым жигитсиң.

Ак эмгек үчүн умтулуп,
Ак дилден дайым арнадың.
Аман болуп үй-бүлөң,
Желбиреп турсун байрагың.

Узун болуп өмүрүң,
Толкусун Нарын дайрадай.
Ызат-сый көрүп Эл-журттан,
Ырыскы берсин байма-бай.

Акылың терең, мухиттей,
Ай чапчып, Күндү кармаган.
Адамдан кенен пейлиңе,
Ардактап дайым таңкалам!

Кыргыздын чыгаан кулуну
«Кыдыр» даарып жолдосун!
Ата-бабаң арбагы Жеке,
Ар дайым Сизди колдосун!

***Жетинин бири «Кыдыр » дейт, дайым колдосун! Узун өмүр, бакубат жашоо, иштерде ийгилик каалап, Сизди урматтап – Камбаралиев Жусуп.***

## ЧЫҢГЫЗКА

Кылымдарга аты чыккан кыргызым,
Бүт дүйнөгө таанылтты го, – Чыңгызың.
Жетимиш жаш курагыңыз кут болсун,
Куттукташат кыргызымдын уул-кызы.
Жүз жыл жашап аман-эсен болуңуз,
Ала-Тоолук таланттардын «жылдызы».

Чыгарманын чыйырларын бастыңыз,
«Фудзиямада» кадыр түнду тостуңуз.
«Эрте жазда каркыралар» келгенде,
Данияр менен Жамиланы коштуңуз.
«Кыяматты» бүт ааламга окутуп,
Бостон болду боорго кыскан досуңуз.

Ала-Тоодой ак калпакты кийиңиз,
«Жаныбарым Гүлсаратты» миниңиз.
Элчи болуп элет жерде жүрдүңүз,
Элиң үчүн дайым артып сүйүүңүз.
Манас бабаң арбагына калкалап,
Кайда болсо аман-эсен жүрүңүз.

Чынгыз агай, кутман курак кут болсун,
Чыга турган чыгармаңыз бүт болсун.
Кең Таласка ак өргөөлөр тигилип,
Бүт дүйнөнүн эли-журту суктансын.
Адабият ааламында бийиктеп,
Ансыз деле алыс көздөй учкансың.

## АЛЫКУЛ, АКЫНДАРДЫН БУУДАНЫ

Талантына таазим кылып суктанамын,
Акындардын «бууданы» чуркабадың.
Арманыңды ичиңе катып алып,
Түбөлүккө кош айтышып уктагансың.

Ырларыңды жетим кылып кыйнаганың,
Акыбалың, бир кайрылып сурабадың.
Дагы эле атасы жок жетим болуп,
Эскерип, өзүңдү эстеп ыйлаганын.

Сезсең боло Алыкул байке акыбалын,
Ырларымда армандардын катылганын.
Отуз деген гүлдөгөн жашты жебей,
Өтүп кетсең, өзөк күйүп жашыгамын.

Атың өчпөйт түбөлүккө айтылып,
Акындардын мөөрү болуп басылып.
Аз жашоондо ыр мунара тургуздуң,
Урпактарга мурас кылып калтырып.

Ырың окуп ырыс-кешик аласың,
Алгын дайым, Алыкулдун батасын.

Кыргызым деп жашап келген ырлары,
Кылымдардан-кылымдарга жашасын!

Эл, жеринин керемети курчады,
Аз болсо да, алыс көздөй чуркады»
«Кыргыз» деген, саяпкери таптаган,
Алыкул – акындардын бууданы.

## «ЭВЕРЕСТЕЙ» МИДИНГЕ

Октябрдын таңы менен төрөлүп,
Бешик болгон тоолоруңа бөлөнүп.
Тянь-Шандын балатысы сыяктуу,
Көрктүү болуп өсүп чыктың көгөрүп.

Ырларыңдан мунараны курадың,
Арыш таштап алыс жакка чуркадың.
Сенин демиң, акындарга дем берет,
Дүбүрттөрү, дүңгүрөгөн тулпарым.

Жаш кезиңден ак таң, болуп сөгүлүп,
Талантыңдан Ала-Тоодой көрүнүп.
Жан-дүйнөңдөн ырың менен сатираң,
Жамгыр болуп куюп турду төгүлүп.

Алыс кетти «Адабият парадың»,
«Халтуранын» кара көзүн кашайттың.
Чыгарманын чыйырында жүргөндү,
Чын дилиңден күзгү кылып тазарттың.

Эң жөнөкөй таза жазган ырларың,
Элиң үчүн толкуп турган сырларың.

Кайран байке, кайып болуп кетпесең,
Канча деген чыгат эле сындарың.

Адамдардын кандай жүрүп, басканын,
Таамай жазып, таразалап калчадың.
Кыргыздардын жандай сүйгөн акыны,
Кылымдарга өчпөйт сенин жазганың.

Карагайдай бийик болуп өспөдүң,
Канчалаган нөшөрлөрүң төкпөдүң,
Эзип турду жүрөгүмдү ыйлатып,
Элүү жашка чыкпай туруп өткөнүң.

Ыр көтөрүп ашуулардан өтпөдүң,
Канчалаган дайралардан кечпедиң.
«Эверестей» бийик чоку болмоксуң,
Ойлоп жүргөн максатыңа жетпедиң.

## БАЙДЫЛДА САРНОГОЕВГЕ

Кыргыздан чыккан сары акын,
Турушуң, менен сары алтын.
Алган наамың кут болсун,
Карыганда дагы даңк алдың.
Мурун чанып койдуңбу?
Туура келбей бул жашың.

Турмуштан түркүн көп көрдүң,
Эрмеги болуп көп элдин.
Ылайым жүзгө чыгыңыз,
Анда бир дагы даңк берсин.

Ыр көтөрүп ашыңыз,
Отчётун берип ал белдин.

Алыкул чыккан алдыга,
Акындардын «бууданы».
Курч сөздөн Мидин, Райкан,
Кыргызымдын тулпары.
Баары бир жеңдиң Байдике,
Күлүктүгүңдү унутпайлы.

Колго алып жаңы калем сап,
Ыр дүйнөсүн аралап.
Сиз баскан жумурткалардан,
Жөжөлөр эрчип баратат.
Картайдым дебей караңыз,
Шакирттер сизден жаралат.

Кыдырып кыргыз тоолорун,
Эл үчүн болду ойлоруң.
Карысаң жөлөп-таярга,
Калем сап болду жолдошуң.
Ылайым байке арыба,
Ырларың дайым колдосун!.

## АТАЙБЕК УУЛУ ӨМӨР ИНИМЕ АРНАДЫМ

Атаңдан тарбия алган жаш чактарың,
Атаңдай атка минип алчактагын.
«Аккан арыктан суу агат» – дейт кыргызымда,
Алыска дайым кетсин таскактарың.

Атаңды эстегенде элжирегин,
Ар-дайым унутпастан сезимдерин.
Адамдын асылдарын дайым сыйлап,
Атаңдын туусун кармап желбирегин.

Ден-соолугун чың болуп жаркылдагын,
Аман болуп балдарың-алтындарың.
Өмүрүң узун болуп Нарын суудай,
Ар дайым бөксөрбөстөн шарпылдагын.

Өмөр иним, өмүрүң узун болсун,
Өзүңө, бир тууганга бакыт консун.
Өйдөлөп кызматыңдан көтөрүлүп,
Өрүшүң ырыскыга дайым толсун.

Ырыскүл, ырыс чачкан жандан болсун,
Ызаттап бир өзүңө «тандай» болсун.
Ызат-сый, ак сүйүүңөр дайым кетпей,
Ылайым ынтымагың «балдай» болсун.

Бур тууганга чеп болгун, жөлөк болгун,
Бирөөлөргө ар-дайым керек болгун.
Бар болгун, тамырларың жүздөн тарап,
Бакча болгун, бак болгун, терек болгун.

Ар-дайым улап жүргүн ата салтын,
Алардын баскан изин, ордун баскын.
Жан-дүйнөм жактыргандан сага арнап,
Жүрөктөн толкунданып ырды жаздым.

***Бар бол тилеген максатыңа жет.***
***Жездең Жусуп.***

## Жазуучу-драматург, жазуучулар союзунун мүчөсү БАЗАРКУЛОВ КУТТУУМИДИНГЕ арнайм

Куке, драманы жаздың жашыңдан,
«Кут» кетпесин асыл башыңдан.
«Романдарды» жаратып,
Алкыш ал дайым калкыңдан,
Алган наамың кут болсун,
Куттуктайм элдин атынан.

Элиң үчүн, күнү-түнү чуркадың,
Өтүп кеткен инсандарды унутпадың.
Прозанын чыйырларын жараткан,
Алдыга чык «Алтын-Чөйчөк» – тулпары.
Арышыңды кере таштап зуулда,
Мактагандан, башка сөздү укпайлы.

Тогуз-Торо тоолоруңдай бийик бол,
Чыгарманын чыгааны бол, күлүк бол.
Калемиңден алтын сөздөр жаралып,
Калкың үчүн барктуу бол, ыйык бол.
Ойлогон максатыңа жеткиниң,
Прозаңа кааларыбыз ачык жол.

Куке, келечегиң кең алдыда,
Ден-соолукта болуп жаркыра.
Жазуучу болуп даңк алып,
Изиң калсын артыңда.
Өмүрдү берип жараткан,
Тоо суусундай Куке шаркыра.

Көрөңгүң көп билемин,
Көгөргүн иним, тилегим.
Көтөрүлсө экен деп,
Көп согот сага жүрөгүм.
Көпчүлүккө арнагын,
Көркөм сөздүн илебин

***Алган наамың кут болсун иним.***
***Чыгармачылык чоң-чоң ийгилик каалап, Жусуп***
***25.01.2002-жыл.***

## АГАМ АБДЫЛДАЕВ АСКАРАЛЫГА АРНАДЫМ

Ардактап дайым сыйлаган,
Атамдай болгон абамсың.
Акылдуу насаат сөздөрүң,
Жан-дүйнөдө жанасың.
Адамдан сиздей асылды,
Ааламдан кантип табасың.

Канча жыл элди башкардың,
Кызматтан чыгаан сыналдың.
Атанын уулу дедиртип,
Атаңдын атагын чыгардың,
Бечараларга бел болуп,
Үмүттүн отун сугардың.

Чындыкты дайым бетке айтып,
Элиңдин тартып таламын.
Чарбасын тейлеп көтөрүп,
Чагымчыл кезде жарадың.

Аздектеп сыйлайм атыңды,
Арстандай жүрөк агамдын.

Бел болуп бизге жүрө бер,
Узун болуп байке өмүрүң.
Ачык болуп көк асмандай,
Кирдебей дайым көңүлүң.
Адамга берип жылуулук,
Ай менен Күндөй төгүлгүн.

Чыгармаларды жараттың,
Эл-журтуңа арнадың.
Кудуретим күч берип,
Ак эмгектен талбагын.
Туу болуп байке жүрө бер,
Аска-Тоом, ырды арнадым.

***Бар бол Аска-Белим. Иниң Жусуп. 20.07.2000-ж.***

## АЛМАН ДОСКО БИР ШИҢГИЛ

Досторумду кээде мен сынаймын,
Асылдар анча-мынча саналат.
Токтоолуктан ат салдырып өтпөгөн,
Арабызда Алман достой жаралат.
Аман бол дос узун болсун өмүрүң,
«Алтын» башты «күмүш» чачтар аралап.

Бала кезден «чындык» менен оозанган,
Досторумдан кээде издеп таппадым.
Ойлогон максатыңа жеткиниң,
Ар дайым ачык болуп асманың.

«Чындык» менен ширеп койгон темирдей,
Өзүңдү тартып өсө берсин балдарың.

Иш дегенде уктабастан ойлонуп,
Ишмердикти сага берген жараткан.
Сөз дегенде шуру кылып тизмектеп,
Ойлонгонду табасың дос ар-жактан.
Кээ бир достон чай ичкенче тажайсың,
Акылдуу сөз айталбаса каяктан.

Эркектерге үлүгү болуп жүр досум,
Токтоо сүйлөп төрө пейил басканың.
Бизге деле аябастан берсеңчи,
Өзүңдөн кээде ашып калганын,
Тоолуктардан токтоо сендей досума,
Толкунданып ушул ырды арнаймын.

*Бар бол досум көз тийбесин.*
*Ырды арнап – Жусуп. 25.01.2002-жыл.*

## ТИЛЕК ДОСТУН ТУУЛГАН КҮНҮНӨ АРНАДЫМ

Куттуктап жазам бул ырды,
Тилектин туулган күнүнө.
Бактылуу болуп жаша дос,
«Кут» толуп дайым үйүңө.
Гүлбара менен магдыра,
Мас болуп күндө сүйүүгө.

Ден-соолугуң чың болсун,
Чыңап койгон темирдей.

Бийик болсун зоболоң,
Ала-Тоонун ашуу белиндей.
Үй-бүлөң менен көгөргүн,
«Алтын-Чөйчөк» жериңдей.

Аяшым менен тең кары,
Бактылуу болуп кыздарың.
Өзүңдү тартып өсүшсүн,
Аман болуп балдарың.
Аялың менен кеңешип,
Дос, Адылдан бирди жараткын.

«Тоо» жылында дайыма,
Аткарылсын тилегиң.
«Жылкы» жылда жыргагын,
Алдыга жылып иштериң.
Ар дайым досум гүлдөгүн,
Маңдайда болуп сүйгөнүң.

Кырктын чыгып кырына,
Кычырай турган учуруң.
Акылдан шумкар жаратып,
Алысты көздөй учкунуң.
Ансыз деле карасаң,
Акимге окшош турушуң.

Тоготпой кээде турушуң,
Тулпарга окшоп жүрүшүң.
«Ак үйдөн» иштеп кичине,
Алысты көздөй угулсун.
Кырк «асый» болгон Толигим,
Кулуктугуң билинсин.

Тамашалап ыр жаздым,
Таарынба досум Тилегим.
Өзүм кара болсом да,
Апакай сага жүрөгүм.
Тамашада чындык бар,
Дос, аткарылсын тилегиң.

Узун болсун өмүрүң,
Аккан дайра Нарындай.
Ачык болсун көңүлүң,
Ала-Тоонун жазындай.
Ажайып болсун өрүшүң,
Жайнаган «май» айындай.

***Туулган күнүң, куттуу болсун досум.***
***9.01. 2002-жыл.***

## АЯШ АТА «АК ТОЮҢУЗ» КУТТУУ БОЛСУН

Аяш ата «Ак сарай» куттуу болсун,
Ар дайым майлуу болуп сүттүү болсун.
Ден-соолугуңуз чың болуп, апам менен,
Үй-бүлөнүн желбиреген «туусу» болгун.

Ак жолтой дайым болуп ал үйлөрүң,
Жүзгө чыгып жашаңыздар бул тилегим.
Ар дайым тойлор болуп шаңга толуп,
Куда күтүп кызды узатып уулду үйлөгүн.

Уулдарыңыз аяш ата Сизди тартсын,
Кыздарыңыз апамдан таалим алсын.

Тамашалап ыр жаздым,
Таарынба досум Тилегим.
Өзүм кара болсом да,
Апакай сага жүрөгүм.
Тамашада чындык бар,
Дос, аткарылсын тилегиң.

Узун болсун өмүрүң,
Аккан дайра Нарындай.
Ачык болсун көңүлүң,
Ала-Тоонун жазындай.
Ажайып болсун өрүшүң,
Жайнаган «май» айындай.

***Туулган күнүң, куттуу болсун досум.***
***9.01. 2002-жыл.***

## АЯШ АТА «АК ТОЮҢУЗ» КУТТУУ БОЛСУН

Аяш ата «Ак сарай» куттуу болсун,
Ар дайым майлуу болуп сүттүү болсун.
Ден-соолугуңуз чың болуп, апам менен,
Үй-бүлөнүн желбиреген «туусу» болгун.

Ак жолтой дайым болуп ал үйлөрүң,
Жүзгө чыгып жашаңыздар бул тилегим.
Ар дайым тойлор болуп шаңга толуп,
Куда күтүп кызды узатып уулду үйлөгүн.

Уулдарыңыз аяш ата Сизди тартсын,
Кыздарыңыз апамдан таалим алсын.

Небере-чөбөрөлөр Тилекти тартып,
Келечекте «оттой» болуп күйүп-жансын.

Аяш ата аткарылсын ойлоруң,
Кыдыр даарып «Алтын-Чөйчөк» колдосун.
Өссүн дайым бийик болуп уулдарың,
Тартып дайым Тогуз-Торо тоолорун.

Ак тойдо толкунданып турамын,
Апам менен «жүзгө» чыксын курагың.
«Ак сарайда» той өткөрүп ошондо,
Ак тилектен ырды арнап сунайын.
Бүгүн болсо кабыл алып коюңуз,
Ушул ырды «белек» кылып сунамын.

***Аяш ата, Аяш апа «тоюңуздар» куттуу болсун.***
***Ырды арнап уулуңуздар Камбаралиев Жусуп.***
***7.01.2002-жыл.***

## «НООРУЗ» МАЙРАМЫ МЕНЕН МЕЛИС ДОСТУ КУТТУКТАЙМ

Кут болсун Мелис-Ноорузуң,
Кыйкырып чыксын добушуң.
Кызматка жаңы олтуруп,
Көркөмдүү болсун конушуң.

Аман болуп Канышың,
Арнап жүр жүрөк жартысын.
Ден-соолугун чын болуп,
Нарындай ташып агылгын.

Куттуу болуп кызматың,
Жашоонун көргүн жыргалын.
Ар-дайым колдоп жүрсүнчү,
«Саймалуу таштын» сырлары.

Иштей турган досум убагың,
Өмүрдүн берсин-булагын.
Тамчыдан дайра куралат,
Токтобой аксын сууларың.

Аман болсун кыздарың,
Убайын көрүп жыргалдын.
Мелистен бирди жаратып,
Күнү-түнү досум чуркаган.

Өчпөсүн досум, очогуң,
Куттуктап келди досторуң.
«Ноорузда» чогуу чай ичип,
Айтышсын жакшы ойлорун.

Калган жок досум, жаштыгың,
Катуураак чыксын басыгың.
Токойду, тоого алмаштың,
Ишиңден каймак калпыгын.

«Пириң» болсун тоолоруң,
Ар-дайым ашып ойлоруң.
Ишиңде болуп ийгилик,
«Кыдыр» даарып колдосун.

Ачык болуп жолдоруң,
Ызат-сый көрүп, тойлогун.

«Жылкы» жылы жылоолоп,
«Тоо» жылы дайым колдосун.

Кыдыргын тоонун кырларын,
Туристин тартып сырларын.
Белек болсун өзүңө, досум,
Жүрөктөн чыккан ырларым.

***Бар бол досум, ишиңе ийгилик каалап Жусуп.***
***21.03.2002-ж.***

## ӨМҮРБЕК ДОСКО БИР АРНОО

Ат салышып кызматтарда өзүң жүрдүң,
Керегине жарагын кыргыз элдин.
Үй-бүлөң менен дайым аман болуп,
Атыңдай жаратканым «өмүр» берсин.

Өмүке үй-бүлөңө «бакыт» консун,
Ар-дайым «асфальт» болсун баскан жолуң.
Ишиңде ийгиликтер аша берип,
Аткарылсын алдыга койгон оюң.

Үйүңө ырыс-кешик келе берсин,
Уулду үйлөп, куда күткүн, кызды бергин.
Толкунданып жазган ырды сага сунам,
Окуп койгун, чыгарып сага бердим.

Пейилиңдей «өмүрүң» кенен болсун,
Тойлор болуп үйүңө ырлар толсун.
Карыбастан кадимкиңдей жүрө бер дос,
Карысаң эки эсе жыргал болсун.

***Ден-соолугуң чың болсун досум.***

## БЕКСУЛТАН ДОСКО АРНАДЫМ

Бар болгун досум Бексултан,
Бай болсун үнүң «Баритон».
Музыкада жыргап жүрө бер,
Угулуп үнүң алыстан.

Басыгың кетсин алыска,
Кала бер досум тарыхта.
Жаралыпсың ырдашка,
Жаштарды сен карытпа.

Талантты кудай тандаган,
Бексултан сага арнаган.
Жаз келатат жайнаган,
Музыкага толсун айланаң.

Ат күлүгүн жер билет,
Таланттууну эл билет.
Ыр дүйнөдөн созгондо,
Жүрөктөр кетет элжиреп,

«Ак бата» элиң беришсин,
Туу чокуга жетишсин.
Ырдаган ырчы көп эле,
Алар деле келишсин,
Табылбайт үн сендеги,
Чындыгында «дефицит».

# ИНИМ ДАМИР ТАГАЙБЕК УУЛУНА

Адамдан чыгаан жаралбайт,
Ардактап байрак кармабай.
Аккан арыктан суу агат,
Атактуу Ата-Бабаңдай.
Шарпылдап иним аккының,
Шар аккан Нарын дайрадай.

Чын пейлиңден сүйлөгөн,
Сөздөрүң жанга дем берген.
Аткарган иштен дайыма,
Атка минип бийиктеп.
Ар дайым жүргүн бел менен.

Куттуктап каалоо айтарым,
Кызматың иним кут болсун!
Аман болуп кылымга,
Үй-бүлөңө «кут» консун.
Өң менен түштө тилеген,
Ойлоруң Дамке бүт болсун!.

*Сизге чын ден-соолук, узун өмүр каалап,*
*агаң – Камбаралиев Жусуп.*

## Жеңиш күнүн куттуктап, майор АЙДАРОВ ЖЕҢИШКЕ арнаймын достук куплеттер

Куттуу болсун! Жеңиш майрамың,
Куттуктаган «кара шумкар» – майоруң.
Көтөрөйүн бир капли калбасын,
Кармап турган, чынымдагы айраным.

Майрамыңа тилектешмин мен дагы,
«Арак» берсең, аны дагы алайын.
Бүгүн майрам, мас болгончо ичели,
Кана досум, шарабыңды кармагын.

Кан майданды – сен да басып келгенсиң,
Экинчи жолу «Афганга» барбагын.
Ээн баштанып, кетип калсаң өзүн бил,
Күтө албайт ко, аяш менен балдарың.
Андан көрө эшек оюн сала бер,
Аябастан, тосуп алаар алганың.
Узун бойлуу, мурду коңкош көбөйүп,
«Жеңишбектер», желбиретсин байрагын.

Жылмаңдаса кээ бир сонун келиндер,
Жыландай жылып барып, арбагын.
Азоо сымал, баш бербеген кээ бирин,
Жөргөмүшчө баса калып байлагын.
Мен айтканга макул болбой кээ бири,
Өкүнүшкөн, кырча тиштеп бармагын.
Эстедиңби ошондогу өткөргөн,
Кандагардын катыны жок айларын.

Күнгө күйүп, ысык шамал аймалап,
Эстен кетпейт, каңгыраган сайлары.
Андан көрөк, шарап ичип шаңдангын,
Шаңга бөлөп, аталардын майрамын.
Тогуз-Торо тоолуктардын жергеси,
Калбасынчы көкүрөктө арманың.
Бере-берсин ойлоруңдун баарысын,
Алла-Таала аябастан калганын.

Военкомубуз, Айдаров Жеңишби?
Бул майор кыргызбы? Же немиспи?
Витамини көп болуп төрөлгөн,
Убагында кандай эне эмизди.
Койсо керек, хавайт этип баарысын,
Бизге дагы калтырбастан жемишти.
Ишенбесең, азыр барып карагын,
Айдаров арыкпы? же семизби?

Военкомдун, столбадай майору,
Баракелде, Айдаровдой болобу.
Баарынан жакшы көргөн тамагы,
Канча болсо басып койот бозону.
«А» тамгага жакындаба жан досум,
Аябайт ко, жүзү жаман ошонун.
«А» тамганын атаманы болчумун,
Азыр болсо, ал жумуштан бошодум.

Бардык достор бункерине чогулуп,
Бакылдашып, уй мүйүз тарта олтуруп.
Курултайды биз катыра өткөрүп,
Бокалдарды баса-баса толтуруп.
Картка чийип, азимутун таба албай,
Кээ бирөөсү, кала берчү тоорулуп.
Андан ары улаганда сабакты,
Калычубуз, резинкадай чоюлуп.

Досторуң бар сборный команда,
Чогулушкан бир күндө эмес – далайда.
Аэропорт бар, өкмөтү бар, бошу бар,
Алар азап, «крутойлор» абайла.

Катындары өтүн алат кээ бирин,
Андан көрө ошолорго жаманда.
Аянычтуу алар келсе алдыңа,
Арактан куй, алар деле адамда?.

Кошулуп жылдызыңа жылдыздар,
«Генерал» бол келечекте кыргызда.
Погонунда чоң жылдыздар жаркырап,
Көтөрө албай ары-бери ыргышта.
Капаланба кээде болот кемчилик,
Өйдө болот, ылдый болот турмушта.
«Кум чайка» кругунун атынан,
Досуң жазган ырларын-унутпа.

***Майрамың кут болсун.***
***9.05.1997-ж.***

## КЫЛЫЧ ДОСКО БИР ШИҢГИЛДЕР

Кылычсыңбы? Курчсуңбу?...
Кыя чаап кесип тизгинди.
Кызмат үчүн кыялап,
Көк-Жаңгакка түштүңбү?
Казармада байланган,
Казыгыңды үздүңбү?
Кайын-журтка жакындап,
Келишимди түздүңбү?
Кум-Чайкалар келет деп,
Казан асып күттүңбү?
Кыйбастарга жолугуп,
Конок болуп бүттүңбү?

Унутпагын бирге өткөргөн күндөрдү,
Узатышып, жетелешкен түндөрдү.
Чогулганда токойлордон бирге үзгөн,
Тоолуктардын татынакай гүлдөрүн.
Тогуз-Торо тоолуктардын жергеси,
Көнүп калдың, кайра келип жүрбөгүн.

Унутпагын Нурмат, Нурбек, Жеңишти,
Казысы жок кайыш балбан Сейитти.
Данияррың, Нурманбетиң, Жусубуң,
Алар дагы узатууга келишти.
Аптеканын арагынан көп ичтиң,
Айтып жүргүн, асыл достон-Эрнисти.
Азыр болсо, Абдыш досуң келбеди,
Аялы экөө жарашканы кетишти.
Көрүшкөнгө, Көк-Жаңнгакка биз барсак,
Унутпагын, көмүр алып беришти.

Ишиңе каалайм ийгилик,
Доскада турсун сүрөтүң.
Даңкталып дайым илинип,
Чоңдоруң менен бешсиң го?
Бөлүмгө койду «бий» кылып,
Күнү-түнү иштей бер,
Бул жактагыдай жүгүрүп.
Ден-соолугуңду чыңдай бер,
Муздак сууга киринип.
Үй-бүлөң менен аман бол,
Хозяиндигиң билинип.

Беш тыйын болсо камтый бер,
Ар кимге керек тирилик.

«Алтын-Чөйчөктөн» узатып,
Авторитетиң билинип.
Анда эмесе, узаталы ыр менен,
«Кум-Чайканын» командасы биригип.

Достордон эсте Нурматты,
Жакшы эле көрдүң урматты.
Толук достон Нурбекти,
Жакшы эле сени жыргатты.
Узун достон Жеңишти,
Бункерден далай жегизди.
Караңгы түндө сыйлоочу,
Кайыш достон – Сейитти.
Дангел достон, – Данияр,
Сыйлоочу элең баарыңар.
Базарком дос Нурманбет,
Базарды ошол курган деп.
Аптекар дос Эрнис,
Аракты ичип, жедиңиз.
Шарактаган Шаршенбек,
Шаарга чейин барсам дейт,
Дүңкүйгөн дос Дунайчы,
Кыйын жигит бул дагы.
Аялы жок Абдышчы,
Арак ичип табыштың.
Коллегадан Жусубуң,
«Кара-Шумкар» жазды деп,
Ырларын оку ушунун.
Ар бирин эстеп унутпай жүр,
Парызы ошол кишинин.

***М.П. «Кум-Чайка». 19.09.1997-ж.***

# ДОКТУРЛАРГА БИР ШИҢГИЛ

Оорукана орусча аты «Больница»,
Ооруганда жаза кетиш парз да.
Акча-жокто дары-дармек аласың,
Эжекелеп, аптекадан карызга.
Шаардан барып алайын деп ойлосоң,
Шайтан алгыр, жакын эмес алыста.

Жан керекпи? жанталашып аласың,
Калбай калса, как талаада каласың.
Какшасаң да, ыйласаң да арга жок,
Акырында оо дүйнөгө барасың.
Каалабасаң ошол жакта жүргөндү,
Карбаластап, кайдан болсо табасың.

Жан кыйналып, жардам сурап келгенде,
Ыраазыбыз доктур жардам бергенде.
Иттей болуп шыйпаңдагың бир келет,
Доктурларды маңдайынан көргөндө.
Ошондуктан барктуу тура дайыма,
Кайдан көрсөм отурушат төрлөрдө.

Ооруларды өзүбүзгө тилейбиз,
Кандай ичип, кандай жешти билбейбиз.
Кыйраткансып жеңил жүрүп кышында,
Жылуу ичик, жылуу кийим кийбейбиз.
Жаныңды карап, жакшынакай жүр десе,
Жаман көрүп жубайларды тилдейбиз.

Аргабызды алсыраткан оору го?
Арачалап алып калчу дары го.

Сатып алсаң, кайра өзүңдү бишкектейт,
Колуң менен жамбашыңдын шору да.
Эмне десе бардыгына макулбуз,
Тагдырыбыз доктурлардын колунда.

Жарашат го, ак халатың, чепчигиң,
Тилдесең да бүт барысы кечирим.
Бала кезде, мен да карап суктанып,
Чоңойгондо доктур болом дечүмүн.
Бирок турмуш, «форма» берип иштетти,
Ар ким сүйөт, тандап алган кесибин.

Ишиңерде кайгы-капа болбосун,
Барыңардын максатыңар оң болсун.
Кийиминңердей, тилегиңер ак болуп,
Гиппократтын анты дайым колдосун.
Үй-бүлөңдө дайым болуп сүйүнүч,
Алдыңарда «асфальтталган» жол болсун.

***21.02.1997-ж.***

# АЗИЛ ЖАНА ЖАНЫШМА, ТАМАША ЫРЛАРЫ

## БИР ЧОҢУМДУН АЗАБЫ

Убагында аткардым айтканымды,
Таап кел десең, тапчу элем татканыңды.
Канча жолу бут тостуң жыгылсын деп,
Көралбастан кызматтан аттарымды.

Көргүң келбей сабаттуу жазганымды,
Ооздуктадың чыга турган таскагымды.
Опурулуп калп жерден күнөөлөдүң,
Түшүрчүдөй төбөдөгү асманымды.

Акыл жактан өзүңдөн ашканымды,
Көралбастан, көп салдың капканыңды.
Убакыт өтсө эстеп алып ичип күйөт,
Канча жолу мылтыксыз атканыңды.

Акмактарга колтугуңду ачканыңды,
Абийириңди көр тыйынга сатканыңды.
Азыр ойлоп өзүмчө намыс кылам,
Уялбастан көчөдө басканыңды.

Билчү элем белчеден батканыңды,
Акмак болсом, күбүйт элем шайтаныңды.
Ага деле билмексен болуп жүрдүм,
Кыргызбыз да сыйладым калпагыңды.

Азыр мен көргүм келет карганыңды,
Шылуундукка үйрөттүң го балдарыңды.
Адамдык касиети болбогон соң,
Айла жоктон чыгардым арманымды.

# АДАМДАРДАН! АЙБАНДАРГА ОКШОШ БАР

Адамдарды байкап көрсөң аралап,
Айбандарга окшоштору жаралат.
Кебетеси, мүнөзү да өзүндөй,
Кээ бирөөгө айтып койсоң таң калат.

Аюусу бар майпаң басып уктаган.
Үңкүр кылып үйлөрүнөн чыкпаган.
Балдарынан момпосуйду талашып,
Ачуу эмес, таттуу жакты ыктаган.

Бөрүсү бар алдым-жуттум тойбогон,
Уктабастан күнү-түнү жойлогон.
Ыгы келсе баса калып жечүдөй,
Жара тартмай адаттарын койбогон.

Түлкүсү бар куулугу ашынган,
Бирөөлөрдүн куйругуна жашынган.
Кыт-кыт күлүп жакшы адам көрүнүп,
Уялбастан ушак сөздү ташыган.

Маймылы бар маскарапоз кейиптенген,
Катуу айтсаң да кулагынан өтпөгөн.
Жакшы, жаман эмне экенин билбестен,
Мылжыңдап акыл-эси жетпеген.

Чөөсү бар жамандыкты издеген,
Маңдайыңдан таттуу сөзүн сүйлөгөн.
Сөөмөй менен чукуп коюп артыңды,
Табаа кылып жакшылыкты билбеген.

Жыланы бар чагып алып соймоңдойт,
Кыйраткансып кыйын болуп койкоңдойт.
Тешик болсо кирип кетет түз эле,
Абийринин төгүлөрүн ойлонбойт.

Эшеги бар ойлонбостон айкырган,
Көр дүйнөгө көк мээ болуп сатылган.
Жакшы айтсаң түшүнбөгөн немени,
Тилдеп койсоң арсалаңдап басылган.

Айбандардан мен азыраак айтканым,
Салыштырып карап туруп байкагын.
Кулк-мүнөзүн карап туруп атын кой,
Сынап туруп адамдардын калганын.

## АДАМДА БОЛОТ АР КАНДАЙ

Бирде ысып бирде үшүгөн,
Мен бир топту билген кишиден.
Билинбей өткөн турмушту,
Мен кагазга жазып түшүрөм.

Адамдын баскан изинен,
Көрүнөт кээде ишинен.
Көпчүлүк менен жашашса,
Көпкөндү карап түшүнөм.

Аралап көбүн караймын,
Асылы болот адамдын.
Ак эмгек менен жашашса,
Ардактап аны баалаймын.

Кемпайы болуп кишиден,
Кээ бирөө чыгат ичинен.
Айла жок мен да сактанам,
Адамдан чыккан итинен.

Жакшы адам менен жаманды,
Адилет карап баалайлы.
Тарбия берип жаманга,
Тартышкан адам таалайлуу.

## ГАИ БОЛУП ИШТЕДИМ

Көп жылдары мен ГАИде иштедим,
Жаман көрүп айдоочунун ичкенин.
Мүмкүн ал кубангандан ичкендир?
Мүмкүн ал капалыктан билбедим.
Эрежени анча-мынча бузганды,
Эскертип айып салып тийбедим.

Ышкырып «Ала таяк» колумда,
Ак жол каалап айдоочунун жолуна.
Эстеликтей далай жолдо турчумун,
Кырсыктар болбосун – деп оюмда.
Айдоочудан акча албай турсам да,
Кээде мен кабылчумун «торуна».

Айдоочулар жаңылыштык кетирсе,
Ышкырып «ала таяк» серпилсе.
Автоунаалар ала качпай токтоочу,
Сыйкырдуу күч бул таякка берилсе.
Айдоочуну арбап туруп кетирем,
Байкелеп жанды койбой өтүнсө.

ГАИ менен шофёр кызык адамдар,
Бирөө берет, бирөө акча алгандар.
Түшүндүрсөң бирөө бузуп эреже,
Экинчиси дайым айып салгандар.
Убагында пайдалансам болмок деп,
Эстегенде күчөп кетет армандар.

## ДӨҢСҮҢБҮ? БИР ДОСКО

Бул дүйнөгө түркүк болгон сенсиңби?
Төштү кагып жоону тоскон эрсиңби?
Жакшы жактан атың чыкса болмок ко,
Бар бол досум сен ушунча дөңсүңбү?.

Өзүңдү укмуш сезген сенсиңби?
Жакшы адамдан ушунчалык кемсиңби?
Акыл айткан адамдарды укпаган,
Ай! Досум! Ушунчалык дөңсүңбү?

Акыл айтып дагы бирөө келсинби?
Кыркка чыксаң сага сабак берсинби?
Жакшы менен жамандыкты билбеген.
Жаман досум сен ушунча дөңсүңбү?

«Дөң» дебейин жакшы жолго түшкүнүң,
Жакшы жагын алып дайым кишинин.
Калыс жүрүп эмгектенсең талыкпай,
Убайларды көрөсүң дос ишиңдин.

## КҮЧҮК

Арсыз үргөн адам бар,
Арабыздан жаралган.
Кабанаак чыккан күчүктөй,
Калп сөздөргө байланган.

Эл үчүн нерсе ойлобойт,
Эрдемсип жүрөт жорголоп.
Абийирин саткан булардын,
Адамдык аты кор болот.

Калыс сөздөн кыйшаңдап,
Чоңдорду көрсө шыйпаңдап.
Уялбай карап эл-журтту,
Басып жүрөт жылмаңдап.

Жакшыдан таалим алсаңчы,
Кеч эмес азыр барсаңчы.
Көп жерден кордук көрөсүң,
Көчөдө жалгыз калсаңчы?.

Качанга чейин тыңчысың,
Кезеги келсе тынчыйсың.
Камчыны башка жегенде,
Каңк! – этип куйрук кыпчыйсың.

## АРАКЖАНДЫН СҮЙҮҮСҮ

Арак калды бир адамды жактырып,
Алдап турду кээде ууртап-таттырып,
Адам сүйүп жакыныраак таанышып,
Анан өттү жүз граммдан бастырып.

Сырдуу күчкө билинбестен тартылып,
Адам ырдап кээде күлүп, каткырып.
Чүлүк салып жетеледи мурундан,
Арак шумпай азыткыдай азгырып.

Стакан, арак, адам үчөөнүн,
Күндөн-күнгө сүйүүсү күчөдү.
Адам байкуш билбей калды магдырап,
Бөтөлкөнүн төшөгүнө кирерин.

Арак аны кучагынан чыгарбайт,
Адам байкуш ал сүйүүсүз тура албайт.
Бирөө күлсө, бирөө ыйлап муңканып,
Эки аялдын ортосунда кыйналат.

Атакелеп балдар турса аймалап,
Баласындай стаканды кармалайт.
Кайсы бирин жыттаарын билбестен,
Каңгып башы, караңгылап айланат.

Бир күнү үй-бүлөөлүк сот болду,
Бир топ күнгө үй түрмөгө соттолду.
Ашып арман, куса болуп сагынып,
Аракжанды айласыздан жоктоду.

Адам ойлоп эми келди акылы,
Мурункудай үйдүн «куту» ачылды.
Соту жок ажырашып кетирип,
Таштап коюп, аракжанды «мат» кылды.

# УЯТ БОЛГОН УШАКЧЫ

Бир адам бар, калпты диндей тутунган,
Бир сөз укса, куюн кылып учурган.
Кантип кана кутулаарын ойлошот,
Карапайым калкым кээде ушундан.

Ушак айтып карганчакты койбодуң,
Кагыштырып, аткарылып ойлоруң.
Кармалбастан куу түлкүдөй ойт берип,
Калкты аралап, канча жылдап жойлодуң.

Элди бузган калпычынын ушагын,
Кармап алып, чындык келип тушады.
Зоопарктагы маймылдардын артындай,
Эки бети уялгандан кызарды.

Калп сөзүңдөн куску келип элдериң,
Сасык болуп ооздон чыккан желдериң.
Уйга окшоп мурдунан суу кетпеген,
Уятыңдан боргулданып тердедиң.

Уялганың, эми келди акылың,
Ушак кептин эми сездиң сасыгын.
Убагында кагыштырып далайды,
Канча жолу берип келдиң катыгын.

Чынчыл болуп туз сүйлөп басканга,
Ушул адам болсун мисал жаштарга.
Алыс болуп элди бузган ушактан,
Акыл менен ар-намысты тапканга.

## ТОКТО, ТОКТО! АЙТАМ КЕП

Эркектен бар кээ бирөө.
Эзилип сөздү көп айткан.
Эрмеги эле болбосо,
Мааниси жок сөздөрдөн,
Тажагандан баш каткан.

Аялдан бар кээ бирөө,
Ушак сөздөн көп айткан.
Эриктирбей эки үйдү,
Эрмек болуп жаралган.
Уялгандан баш ийкейм,
Уятсыз дайым тажаткан.

Токто, Токто! Ачык сөздү айтайын.
Адамсыңбы, кандай өткөн жаш чагың?
Айбандар да алып жүрөт ийининде,
Ар кимиси ардактаган баштарын.

Токто, Токто! акыл менен ойлогун,
Жаман жактан атак-даңкка конбогун.
«Эстүү эркек, аял зат» – деп аталып,
«Эл бузаардын» бирөөсүнөн болбогун.

## КЕМ АКЫЛ

Кырктан ашса кычырап,
Кыздарды көрсө ышкырат.
Мааниси жок сөз сүйлөп,
Малдай болуп бышкырат.

Адам экен деп жүрсөң,
Абийириң төгүп ит кылат.

Аксакалдар турганда,
Саламы жок колду сунганга.
Накыл сөздү укпастан,
Ушак сөзгө бурганда.
Сөлтүк кылып адамды,
Сөз жетпейт кудай урганга.

Калп ойлонуп үшкүрүп,
Каадаланып сүзүлүп.
Кылдай нерсе жасабай,
Кыйраткансып бүтүрүп.

Баркын билбейт кишинин,
Баасын билбейт ишинин.
Акылдууну көрө албай,
Тардыгын айтпа ичинин.
Жашообуз жакшы, жаманбы?
Баардыгы ага бир тыйын.

Акчага сатып абийирин,
Тууганбы, доспу баары бир.
Асманга колу жеткенсип,
Адамдын билбейт кадырын.
Эрдемсип жалгыз чыккансып,
Эл-журттун көрбөйт асылын.

Ата салтын колдонбойт,
Ар-намыс үчүн толгонбойт.

Жакшы сөз айтсаң айкырып,
Жыландай болуп соймоңдойт.
Сөзгө сынып жүргөнүн,
Кем акыл аны ойлонбойт.

## БИЛИМЧИЛЕР

Адамдардан, адамдарды тууураган бар,
Акылдуудан, акыл-эсти сурагандар.
Руханий дүйнөсү тайыз болуп,
Ой жүгүртпөй, кыйналып куурагандар.

Эки сөздү кошуп туруп туура айталбайт,
Акылдуунун сөзүн уурдап пайдаланат.
Көпчүлүккө көп сүйлөп акылсынып,
Төштү кагып, ары жок каадаланат.

Чай кайнамда сүйлөшсөң түшүнөсүң,
Чалкаласа, көпкөндүн бири дейсиң.
Оруну жок сөз сүйлөп опурулса,
Үрүп жаткан адамдын, ити дейсиң.

Бизге окшогон, билими жогорудан,
Каадаланат сөз бөлүп, ойлоп турсаң.
Канча деген агайлар билим берип,
Кайран мээни буларга коротушкан.

Сен жазганды оңдоп алып сүйлөп турса,
Билимдүүдөй, менменсинип бийлеп турса.
Мындайларга эмне деп сөз айталам,
Көрүп алып, көңүлүм кирдеп турса.

Көмөч тартып күлүнө өзүмчүлдөр,
Көпчүлүккө акылдуудай көрүнчүлөр.
Калк арасын аралап таң каламын,
Кайдан чыккан ушундай-белимчилер.

## АДАМДАРБЫЗ ОЙЛОНТКОН

Арабызда адам бар,
Сөз сүйлөбөй тултуят.
Ага сөздү ашырсаң,
Ар кимди карап кылтыят.
Ооз ачкандан эринип,
Оозун койгон кулпулап.

Түшүнбөгөн бирөө бар.
Түйшөлүп такыр кенебей.
Орунсуз сөздү куюлтат,
Элекке салып, элебей.
Түшүнбөй аны каласың,
Бакылдап жүргөн текедей.

Адамдардан дагы бар,
Адам эмес жаныбар.
Курсактан башка ойлобойт,
Кудай урган жагы бар.
Ачыбаган камырдай,
Арабыздан таанып ал.

Сөзгө чебер бирөө бар,
Таамай кептен жылдырат.

Тамашалап тийишсең,
Таасын сөздөн сындырат.
Көк бөрү кылган улактай,
Көпчүлүккө ит кылат.

Мен, арасында ким болом?
Мээм жетпей ойлоном.
Өзүмө сынды бере албай,
Өрт болуп күйүп толгоном.
Сырын ачып бирөө айтаар?
Сындан куйрук толгогон.

# МАХАБАТ ЫРЛАРЫ

***Махабатым жан дүйнөмө дем берип,***
***Ырахаттуу ыргагында термелип.***
***Жүрөк ыйлап, кайгысына кабылып,***
***Жүрдүм кээде дервиштердей сандалып.***
***Турмуш көчү азыткыдай ээрчитип,***
***Түркүнүнөн кээде калдым алданып.***

## АЯЛ ЗАТ

Биз үйгө турак болсок,
Аял зат чырак болсун.
Үй-бүлө курап койсок,
Башаты булак болсун.
Кайгырган убак болсо,
Акыбал сурап койсун.

Биз үйгө тирек болсок,
Аял зат жүрөк болсун.
Көңүлдөр кирдеп калса,
Жылыткан илеп болсун.
Капалык бийлеп алса,
Жакшылык тилеп койсун,

Үйлөргө бакча болсок,
Аял зат гүлү болсун.
Куш сымал бакка консок,
Сайраган үнү болсун.
Сезимин байкап калсак,
Эзилип сүйүп койсун.

Үйлөрдүн туусу болсок,
Аял зат куту болсун.
Көңүлдүн кушу болсок,
Чаңкаткан суусу болсун.
Атанын уулу болсок,
Эненин кызы болсун.

## СҮЙГӨНҮМ

Элеси келип бирөөнүн,
Эзилип кетет жүрөгүм.
Энеси сенсиң балдардын,
Эсен жүр менин сүйгөнүм.

Арбады сенин күлгөнүң,
Арзуудан сага үйлөндүм.
Апасы сенсиң балдардын,
Аман бол менин сүйгөнүм.

Өмүрлөш менин түгөйүм,
Өкүнтпөйт өткөн күндөрүм.
Өзүңсүз жашай албаймын,
Өмүрлүү болчу сүйгөнүм.

Сыйкырлап сенин илебиң,
Сыйлайсың аны билемин.
Сыйлашып жашап өтөлү,
Суранам сенден сүйгөнүм.

Барктап мен дайым жүрөмүн,
Бар болчу менин тилегим.
Балдардын көрүп убайын,
Бактылуу болчу сүйгөнүм.

## ОКШОЙСУҢ СУУНУН ПЕРИСИ

Сагынтып жаштык кезимди,
Салкын жел соккон көлүмдү.
Эс алып сүзүп экөөбүз,
Элестеп кеттим деңизди.

Балыктай сүзсөң таң калдым
Бар окшойт суунун периси?

Айта албай сөздү айбыгып,
Ансайын жүрөк сагынып.
Алкымдан жыттап ийгенде,
Агай! – деп турдуң таарынып.
Айга окшош суунун периси,
Арзуумду койчу кандырып.

Жарк эткен нурлуу бетиңди,
Жаадырап турган көзүңдү.
Жалдырап тиктеп карасам,
Жалындап козгойт сезимди.
Жыргалга бөлөп жүрөктү,
Жылытчы суунун периси.

Санаага салып көңүлдү,
Сагынтып Ысык-Көлүмдү.
Жылдарым өтсө эстеймин,
Жылыткан ошол демиңди.
Алкымдан азыр жыттасам,
Асылым, суунун периси.

«Ыйык» деп Ысык-Көлүмдү,
Сагынып ысык демиңди.
Ыр жазып азыр олтурам,
Ызаттап асыл сөзүңдү.
Ар-дайым козгоп жүрөктү,
Аман бол суунун периси.

## УНУТПА

Бакытты берсе кызматтан өсөрүңдү унутпа,
Колду сунуп асманга жетериңди унутпа.
Кызматың теке мүйүзү эмес дос,
Бир күнү, кетериңди унутпа.

Ажал келсе, дүйнөдөн өтөрүңдү унутпа,
Кайгы болсо, кападан мөгдөрүңдү унутпа.
Алаамат түшсө айылыңа дос,
Эл менен көчөрүңдү унутпа.

Ата-Энедей, балаңды аярыңды унутпа,
Ата-Энеңди караганда багаарыңды унутпа.
Көздөрү өтсө дүйнөдөн дос,
Жетим болуп, каларыңды унутпа.

Катуу оорусаң төшөккө жатарыңды унутпа,
Дары-дармек айласыз аларыңды унутпа.
Арачы түшүп доктурлар дос,
Ажалдан аман, каларыңды унутпа.

Ызат-сыйдан, ырыскы табарыңды унутпа,
Жамандык болсо, жакынга барарыңды унутпа.
Кадырлашып жүрбөсөң досум,
Туугандан, калаарыңды унутпа.

Каадалансаң бир сөздөн сынарыңды унутпа,
Капа кылсаң бир достон чыгарыңды унутпа.
Жакының өтсө дүйнөдөн досум,
Жашып, ыйларыңды унутпа.

# КЫЗДЫН МАХАБАТЫ

Ачылган гүлдөй кезимдин,
Толкутуп жүрөк сезимин.
Арналып турган сүйүүмдү,
Туйсаңыз агай, кечиргин.

Аргасын таппай өзүмдүн,
Эмне үчүн мынча берилдим.
Элесиң күндө тартылып,
Эзилип кетет көңүлүм.

Түш көрсөм, түштөн көрүндүң,
Тунук суу болуп төгүлдүң.
Айласыз айттым сүйүүмдү,
Ашыкча кетсем кечиргин.

Сиз үчүн согуп жүрөгүм,
Сырларың болуп жүрөйүн.
Жан биргем болчу дайыма,
Жашырбайм агай сүйөмүн.

Албырып турган убагым.
Алдаба жаным сурарым.
Ай нуру күбө болсунчу,
Агай, Ай толгондо чыгайын.

Жүрөктүн чечип сырларын,
Жүзүңдөн сүйүп турайын.
Жылдызым болчу өчпөгөн,
Агай, жылдыздар толсо чыгайын.

## ЫРЛАРЫМ БОЛЧУ ЖҮРӨКТҮН

Арноосу болчу тилектин,
Ажайып жашоо бирге өтсүн.
Армандуу болуп сыздаган,
Аруусу болчу, дарысы болчу Жүрөктүн.

Махабат гүлү гүлдөсүн,
Менден башка үзбөсүн.
Мээримиң чачып сугарчы,
Мөндүрү болуп, жамгыры болуп Жүрөктүн.

Барктаймын аны билесиң,
Башынан сени сүйөмүн.
Бейиштин төрү сыяктуу,
Бакчасы болчу, гүлдөрү болчу Жүрөктүн.

Сезимдер кушу түнөсүн,
Сезбестен аны жүрөсүң.
Сенден башка билбеген,
Сырларым болчу, ырларым болчу Жүрөктүн.

## ЧАЧАЛЫ СҮЙҮҮ БЕРМЕТИН

**Жигит:**
Жайлоонун кызыл гүлүндөй,
Жан биргем жүрчү түңүлбөй.
Жалдырап көпкө карайсың сен,
Жалгыз бир калып сүйүүдөн.
Жармашып сага калбаймын,
Жашынбай чыкчы үйүңдөн.
Жакшылап чечип ойлонуп,
Жар болчу мага бүгүндөн.

**Кыз:**
Ашып бир кетип күйүтүң,
Арсыз сен кандай жигитсиң.
Ар кимге сөзду көп айткан,
Алдамчынын бирисиң.
Ачылган тоонун гүлдөрү,
Арнабайт сага сүйүүсүн.
Астынан неге кетпейсиң,
Айланып кечке үйүмдүн.
Кайырма: Адамдар үзбөйт үмүтүн.

**Жигит:**
Ойлончу бүгүн убагың,
Отузга жакын курагың.
Обу жок болуп качпагын,
Опсуз бир окшойт кыялың.
Оргуштап чыккан сүйүүмдү,
Өтүнүп сага сунайын.
Өмүрлөш жарым болсо деп,
Өзүңдү күтүп турамын.

**Кыз:**
Жашымды неге сурадың,
Жакшы эле менин кыялым.
Жаш кезден бери жактырбай,
Жигитти көпкө сынаймын.

Жактырбай койсом келет ко,
Жашыңды төгүп ыйлагың.
Жакшы эле жигит окшойсуң,
Жактырып мен да турамын.
**К а й ы р м а:** *Жандырып сүйүү чырагын.*

**Жигит:**
Жактырам айткан сөзүңдү,
Жанымдай көрөм өзүңдү.
Көзүңдөн секет болоюн,
Көтөрүп койдуң көңүлдү.
Көп кыздан издеп таппаган,
Көркөмүң бүгүн төгүлдү.
Жаркылдап жашап сүрөлү,
Жанбиргем бирге өмүрдү.

**Кыз:**
Табылды окшойт теңдешим,
Татына болуп келбетиң.
Ойлонуп анда билип кой,
От болуп сүйүү келбесин.
Жанбиргем чогуу айдайлы,
Жашоонун сырлуу кемесин.
**К а й ы р м а:** *Чачалы сүйүү берметин.*

## ЖҮРӨГҮМДӨ СЕН БЕЛЕҢ

Жазда чыккан кызгалдактай көрүнүп,
Жайнап турдуң толгон айдай төгүлүп.
Жүрөгүмдү кыйнабачы көп эле,
Жүрө албаймын сенден кетип бөлүнүп.

Сөздү буруп неге мени жайкайсың,
Сүйөрүңдү карегиңден байкадым.
Андан көрөк сырды катпай ичиме,
Сени сүйөм, сага ачык айтайын.

Күлүп коюп мээрим төгүп карасаң,
Коргошундай эрип кетип баратам.
Андан көрөк арнап койчу сүйүүңдү,
Өзүң деген бир жигитти аясаң.

Бирге жүрсөм колтукташып сен менен,
Махабаттын бешигинде термелем.
Байкабапмын аруулугуң ошондо,
Жүрөгүмө дем-күч берген сен белең.

## АРМАНДУУ БОЛГОН АК БУЛУТ

Тоолордон шамал согулуп,
Күн бети күңүрт тосулуп.
Түгөйүн издеп тургансып,
Армандуу турат ак булут.

Тийишип келди көп булут,
Ак булут асыл көрүнүп.
Чагылган карап жарк этсе,
Жаштыктын жашы төгүлүп.

Махабат күчү тарс этип,
Маанайы турду жарк этип.
Сүйүүнүн деми сезилип,
Шолоктоп төгөт жаш кетип.

Бир топко чейин көшүлүп,
Ак булут анан бөлүнүп.
Аларга күбө болгонсуп,
Күн нуру турду төгүлүп.

Асманы тегиз ачылып,
Арзуусу канып басылып.

«Адам» болсом эмне деп?
Армандуу турду ак булут.

## ЖАЗГЫ НӨШӨР

Жазгы нөшөр, жамгыр төгөт,
Жашыл чөптөр, гүлдү бөлөп.
Жадыраган эки жашты,
Жаздын жели беттен өбөт.

Аруу сезим бийлеп алып,
Сүйүү күчү оттой жанып.
Кыналышкан эки жашка,
Жаздын деми, жанга жагып.

Жазгы нөшөр дагы төкчү,
Чачтан сылап, беттен өпчү.
Жадыраган эки жашка,
Ак сүйүүңдү арнап кетчи.

Жазгы нөшөр, жамгыр төгөт,
Эки жашка берчи белек.
Ак тилекти арнап кетчи,
Аёо сезим азыр керек.

## ЭКИ КЫЗДЫН МАЕГИ

Татына кыз, кийген кийими жупуну,
Сүйлөгөндөн билингенсийт сылыгы.
Токтоо сүйлөп, күлүп турса жылмайып,
Ай жүзүнөн тартып турат кишини.

Жанында кыз, кийингени жалтырак,

Оозун чоюп мактангансыйт жаркылдап.
Обу жоктун оштонгонун көргөндө,
Оозумду ачып калыптырмын жалдырап.
Улам күчөп көбөйгөнсүйт шылдыңы,
Сөзүн уксаң келип кетет кытыгың.
Мааниси жок сөздөн айтып мактанса,
Уккан кызга, сөздүн кетти кызыгы.

Жупуну кыз, күлүп коёт утуру,
Өткөн сымал сөздүн кетип кызыгы.
Акыл жактан «жупуну» экен курдашың,
Андан көрөк сатып берчи ушуну.

## БИР СУЛУУ КЫЗ

Ачылган кызгалдактай болуп жазда,
Келбетиң келишимдүү тунук, таза.
Ички дүйнөң, сыртыңдан тайызырак…
Бирдей кылып жаратып койсо кана?

Сымбатың сыйкырдуу перилердей,
Ай нуру ааламга бүт төгүлгөндөй.
Жылмайып мени карап күлүп койсоң,
Ай чыгып, ак булуттан көрүнгөндөй.

Илебиңдин жылуулугу күнгө окшош,
Жылмайсаң жылдыздуу түнгө окшош.
Жакындап жанашканда сени менен,
Жандүйнөмдү эритип ийди окшойт.

Сүйкүмүң нурлуу болуп окшойт Айга,
Сымбатты бериптир го сага кана.

Жамалың жандүйнөмдү зыркыратты,
Жүрөгүмдү баса турган даба кана?
Билсеңчи аруулукту, тазалыкты,
Сулуулар ошон үчүн жаралыппы?
Кыздардан күзгүдөй тунук болгун,
Элестеткен наристе балалыкты.

## ДАНИЯРДЫН ЫРЫ

Сагындым жаз гүлүндөй элесиңди,
Жамила, жан эргитип келесиңби?.
Жаштыктын чыйыр жолун чогуу басып,
Жан биргем, мээримиңди төгөсүңбү.

Түнкүсүн жылдыз карап ойлономун,
Жамилам, сени күтүп толгономун.
Өмүрлөш болуп өтсөк кол кармашып,
Кудурет, качан келет болжогонум.

Жашарам, жаздын чөбүн араласам,
Жамила, өзүң менен аралашам.
Бул жашоом кантип өтөт бир өзүңсүз,
Эгер сен, эстеп мени карабасаң.

Келатам жолду тиктеп арабачан,
Кечээки кумарларым тарабастан.
Жамила, бул жашоомо өмүр коштуң,
Жан биргем, жаштыгыңды аябастан.

Билемин эки ортодо кыйналасың,
Жамила, жашың төгүп ыйлабачы?
От кечип ал согуштан мен да келгем,

Ал жакта жашоо кандай, сурабачы?
Бир келген бактыбызды качырбачы?
Жамила, жүр кетели макул болчу.
Кайниңди калыс кылып махабатка,
Жан биргем, жан кейитип жашыбачы?

## КЭЭДЕ БОЛГОН

Жалындап ойноп мен жүрдүм,
Турмуштун көрүп көзүрүн.
Кээде, кыялдын минип кемесин,
Кыдырып чыгам жер жүзүн.

Сымаптай болуп төгүлүп,
Санаага батам чөмүлүп.
Кээде, колдон түшкөн күзгүдөй,
Чачырап кетем бөлүнүп.

Таң болуп мен да сөгүлүп,
Санаанын отун өчүрүп.
Кээде, булуттан чыккан Айга окшоп,
Жарк эте түшөм көрүнүп.

Жемесин уксам бирөөнүн,
Жел сымал айдап сүрөмүн.
Кээде, мергенчи аткан мылтыктай,
Мелжеген жерге тиемин.

Адамдын уксам ушагын,
Абийирин төгүп, тушаймын.
Кээде, буюктуруп баарысын,
Бурганак болуп урамын.

# АРМАНДУУ БОЛГОН БИР СҮЙҮҮ

Махабат-мухит деңизби?
Өзүнө тартып сезимди.
Көргөндө эстен тандырган,
Өзүңсүң суунун «периси».

Тиктесең көзүң жайнады,
Бир сөз жок тилиң байланды.
Сүрдүгүп кетип негедир,
Апкаарып башым айланды.

Бир топто барып токтолуп,
Сүйүүдөн сезим от болуп.
Аралап кеттиң көп элди,
Арасында перим жок болуп.

Артыңдан чуркап издедим,
Арзуумду сезип билбедиң.
Армандуу кылып түбөлүк,
Бир жолу түшкө кирбедиң.
Ажайып ошол сулуу кыз,
Ким болду «сенин» сүйгөнүң.

**К а й ы р м а:**

*Жүрөгүмө от коюп,*
*Күйүп кеттим чок болуп.*
*Көп сулуудан табылбай,*
*Көрүнбөй кеттиң жок болуп.*

# МАХАБАТЫМ КААКЫМДАЙ ЧАЧЫЛГАН

Тилим бар сайрап турган комуздай,
Дилим бар Ала-Тоонун тоосундай.
Махабаттан курган жүрөк жарылган,
«Жанар» тоонун күйүп чыккан отундай.

Ал кызга мен арнап келгем сүйүүмдү,
Аруу, таза жүрөктөгү гүлүмдү.
Жараткандан дайым тилеп жүрчүмүн,
Жарык чачып турабы деп үйүмдү.

Бирок, мезгил жеңип кетти баарысын,
Ошол сүйүүм эмнегедир алыссың.
Ойлоп алып арман кылам кантейин,
Кантип табам махабаттын дарысын.

Ал кез эмес азыр көрсөм башкача,
Ал сүйүүгө ал экөөбүз тараза.
Армандуу мен азыр ыйлап отурам,
Ата-энеси өлгөн жетим балача.

Өттү мезгил, өттү суудай агылып,
Алалбайбыз ал мезгилди жалынып.
Ал махабат алыс кетти жүрөктөн,
Жел айдаган каакымдардай чачылып.

# СЕНИН ЖЫТЫҢ

Тоого барып гүл жыттадык аралап,
Табийгаттан алгач сүйүү жаралат.
Колтукташып бирге бассак ээрчишип,
Көп жигиттер карап турчу сагалап.

Сенин назик сүйлөгөнүң азгырып,
Эстегенде минут сайын сагынып.
Жолукканда кыса кармап колуңдан,
Алкымыңдан жыттап ийдим жалынып.

Ошол жытың дене-бойду балкытып,
Мен жыттасам, эки бетиң албырып.
Балалык кез кандай сонун ырахат,
Кыйналсак да койчу эмеспиз кайгырып.

Уктасам да, түштө чогуу жүрчүбүз,
Узатышып бирге басып күлчүбүз.
Тиктешкенде жүрөктөгү сырларды,
Кирпиктердин кыймылынан билчүбүз.

Тоого барып бастым гүлдү аралап,
Өзүң жоксуң, гүлдөр турду табалап.
Ошол жерде сенин жытың калгансып,
Буркурады жүрөгүмдү жаралап.

## СҮЙГӨН ГҮЛҮМ

Келемин жайлоомду дайым сүйүп,
Жаз айы, айланам бүт жашыл кийип.
Өзгөчө чымындык гүл көрктү кошот,
Кызыл жиптен ар кандай сайма тигип.
Суктанып араласам жашарамын,
Алгым келет четинен бирден үзүп.

Аралап тоо-ташыңды кубат алып,
Түрдүү гүлүн жыттасам кумар канып.

Өзгөчө, чымындык гүл ачкан кезде,
Кыпкызыл тоо арасы, чоктой жанып.
Тоолуктун татынакай бийкечиндей,
Жыттаймын кучагыма кысып алып.

Тандадым табийгаттын далай гүлүн,
Көрбөсөм куса болуп ашат сүйүүм.
Ээлеген жан дүйнөмдү сансыз гүлдүн,
Тереримди билбеймин кайсы бирин.
Бала кезден жыттаган менин гүлүм,
Тосуп алчы сүйгөнүм, чымындыгым.

# СОНЕТТЕР, ПОЭМАЛАР

# СҮЙҮҮ СЕЗИМДЕРИ

*(Сонеттер букети)*

## 1

Бул жашоодо сүйүүнү барктап келем,
Баарыбызга күч-кубат, демди берген.
Жаралып, жандүйнөңдү арнабасаң,
Сүйүүсүз жашай албайт адам деген.

Жаралгам бул дүйнөгө ата-энемден,
Киндик кан тамызган туулган жерден.
Ар дайым ырыскыдан кем болбо, – деп,
Арнап туруп ата-энем бата берген.

Ыңаалап өскөн жерден жарык көргөм,
Сүйүнүч жаштарын мен төгүп келгем.
Жаша, – деп, жашоону мага берген,
Торолгом сырдашып тоолор менен.
Сүйүүмдөн чыккан сонет жазып келем.
Арналып Ата-Энеме бапестеген.

## 2

Арналып ата-энеме бапестеген,
Алар жок бул дүйнөдө жашайт белем.
Акыл айтып, өстүрүп ат мингизген,
Адамга асыл экен «ата» деген.

Наристе түшүнбөгөн кезим экен,
Мүрөктөй ак сүтүңдү далай эмгем.
Торолттуң тоолуктардын бир жигитин,
Айлансам атыңдан «апа» деген.

Канча жыл даамды сыздым колдоруңдан,
Кем болбой өссө экен деп ойлоруңда.
Силер барда ырыскым толгонуна,
Түшүндүм эр жигит болгонумда.
Теңештиргем дайыма бийик тутуп,
Касиеттүү жеримдин тоолоруна.

**3**

Касиеттүү жеримдин тоолоруна,
Таазим кылам баласы болгонума.
Чеп болуп, бийик болуп бузулбагын,
Тилеймин күнү-түнү ойлорумда.

Жаз айында ажайып жашыл кийген,
Тагынып ак мончоктой түрлүү гүлдөн.
«Алтын чөйчөк» аталган тоолорумду,
Аралап атты минип далай жүргөм.

Тогуз-Тором жашап келет илгертеден,
«Саймалуу ташы» байыркылар сайма тиккен.
Коюнуна далай сырды катып кеткен.

Көчмөндөрдөн канчасы басып өткөн,
Жыңалач-Бугу, Кан-Ачуу, Кара-Көөдөй,
Аска-зоосу ашуулары кол жетпеген.

**4**

Аска-зоосу, ашуулары кол жетпеген,
Булут басып көркөмдүү көк тиреген.
Атайын арнап бизге берген экен,
Айлансам ажайыптуу туулган жерден.
Калдама, Мадыш, Нышан, Көк-Арт ашуу,
Бала кезден таанышкан мага баары.

Кырларыңды кыдырып далай жүргөм,
Адамга өмүр берип, чөбү даары.

Адамдар оорубастан жүргөнүнө,
«Өлбөстүн» дарысын жасамакмын.
«Табып» болуп дары чөптү билгенимде.
Айыктырып далайдан бата алмакмын,
Ансыз да касиетти арнап берген,
Ажайып миң түркүн гүлдөрүңө.

**5**

Ажайып миң түркүн гүлдөрүңө,
Таң калам канчалаган түрлөрүнө
Назик болуп тоолорумда жаралыпсың,
Өссөңөр, өстүрмөкмүн үйлөрүмө.

Башка жерден көрбөдүм мынча гүлдү,
Көрбөсөм куса болуп ашат сүйүүм.
Алыстан чакыргансып ачыласың,
Сагындым барамын мына бүгүн.

Сыймыктанам «Алтын Чөйчөк» аруу жерге,
Кээ бирөө суктанышат бир көрүүгө.
Аруулугуң арналып гүлдөрүңө.
Касиетти бериптир бир өзүңө,
Аркалап кылым бою сыйлап келген,
Арналат карапайым бүт элиме.

**6**

Арналат карапайым бүт элиме,
Алтын казып иштеген кендеринде.
Талыкпастан эмгектенип күнү-түнү,
Түшүм алып, мал баккан жашыл төрдө.

Жигиттер бар, сыймыктанам элин баккан,
Улуу-кичүү ызат-сыйдан баркын тапкан.
Илгертеден ата-баба салтын улап,
Төргө өткөрүп, коюн союп, казан аскан.

Эл-журтумдун карапайым болгонуна,
Катылган сыр, касиет тоолорумда.
Оролтуп достук сезим отторуна,
Ыраазымын жараткан кошконуна,
Ырларымда дайыма жазып келем,
Колтукташып бирге өскөн досторума.

**7**

Колтукташып бирге өскөн досторума,
Аткарылсын эмне болсо ойлоруңда.
Бул жашоого конок болуп жаралганбыз,
Жөлөк-таяк болушуп колдогула.
Бала кезден жылаңайлак чогуу өсүп,
Турмуштун ысык-суугун бирге көрүп.
Сүйүүбүз да, ыйыбызда бирге болуп,
Кол кармашып жүрөбүз өсүп-өнүп.

Ыраазымын чогуу ойноп-күлгөнүмө,
Жакшылык дайым болсун үйлөрүңдө.
Достукту даңазалайм билгениңе,
Ден-соолук, өмүр каалайм тилегимде.
Эч качан өкүнбөймүн бул жашоодо,
Эл-журт, – деп, эмгектенип жүргөнүмө.

**8**

Эл-журт, – деп, эмгектенип жүргөнүмө,
Эс албастан билекти түргөнүмө.

Тандаган кесибимди дайым сүйүп,
Чарчабастан ысык-суукка күйгөнүмө.

Канча жыл форма кийип эмгектендим,
Бүткөн бойду көл-шал кылып тердеткенмин,
Кылмыш кылып, кыянат иш кылганды,
Кылтакка илдим далай көп тентектерин.

Фрунзеде мен окуп жүргөнүмдө,
«Офицер» болом дечүмүн тилегимде.
Армияда офицер болгон күндөрүмө,
Ыраазымын өкүнбөйм жүргөнүмө.
Ырахатка батчумун бул жашоодо,
Кара көз сулууларды сүйгөнүмдө.

## 9

Кара көз сулууларды сүйгөнүмдө,
Оролгонсуйм бейиштин гүлдөрүнө.
Жигит кез кандай сонун ырахаттуу,
Ыраазымын сыр чечишкен түндөрүмө.

Сүйүү гүлүн аралап канча тердим,
Наристе ак сүйүүмдү арнап бердим.
Кээде ыйлап, кээде күлүп таң атырып,
«Махабат» дайрасында сүзүп келдим.

Жаш экенмин, азыркыдай билгенимде,
Арнайт элем жан-дүйнөмдү сүйгөнүмө
Көп кыздарга кор болуп күйгөнүмдө,
Арнабай махабатты бирөөсүнө.
Калыптыр ошол кездин шарданында,
Жигит кез, оттой жанып жүргөнүмдө.

**10**

Жигит кез, оттой жанып жүргөнүмдө,
Айылымдын ай тийген түндөрүндө.
Сүйүшүп, ант беришип, кол кармашып,
Жолуктум кара көз түгөйүмө.

Сүйүүлөр ашып-ташып дайра болуп,
Бакыт кушу адашпастан мага конуп.
Экөөбүз баш коштук кол кармашып,
Айылдагы үйүбүз шаңга толуп.

Кандай сонун баш кошсоң сүйгөнүңө,
Бактылуусуң жеткенде тилегиңе.
Ыраазысың ачка калып жүргөнүңө,
Театр, кинолорго киргениңе.
Кол кармашып эгиздей жетелешип,
Калыптыр түбөлүккө жүрөгүмдө.

**11**

Калыптыр түбөлүккө жүрөгүмдө,
Түтүн булап, батир таап киргенимде.
Телегейим тегиз болуп калчу эле,
Беттен сүйүп, жылынсам илебиңе.

Аткарылып дайыма ак үмүттөр,
Күндөн-күнгө ачылып ак сүйүүлөр.
Ортобузда наристелер бакыт болуп,
Канча жылдап чечилди сыр түйүндөр.

Учук улап, жараткан бала берсин,
«Кут» конуп үйүмдү таба берсин.

Аруу сезим бардыгын сага дедим,
Ызаттаган ырларымды жаза келдим.
Жүрөгүмдөн оргуп чыккан сүйүүлөрүм,
Жаңырып, жакшылыкты ала келсин.

## 12

Жаңырып, жакшылыкты ала келсин,
Жаралган балдарыма бакыт берсин.
Атамдай, адамдарды дайым сыйлайм,
Ак сакалын жайкалтып бата берсин.

Жараткан жакшылыкты арнадыңбы?
"Кыдыр» даарып, колуңду кармадымбы.
Бул дүйнөгө жаралып жөлөк болгон,
Жанымдай сүйөмүн балдарымды.

Кудурет кур калтырбай ала келдиң,
Ырыскыңды аябай мага бердиң.
Ырларымды дайыма сага дедим,
Ый калтырып кээде сен кайгы бердиң.
Өтүп кеткен ата-энем, бир туугандар,
Эскирбей, элестетери кала берсин.

## 13

Эскирбей, элестери кала берсин,
Тарбия берип өстүргөн ата-энемдин.
Бала кезден чоңойтуп адам кылган,
Ажайып «Алтын Чөйчөк» туулган жерим.

Эскирбей, элестери кала берсин,
Мейман дос, карапайым тууган элим.

Түшүм болуп, көбөйүп ырыскысы,
Жылдан-жылга токчулукту бере берсин.

Элеси досторумдун жүрөгүмдө,
Сүйүнүп жетишкенде тилегине.
Баш кошуп үйлөнүштү сүйгөнүнө,
Бардыгы көз алдымдын ирмеминде,
Эскерип унутпай жүрөлү деп,
Чогулттум сонеттер букетине.

## 14

Чогулттум сонеттер букетине,
Арналган сүйүүлөрдү эл, жериме.
Адам кылып, өстүрүп акыл берген,
Арнадым ырларымды ата-энеме.

Чогулттум сонеттер букетине,
Тизмектеп ырды жазып куплетке,
Балким жакшы ырбы, жаман ырбы?,
Салсын деп таразага бүт элиме.

Сонетпи? Же жөн ырбы? Сага деген,
Эл-журтума, туулган жерге арнап келем.
Жандүйнөмдү эргитип сүйүү деген,
Ырларымдан ырыскы мага берген,
Сүйүүнүн түрлөрү көп билип алгын,
Бул жашоодо сүйүүнү барктап келем.

## 15

Бул жашоодо сүйүүнү барктап келем,
Арналат ата-энеме бапестеген.

Касиеттүү жеримдин тоолоруна,
Аска-зоосу, ашуулары кол жетпеген.
Ажайып миң түркүн гүлдөрүңө,
Арналат карапайым бүт элиме.
Колтукташып бирге өскөн досторума,
Эл-журт, – деп эмгектенип жүргөнүмө.

Кара көз сулууларды сүйгөнүмдө,
Жигит кез, оттой жанып жүргөнүмдө.
Калыптыр түбөлүккө жүрөгүмдө,
Жаңырып, жакшылыкты ала келсин.
Эскирбей, элестери кала берсин.
Чогулттум сонеттер букетине.

***01.03.2002***

## САЙМАЛУУ-ТАШ БАЙЫРКЫНЫН ОРДОСУ

*(Ыр түрмөк)*

Көркөмдүү көз алдымда Көк-Арт ашуу,
Астында ыйык мазар Саймалуу-Ташы.
Илгертен Түштүк менен Түндүк жакка,
Ат, жөөлөп Ата-Баба далай ашчу.

Бул жол байыркынын кадамыбы?
Көчмөндөргө «Жибек-Жолдун» танабыбы?
«Саймалуу-Таш» байыркынын изин жазган,
Таш китепке түшүргөн барагыбы?

Жамгыр жаап, бир заматта ачылат,
Чагылганы чарт-чурт этип чачырап.

Бул эмне? Арбагыбы Саймалуу-Таштын,
Онтогонсуп сырын ичке жашырат.

«Саймалуу-Таш» бул жердин өз атыбы?
Мүмкүн бизге айтылбаган сыр катылуу.
Алдында кичинекей көлү турса,
Ойлономун, байыркынын көз жашыбы?

Эмне үчүн тандап алган бул өрөөндү?
Канчалаган сүрөт чеккен ташты көрчү.
Байыркылар тоо башын мекен кылып,
Калтырганбы мурас кылып бул сүрөттү?.

Айланасын орогон мамыр гүлү,
Буркураган адамга атыр жыты.
Биз дагы силердей болгонбуз деп,
Мүмкүн ал перилердин касиети?

Аалам сыры жаткансыйт Саймалуу-Ташта,
Ал кезекте сыйынгандыр аска-ташка?
Түрлүү сызык сырын каткан сүрөттөрүң,
Чегилиптир көгүлтүр базальт ташка.

Тегерек баш Күнгө окшогон адамдары,
Кудайбы? Же кандай болуп жаралганы.
Кээ бирөөнүн куйругу бар карыш болгон,
Көрүп алып, ойлондуруп таң калтырды.

Башка ааламдын адамдары келгенби?
Саймалуу-Ташты уя кылып жердеги.
Көрүп алып муң-кайгысын элдердин,
Тартып туруп сүрөт кылып чеккенби?

Бизге окшош адамдар бар келбети,
Найза кармап, жааны тартып мергенчи.
Эгин айдап, мал баккандар жүрүшөт,
А, Күн көтөргөн букалары эмнеси?

Аңчыларбы, жааны тарткан эмнеси?
Же, көчмөндөрдүн кагылышкан элеси.
Ойлондуруп, башым мыкчып олтурам,
Саймалуу-Ташым сырың билбей сендеги.

Тартылыптыр жаныбарлар дүйнөсү,
Тайганы, ат, эшек менен төөсү.
Арабага коштоп чегип коюптур,
Колго баккан бугулары эмнеси?

Кайдан келген канаттуу адамдары,
Бакшыбы же периште жаралганбы?
Күн баштуу Кудайларга таазим кылып,
Бийлешкенби ошол кездин шамандары?

Саймалуу-Ташым таазим кылып турамын,
Канчалаган суроо берип, сурадым.
Жооп бергенсип шамал согуп шыбырайт,
Айтылгансып ичке каткан сырларың.

Өз жеримде, куттуу мазар Саймалуу-Таш,
Эл-журтума кубат берип каралаш.
Дайым сырдуу болуп жүргүн дүйнөгө,
Бийик болуп Ай, Жылдызга аралаш.

Саймалуу-Таш байыркынын ордосу,
Сени дайым суук көздөрдөн коргосун.
Абийир тутуп, Ала-Тоодо жаралдың,
Адамзаттын арбактары колдосун.

# АТ-БАШЫДА АРАШАН

*(ыр түрмөк)*

Баатырлар коргоп душмандан,
Кыргыз эл бейкут уктаган.
Бакай, Кошой экөөнөн,
Кыраан Манас чыкпаган.

Баатырлар өткөн эл менен,
Ала-Тоо асыл жер менен.
Барктап Ак-Сай, Арпаны,
Кошой бабам жердеген.

Акылдан баркты жыйнаган,
Айкөл Манас сыйлаган.
Кошойдой көсөм адамды,
Бакай барктап сындаган.

Айлансам тоолук калкымдан,
Салтыбыз бирге башынан.
Конок күтүп, кой союп,
Ызат-сыйы ташыган.

Каада-салтты кармаган,
Каякка барсам таң калам.
Чоочунду сыйлап туугандай,
Кыргыздай элден айлансам.

Ат-Башы асыл жер болот,
Мага окшош тоолук эл болот.
Ажайып жерин эстесем,
Азыр да жүрөк козголот.

Кызматта күндү өткөрүп,
Кыдырып жолду текшерип.
Ак-Сай, Арпа жергеси,
Калыптыр мага эстелик.

Барбаган киши байкабайт,
«Босогону» көрүп таң калат.
«Кожожашты» тартып киного,
Бекерге жерди тандабайт.

Бейиштин болуп жерлери,
Карагай, арча, черлери.
Аралап басып суктансам,
Аябай мага дем берди.

Шаркырап аккан суулары,
Шаңданып кечке угамын.
Туулган жерди сагынып,
Толкундап карап турамын.

Буралып гүлдүн өскөнү,
Миң түркүн дары чөптөрү.
Айырма жок жеримден,
Ажайып нурун төккөнү.

Аскасы бийик заңгырап,
Айланып бүркүт шаңшыган.
Адамды кээде чочутуп,
Алдыңдан элик бакырат.

Көргөндө көзүң ачылат,
Койгонсуп багып асырап.

Бир короо болуп беттерден,
Кайберен өтөт шагырап.

Ак-Сайды көздөй кеткенде,
«Кында» белден өткөндө.
Улары сайрап ышкырып,
Кайкып учуп беттерде.

Жамырап сууру козудай,
Жанында карап олтурат.
Кекилик чуркап жолуңдан,
Керемет шаңга кошулат.

Андан ашып карасаң,
Айтылуу жери Арашан.
Соң-Көлгө окшош жер экен,
Чөптөрү кыска карасам.

Буралып көдөө, туланы,
Жылжып агып суулары.
Тоо башынан көрүнөт,
Жылтырап чыгып булагы.

Жараткан экен Кудайым,
Оргуп чыккан булагың.
Ооруган адам айыгып,
Дары экен ичкен сууларың.

Кыргызым менен тең экен,
Касиеттүү жер экен.
Сыйынып ушул мазарга,
Кадырлап келген эл экен.

Касиетин айтайын.
Ачкарын болсоң байкагын.
Газдалган сууну ичкенде,
Билесиң курсак ачканын.

Жарданып карап олтурдук,
Жашыруун сырга кошулдук.
Башында турган мазарга,
Багыштап куран окудук.

Жүз чайып, суудан ичкенде,
Сыр айтып турду билгенге.
Жактырбайт окшойт негедир,
Жаман адам жүргөндө.

Уламыштар чын болот,
Ушундай жерде сыр болот.
Жакшы адам тилек кылганда,
Жашоосу дайым гүл болот.

Айтылуу мазар Арашан,
Адамга жашты кааласаң.
Өзүңдөн тилек кылганмын,
Өсүп-өнүп баратам.

Таазим кылган Арашан,
Таза болсун айланаң.
Дартка даба болсунчу,
Дары суулар кайнаган.

Аруу мазар Арашан,
Адамдар билбейт барбаган.

Тоо башында жаралып,
Тоолуктарга арналган.

Дагы өтүнөм Арашан,
Кыргыз элге жарасаң.
Оорудан дайым айыксын,
Боор, өт менен ашказан.

Ызаттайм дайым Арашан,
Ыр дүйнөмдө баратам.
Илхамды мага энчилеп,
Ырларым сенден жаралган.

Жаш эмессиң Арашан,
Жашыңды санап карасам.
Жакшы ырларды жазайын,
Жакшылыкты санасаң.

## ТОГУЗ-ТОРОМ 70 ЖАШ КУРАКТА

Өзү мезгил, өзгөрүлтүп алпарат,
Адам эмес, заман дагы картаят.
Канча кылым өтсө ага көз салып,
Тоолор сүрдүү, өз ордунда шаңкаят.

Тогуз-Тором, гүлдөп өскөн өрөөнүм,
Төрт мезгилиң өзгөрүлтпөй көрөмүн.
Жылдан-жылга жашоо-турмуш оңолуп,
Эл-журтуңа тийе берсин керегиң.

Ар бир жер тарыхка бай, ырга бай,
Көркөмдүүсү көз уялтат жыргал-ай.

Жашыл төрүң, түрлүү гүлүң, булагың,
Көрүп алып кантип турам ырдабай!

Далай адам көз артканын байкадым,
Алар эмес, өзүмдү да жайкадым.
Тогуз-Тором 70ке чыкканда,
Аз да болсо тарыхынан айтайын:.

Санчы-сынчы сармедиреп айтканбы,
«Саймалуу-Ташым» сага ушунча жакканбы?
«Алтын-Чөйчөк» аруу жер – деп, айтыпсың,
Ачык айтып, ичиңдеги катканды.

Олуянын айткан кеби, жөнү бар,
Алтыны бар, тузу, нечен кени бар.
Кыргызымдын керегине жараган,
Нарын дайра агып өтөт билип ал.

Кан-Ачуусу, Жылаңач-Бугу тоосу,
Айлансын курчаган аска-зоосу.
Ар өрөөндөн чогулган ушул элди,
Ала албаптыр, басып кирген нечен жоосу.

Кызылсуу, Мадыш, Нышан, Калдамасын,
Жашыл-Төр гүлгө оронгон, таза абасын.
Каргалык, Чоң-Таш, Беш-Көл, Кара-Коосун,
Жараткан, ушул жерге арнагансың!.

Көркөмдүү көз алдымда Көк-Арт ашуу,
Астында ыйык мазар Саймалуу-Ташы.
Байыртан Түштүк менен Түндүк жакка,
Ат, жөөлөп Ата-Баба далай ашчуу.

Ушул жол байыркынын кадамыбы?
Көчмөндөргө «Жибек-Жолдун» танабыбы?
«Саймалуу-Таш» байыркынын изин жазган,
Таш китепке түшүргөн барагыбы?.

Аалам сыры жаткансыйт Саймалуу-Ташта,
Ал кезекте сыйынгандыр аска-ташка.
Түрлүү сызык, сырын каткан сүрөттөрүң,
Чегилиптир көгүлтүр «базальт» ташка.

«Алтын-Чөйчөк», Манас бабам баскан жер,
Далай баатыр, ашуу-белин ашкан жер.
Үңкүр казып Көкчө менен Музбурчак,
Отту жагып, өргүү тартып жаткан жер.

Тоодой болгон, Тобок баатыр баскан жер,
Арык казып, тоолук элин баккан жер.
Кытайлардан Жанболотту куткарып,
Алып келип, багын өзү ачкан жер.

Баатырлардан Чыйбыл менен Мандалак,
Калмактарды сүргөн экен талкалап.
Беттей албай душман качып сүрүнөн,
Каары келсе, Каба баатыр, Шыкмамат.

Ушул жерден Тайлак баатыр, Бөбөтөй,
Душмандардан коргоп турган өткөрбөй.
Кокон колу майтарылып Бычандан,
Арап баатыр, каза болгон бет келбей.

Аралап Нарын дайра аккан суусу,
Башында жалтыраган Беш-Көл тузу.

Санчы айткандай, бул жерден кыйын чыкты,
Жаркынайдай, Карачачтай сулуу кызы.

Жаркынай-апасы болот Кудаяр хандын,
Ынтымагын бириктирип ордо жактын.
Карачачты тандап алып Түлкү баатыр,
Апасы го Атаке, Жантай, Шабдан байдын.

Тарыхына таңгалышат окуп билген,
Далай аалым убагында жазып жүргөн.
Тоолордун арасында, жөн койбостон,
Орустар, билгизбестен басып кирген.

Өлтүрүшүп, желкелешип тоолукту,
Ким кечирет, мына ушундай жорукту.
Элди коргоп, чыккан эрди кубалап,
Баатыр чыкса, батырышпай Чолукту.

Басмырлаган, Тогуз-Торолук тоолукту,
Ким көтөрөт, мына ушундай жорукту.
Кырдан күтүп кырып салган кыргызды,
Баса калып, балталасам орусту.

Аймагыбыз 70 жашты аттады,
Андан картаң, орустун ок атканы.
Совет доору билим берип элиме,
Көзүн ачып, жазып келди басканды.

Өкмөт түптөп колхоз куруп тажабай,
Раманкул, Рыскулбек, Калдыбай.
Эмилбек, Мааданбек, Абышбай,
Турганбай, Абдыманап, Жаркынбай.

Аймагыбыз, отуз алтынчы жылы куралып,
Ак эмгектен нечен-нечен туу алып.
Согуш жылы эстен кетпей элимдин,
Иштеп жатты күнү-түнү кыйналып.

Согуш! Бул кайдан чыккан балакет!
Канча аталар кайтпай калды жара жеп.
Эми согуш болбосунчу элимде,
Ошол жылдар, ошо менен ала кет!

Согушта да каарман болуп Идирис,
«Жеңиш» деген үч орденди тагынса.
Ак эмгектен баатырлыкты алышты,
Бурулбүбү, Исак менен Маруся.

Кантип анан сыймыктанбайм элиме,
Каниет алып, «Алтын-Чөйчөк» жериме.
Дагы бир топ чыгаандары келатат,
Демди кошуп, Тогуз-Торо демине.

Тогуз-Тором менин дайым жөлөгүм,
Тоолукмун деп, ырды арнап келемин.
Үшүбөгүн ыр менен мен кымтыйын,
Ыраазы бол, ушул менин белегим.

Сагынам тоолорумдун аппак карын,
Көк тиреген бийиктигин ашуулардын.
Кантсе да, эл-журтума берген экен,
Окшош кылып башындагы «ак калпагын».

Тогузтором, ак калпагым, сыймыгым,
Койнундагы балдарыңдын биримин.

Өзүңдөн биз кубат алып өскөнбүз,
Арналат ко бир өзүңө, миң ырым.

Тогузтором, «Алтын-Чөйчөк» – мекеним,
Сен терметсең, толкунданып кетемин.
Сен жаратып, сен өстүргөн дүйнөдөн,
Сен деп жүрүп, бул жашоодон өтөмүн.

Аймагымда 70 жылдык той болсун,
Береке толуп, «кыдыр» даарып жолдосун!
Ушул жашоо, бул заманды жараткан,
Ата-Баба арбактары колдосун!!!.

## КАЙДЫГЕРЛИК

*(Ш. Дүйшеевдин стили менен)*

Кайдыгерлик деген эмне?
Жакшыларды жамандар тебеледи,
Кайда барсаң акчага сатылгандар,
Чыгаандар чыгып келип, чылага басылгандар!
Чыркырап жашоо үчүн, чырм этпей күнү-түнү,
Курсактын айын тартып, ачкадан жашыгандар.
Балдары ачка калып, бир үзүм нандары жок,
Кийгенге кийимдер жок, көчүгү ачылгандар.
Акчанын артынан кууп, күн-түнү кумурскадай,
Базарга, көчөгө, дүкөнгө шашылгандар.
Жакыны чоңдор болуп, куйругун кармап алып,
Кур айкырык салып коюп, курсакта жашынгандар.
Акылы тунук, эл үчүн иштегенди,
Чындыкты бетке айтып, жойпулукту билбегенди,

Кошоматты, корсоюп бой көтөрүп жүрбөгөндү,
Ушак айтып, уурулукту сүйбөгөндү,
«Акмак» – деп көчүккө тээп,
Адамдык сапаты жок айкыргандар!
Абийири жок, арабызда асылгандар!
Кайда кетти боорукерлик, ак пейилдик?
Кайдан көрсөм, кашайган!
Кайдыгерлик! Кайдыгерлик! Кайдыгерлик!!!

Шаарга барсам шашылган элди көрөм,
«Арак» – деген, агып жаткан селди көрөм.
Карысы да, жашы да чөгүп кетип,
Чыга албай, баткак болгон жерди көрөм!
Кайдан чыккан ок жеген текеге окшош?
Ичкиликтен, мылтыксыз атылгандар!
Кыргыздын кыздары бар сигарет тиштеп алып,
Тамекинин түтүнүнө ышталып басылгандар!

Окуйм деп шаарга барып, же окуудан жок,
Акча үчүн дене берип сатылгандар!..
Кандай уяты жок кыздар чыкты?
Жаралган эмне деген жатындардан!
Өздөрү келечекте эне болот,
Айлансын Эне деген, асылдардан!
Адамды адам дебей, ыйманды ыйман дебей,
Түңүлдүм, «кыз» деген катындардан!
Кыркка чыкпай, дене бою таза туруп,
Сакал коюп, жигиттер кайыр сурап,
Кайдан чыккан кара бет, ашынгандар!
Ата-энесин сыйлабай арбак урган,
Намысы жок наадандар кайдан чыккан!

Кылымды карыткан кыргызымдын,
Атына шек келтирсе жашып турам, –
Кара таандай каптаган, кайдыгерлик!
Кайдыгерлик!

Айылды араласам, ар кандай адамдарга аралашам,
Шаар менен, кыштакты салыштырып, таразалайм.
Карасам окшош болот,
Жокчулук, көпчүлүккө токмок болот.
Кайдыгерлик ал жерде да,
Кашайгыр боздоп коёт.
Сырттан келип билбеген карап көрсө?,
Жоош болуп, момунга окшош көрүнөбүз.
«Самопалдын» сасык жели айдап келип,
Салааланып, жамгыр болуп төгүлөбүз.
Улуулары, кичүүлөрү уялбастан,
Ушак айтып, уят сөздөн сөгүнөбүз!
Сырттан келген чоңдорго шыйпалаңдап,
Камчы жеген, канчыктай бөгүлөбүз.
Кызмат десе, кыйшаңдап бир ууч элим,

Кур намыска, уруу-урууга бөлүнөбүз!
Тууган-урук төрт-бешке бөлүнүшүп,
Ынтымак жок, ыдырап сөгүлөбүз!.
Илгеркидей ата-баба салты кана?.
Сакалдуулар кеңешкен баркы кана?.
Чыгаан чыккан балдарды буттан тартып.
Чыгалбаган «Алтын-Чөйчөк» калкы кана?
Башка жактан эптеп-септеп көтөрүлүп.
Ак үйлөрдө иштеп келет асты гана.
Санчы-сынчы олуя туура айткан.

Касиеттүү жеримдин даңкы кана?.
Эл-жерим колдойт дейбиз.
Ошол элдин, ошол жердин анты кана?.
Акыл десе, акылы бар.
Өсүп жаткан жаштардын «асылы» бар.
Кээ бирөөдөй, кем акыл чочоңдобой.
Келаткан бар, тулпардай басыгы бар.
Сырттан келсе жылмаңдап бөпөлөйбүз!.
Эмне алардын акылы ашык бекен?.
Мээси толук өзүбүздөн көтөрбөйбүз!.
Алар деле айтышат ары жок деп,
Ар-намыс жок, калп эле жөтөлөбүз.
Бирөөлөрдүн колтугуна сууну бүркүп,
Кайран элим, кайсы арга көкөлөйбүз!.
Кара баскан, кайдыгерлик!
Кайдыгерлик!.

Ынтымак жок элимдин арасында.
Ызат-сый жок Атанын баласында.
Салам кайда, нан ооз тий деген кайда?.
Акча эле, башка ой жок санаасында.
Камок ачып каадаланып тарагандар...
Машина тээп, малдарын карагандар.
Бир тууганы карыз сурап, убагында берем десе?.

Бир тыйынга тоголонуп, битин сыгып жалагандар!
Күндөн-күнгө эмнегедир көбөйүүдө?.
Акчанын кулдарына айлангандар!.
Кайда кеткен топук кылган ак көңүлдөр,
«Адам үчүн ажат ачып жаралгандар!.
Ызат-сыйды унутуп коюп ыңгырашып,

Ылайым чыкпай калсын базарлардан!.
Каргыш тийген, Кайдыгерлик! Кайдыгерлик!

Жамандык болуп турса,
Жаштарын төгүп турса.
Көбөйдү арабызда аракка тоюп алып,
Көпчүлүктү көзгө илбей сөгүп турса!.
Кой деген тилди албай,
Төө болуп чөгүп турса!.
Кээ бир жеңелер бар?.
Кайгырган санаасы жок,
Күйөөсү өлүп турса.
Кетемин кээде жашып,
Эки көз көрүп турса!
Жыл айланбай жылмаңдап басып жүрөт,
Эл-журтту, бир тууганды карап койбой.
Энесин, энесиндей санап койбой!
Кой! -деген сөздү укпай,
Оозунан сары ит кирип, кара ит чыгат.
Ушундай аялдардан намыссыз байкуш туулат!.
Балдары басып барып, мүрзөгө гүл койбосо.
Жаратып койгонуна, атасы жашып турат!.
Өткөндөр кандай деген адам эле?,
Карачы көргө кирип, кара чым басып турат.
Эй! Адамдар! Биз дагы барчу жер го?.
Кайда кеткен ызат-сый, ыйман, урмат!.
Эстегенде армандар ташып турат.
Элестери кээде мага тартылганда,
Жүрөк ооруп, көзүмдөн жашым кулайт!.
Качан калат кара өзгөй кайдыгерлик,
Кайдыгерлик! Кайдыгерлик!

Кайдыгерлик кайда болсо аралаган,
Адамды, адам го деп санабаган.
Достордун, достору бар?
Саламга кээ бирөөсү жарабаган.
Ишиң турса, ызаттаган сыйың турса.
Кол кармашып, жүрөгүңдү аралаган.
Иштен кетсең, ызат-сыйды быякка кой,
Достордон бар кээ бирөө табалаган!
Жолуксаң сынап карап, мамиле башка болуп,
Хамелёндой өзгөрүп карабаган.
Эстеп алып өзүмчө ойго батам,
Адамдар көп жүрөгүмдү жаралаган.
Ай! Адамдар! Ай! Адамдар! Ай! Адамдар!
Бул дүйнөгө түркүк болгон адамдар жок,
Кызматты кээде алып, кээде берет.
«Дос» деген үч тамганы сыйлап жүргүн,
Жакшы адамга бир келип, кайра келбейт.
Сыйлабасаң, сыйлабай кой!.
Сенсиз деле жалганда жашоо өтөт.
Ким бар экен булутка колу жеткен?.
Жакшыга жанашсаң, жакшы болот,
Ызат-сыйлар эч жерде кала бербейт.
Жакшыны, жаманды да бирдей кылып,
Баарыбызды соро турган кара жер дейт!
Көпкөндүн чеги болот,
Мансапты өмүр бою сага бербейт.
Туулгандан, турмуштун ысык-суугу,
Эмнегедир кээ бир доско жага бербейт?.

Көтөрүп оор-жеңилди, көңүл улап,
Оңой келбейт, дайрадай ага бербейт.

Ата-Баба барктаган достук кайда?.
Баарыбыздан алыстап кеткен сымал!.
Төө көтөргүс сөздөрдү көтөрчү экен,
Токтоолук, калыстык өткөн сымал!
Баарыбыздын ар кандай досубуз бар?
Бирөөсү катын ушак айтып турса,
Бирөөсү абийирин, ар-намысын төккөн сымал!
Карасам кара өзгөйлөр көбөйүүдө,
Капа болом, калыстан бөлөгүнө.
Эмне үчүн ойлонбойбуз?
Көр дүйнөгө алданып койкондойбуз!
Капа кылган, каргыш тийген кайдыгерлик!
Кайдыгерлик! Кайдыгерлик!

## ТАРИЕЛДИН АРМАНЫ

*(Жолборс терисин жамынган баатыр)*

Кайдасың сүйгөнүм Нестан-Дарежан,
Жан кейитет мен үчүн мындай тамашаң.
Сүйгөнүмдөн дервиштей жерди кезем,
Азаптуу тентип жүргөн мени карасаң.
Өзүңсүз жашай албай арман толуп,
Каңгырап эрме-чөлдө кетип баратам.

Нестаным мага тийген Айым, Күнүм,
Бир көргөндө сага арналган аруу сүйүүм.
Мага келген караңгыны айдап сүрүп.
Күтөмүн качан тиет мага нуруң.
Кусалыктын оорусу ырбап барат,
Бассаң боло жүрөктүн кайгы-муңун.

Ал-күч жок ээн талаада тентип барам,
Түш көрүп, сени издеп таппай калам.
Туман басып шайым кетип шалдыраймын,
Айперим, бир өзүңдү качан табам.
Ичээр суум түгөнгөнсүп өзүң жоксуң,
Алым кетип алсырап, ашат арман.

Үңкүрдү үйүм кылдым жүрөк эзип,
Салаалап эки көздөн жашты төгүп.
Бул дүйнөдө өзүңсүз жашай албай,
Алым кетип баратат жүрөк өйүп.
Айтайын арманымды уксаң боло,
Сен жоксуң, санааларды санга бөлүп.

Өзүң жок караңгылык курчап барат,
Кайгынын капасына тушап салат.
Нестаным качан келип бошотосуң,
Өзүңдү бир көрүүгө кусам артат.
Жебе жеген шумкардай учалбадым,
Даба болуп учканга болсоң канат.

Кыскартчы кыйналган узак жолду,
Чарчадым акыбалды сурап койчу.
Өзүң жок канат серпип учалбаймын,
Түнөй турган туурума, турак болчу.
Чаалыкканда Тариелге дем бергенге,
Чаңкаганда иче турган булак болчу.

Нестаным, неге мынча сырдуу болдуң.
Жашоомо жүрөк болуп неге соктуң.
Өзүң жок бул дүйнөнү кечким келди,
Билбейсиң Тариелдин бары-жогун.

Тагдырдын тамашасын энчи кылып,
Мен үчүн маңдайыма жазып койдуң.

Асматтай асыл жандан акыл сурайм,
Аны мага жөлөк кылып берген Кудай.
Тариел күткүн! – дейт, жан биргеңди,
Кайрат кылып бактыма карап турам.
Асматтай акылдуу пери жандын,
Акылдуу сөздөрүн дайым угам.

Автандил кол башчысы Ростевандын,
Жан биргеси Тинатиндей сүйгөн жардын.
Тариел деп, жерди кезип издеп жүрүп,
Автандил ардактуу дос мени таптың.
Сен үчүн ыраазымын, башым тартуу,
Мен үчүн канча деген жолду бастың.

Жараат алган Нурадин-Фридондун,
Ажырашпас акыреттик досу болдум.
Баатырым кичүү болсо, аты улук,
Кудурет ыраазымын кошуп койдуң.
Нурадин нурун төгүп турган досум,
Башыма баш кошулуп, бакыт кондуң.

Баатырдан Автандилди жолуктурдум,
Ыраазымын жөлөгүнө Фридондун.
Кайгынын тереңине чөгүп кетип,
Достошкон асылдарды унутуп койдум.
Нестанды чогуу издеп таап алып,
Жараткан ашса экен асыл оюум.

Автандил, Фридон баатырларым,
Асматым, акылдуу асыл жансың.
Силер бар мөгдөгөндө жөлөк болчу,
Кайрат кылып эч качан жашыбаймын.
Силер бар, Тариелге дем-күч берип,
Армандын анча-мынча басылганын.

Оо, Жараткан! Миң мертебе ыраазымын,
Тариелге тартуу кылып сыйлаганың.
Жашоомдун кайра күйдү шам чырагы,
Унутайын тагдырымдын кыйнаганын.
Сүйгөнүмдүн элеси тартылганда,
Курган жүрөк жарылчудай туйлаганын.

Оо, Жараткан! Өзүңдү кадырлаймын,
Канча мезгил өтүп кетип агылганын.
Сүйүүм үчүн азап чексем көтөрөмүн,
Мага арналып, маңдайыма жазылганын.
Ичээр суу, көрөөр күндү берип койдуң,
Эч качан тагдырыма таарынбаймын.

Нестаным, неге мынча аруу жансың,
Эмне үчүн мендей болуп сагынбайсың?.
Жашоомдун чырагына билик болуп,
Жан-дүйнөмө жарык болуп жагылбайсың?.
Жаштыктын өзөнүндө дайра болуп,
Жан биргем, эмне үчүн агылбайсың?.

Нестаным, жүрөгүмө дары болчу,
Жашоомо демди берген жаным болчу.
Дүйнөгө күнү-түнү жарык берген,
Маңдайда тийген Күнүм, Айым болчу.

Сенсиз мен тирүү болуп жашай албайм?,
Денемде агып турган каным болчу.

Назиксиң жыпар жытың жанга жагып,
Жадырап жамалыңды гүлдөй ачып.
Сулуулуктун касиетин көрүп алып,
Калганмын, канча жолу эстен танып.
Акылды тартуу кылып сага берген,
Таңкалган Тариелиң угуп алып.

Кыдырдым канча деген башка элди,
Кыздары берген жок сендей демди.
Нестаным, Индостанда хандын кызы,
Унуттуңбу акыреттик Тариелди?.
Баатыр элем, басалбай өңдөн аздым,
Бийлеп алып махабаттын касиети.

## АЛГЫР КУШТАР БАЯНЫ

Байыртадан кыргыздар,
Төп келип төрт тарабы.
Элин коргоп душмандан,
Даярдап курал-жарагын.
Эл үчүн кандуу согуштун,
Тартышкан далай азабын.
Атка дайым чабандес,
Үйрөткөн жапжаш баласын.
Ат канатын жылоолоп,
Акылдуусун карачы.
Ар дайым бирге жоо тоскон,
Аккула менен Манасы.

Кыраан куштай тийчү эле,
Кырк жигити жанашып.
Айтпай койсом болбойт ко,
Ат адамдын канаты.
Душман келчү жолдорго,
Караол коюп каратчу.
Аш-тойлордон алдыңдан,
Кыз-келин чыкса жарашчу.
Түн бою оюн-зоок болуп,
Далай жолу таң атты.
Ит агытып, куш салып,
Мүнүшкөр менен саятчы.
Алгыр куштун түрлөрү,

Кыргызыма жарашчу.
Куш таптаган чоң өнөр,
Андайлар бизде азайды.
Кыргызым анда билип ал,
Кыраан куштан жазайын.
Алдыңа сүрөттөп берем,
Алгыр куштун баянын.
Билбегенди толукта,
Билишимче жазайын.
"Куш күйгөн» деген адам бар,
Чарчаганды билбеген.
Үйдө жатпай үргүлөп,
Тоо-ташка барып түнөгөн.
Жөргөмүштөй тор түйүп,
Зериккенди сүйбөгөн.
Туурасы эки метрдей,
Чоң торду жайып сүйрөгөн.

Төрт казык кагып кердирип,
Кендир жип менен курчаган.
Тор ичине тирүүлөй,
Кекилик, чилди тушаган.
Узун жиптин бир учун,
Кекиликке байлаган,
Алачык салып ичинде,
Бир учун жипти кармаган.
Алгыр кушка көрүнбөй,
Асманды карап аңдыган.
Алгыр куштар көрүнсө,
Жиптин учун тарттырган.
Бырпыраган кекилик,
Алгыр кушту азгырган.
Куушурлуп тепкенде,
Алдамчы торго чалынган.
«Куш күйгөн» адам сүйүнүп,
Кудуретке жалынган.

Алгыр куштун кудайы,
Апыртып кетет айтканда.
«Алп кара куш» деп коёт,
Айтылат көп дастанда.
Ажыдаар менен кармашса,
Ааламдын барын баскан го.
Аныгын көргөн адам жок,
Айла жок аны жазганга.
Дагы бир куштан «Буудайык»,
Дастандан далай угабыз.
Учурунда жаратып, –
Койсо керек кудайым.

Аны да көргөн адам жок,
Жазалбай азыр турамын.
Андан кийин карасаң,
Ала-Тоонун бүркүтү.
Асманда шаңшып айланып,
Ажайып анын учушу.
Арстан жүрөк, айбаттуу,
Алыстан карап турушу.
Томуктай болуп көрүнбөйт,
Аралап кетсе булутту.
Кыраандарын бүркүттүн,
Саятчылар билишкен.
Таптаганда сынашып,
Үч түргө аны бөлүшкөн.
Байыртадан кыйын го,
Кыргызымда мүнүшкөр.
«Баатыр чегир», «Бай чегир»,
Кыраандардан «Куу чегир».
«Баатыр чегир» байкасаң,
Бүркүттөрдүн сулуусу.
Канат, куйрук жарашып,
Суктандырат турушу.
Кондуруп чыксаң колуңа,
Тынч олтурбай талпынат.
Алыстан көргөн адамга,
Айнектей болуп жаркырайт.
Томогосу жарашып,
Топту жарып шаңшыган.
Сезип калса аларды,
Жулунуп улам талпынган.
Томогосун тартканда,
Алган түлкү, карышкырдан.

Каман, аюу, жолборсту,
Албаса дагы качырган.
Айбаттуусун карачы,
Айланса мындай барчындан.
«Бай чегирди» байкасаң,
Жооштугун карасаң.
Туурда кандай олтурса,
Колдо ошондой баратат.
Жүнү узун, үрпөк баш,
Кыраанга сонун жарашат.
Карышкыр, түлкү алат деп,
«Бай чегирди» барктašат.
Кирешелүү бүркүт деп,
Мүнүшкөрлөр мактаšат.

«Куу чегирди» айтайын,
Бүркүттүн өтө кырааны.
Мүнүшкөрлөр таң калып,
Канча жылдап сынады.
Туурда кагынып, силкинип,
Бир ордунда турбады.
Түлкү, карышкыр, текеден,
Канчасы андан сулады.
Шыралгага маарышып,
Ээрчиген элдер кубанды.
Каман алып камыштан,
Карылуудан бул дагы.
Алалбаса эгерде,
Атырылат асманга.
Куушурулат кайрадан,
Мүнүшкөрүн алганга.

Албарс тырмак арсайып,
Апчып аны басканга.
Канча адамдар мерт болгон,
Үлгүрбөй шашып качканга.
Куурап калган «Куу чегир»,
Ыраазы болбой бакканга.

Бүркүттүн начар түрү бар;
Жапалак бүркүт, суу бүркүт.
Чычкан алган куу бүркүт.
Колунан келбей эчтеке,
Кераэлдин-кечке жүгүртүп.
Мүнүшкөрлөр карабайт,
Алардан үзүп үмүтүн.
Көлөмү бирдей, кээси жок,
Бүркүттүгү курусун.

Алгыр куштун түрү көп;
Алардан эми баштайын.
Мүнүшкөрлөр билишет,
Кандай кылып таптаарын.
Ордунан козголуп,
Кандай болуп учканын.
Канат менен куйругун,
Кандай кылып ачканын.
Илбесинди учурбай,
Кандай кылып басканын.
Түрүнө карап канатын,
Кандай кылып какканын.
Өңүнө карап коюшат,
Ар бир куштун аттарын.
Өз-өзүнчө багышат,
Келтирип анын таптарын.

Бир урук болот бул куштар:
Ителги менен жагалмай,
Ылаачын, күйкө, турумтай.
Ителгиден чыккан кырааны,
Шумкар болот укмуштай.
Коздугун карасаң,
Койкойгон сонун сулуудай.
Учканда канат, куйругу,
Жазылбай учтуу найзадай,
Ылдамдыгы жебедей,
Каласың кээде байкабай.
Канаттарын карасаң,
Кагып учуп, серпилет.
Учкучтугу жагынан,
Канаттууга жеткирбейт.
Ителги экөө барабар,
Бири-бирине тептирбейт.
Өңдөрү ар түрлүү,

Өзгөрүлүп эскирбейт.
Кара шумкар, ак шумкар,
Күйкө шумкар, көк шумкар.
Өңдөрүнө жараша,
Шумкарга атты беришет,
Аңыр, каз, өрдөк, тоодакты,
Чарчабастан тебишет.
Мүнүшкөрлөр муңайбай,
Чер жазып дайым келишет.
Шумкарлардын келбети,
Шамалдай учуп талбаган.
Көздөрүн карасаң,

Оттой болуп жайнаган.
Койкоюп туурда отуруп,
Талпынып кечке сайраган.
Бапестеп жакшы таптасаң,
Баккан кол баладай.
Башында ийри тумшугу,
Курчутуп койгон канжардай.
Тырмактарын карасаң,
Кында жаткан шамшардай.
Шумкарды бат-бат салбасаң,
Өзүнөн-өзү буулугат.
Жөн олтурбай туурунда,
Көрүнгөн жерге урунат.
Кондуруп чыксаң колуңа,
Көрүнгөнгө жулунат.
Талпына берип тажатып,
Чарчатып сени күйгүзөт.
Ошондуктан мүнүшкөр,
Томого тартып кийгизет.
Кыраандан келет бир элес,
Ылаачындын чоңдугу,
Ителгиден кем эмес.
Ылдамдыгы жагынан,
Ителгилер тең эмес.
Шумкар алган илбесин,
Ылаачынга кеп эмес.
Сүрөттөп өңүн айтайын:
Кара чаар, көк чаар, кызыл чаар,
Коолдон мындай таппадым.
Алкым жүнү ак болот,
Алыстан учса байкагын.

Каз, өрдөк учса канчасы,
Калтырбай тээп какканын.
Кыйын заман учурда,
Кыргызды далай бакканын.
Тумшугу менен тырмагы,
Ийри болот шамшардай,
Эмне болсо матырса,
Эшип аны жаргандай.
Каз, өрдөк көрсө калышат,
Кирер жерин табалбай.
Тоодактарын бакыртат,
Тозокко түшүп калгандай.
Кумарың такыр канбайт ко,
Ылаачын кушун салгандай.
Ыраазы болуп ээрчиген,
Бири калбайт арманда.
Кызыкты коюп ызы-чуу,
Кырааным учса ар кандай.
Колуңда тынч олтурат,
Томого башка тартканда.

Ылаачындай үч түрдүү,
Жапан куштан жагалмай.
Андан дагы кичирээк,
Жарашыктуу турумтай.
Таптап муну көп салбайт,
Чымчыктан башка алалбайт.
Алкым жүнү ак болот.
Алыстан көз жүгүртүп,
Аябагандай сак болот.
Көздөрүнүн алдында,
Бармак басым так болот.

Ылаачын менен ителги,
Кызыктырат билгенди.
Чапканга күлүк ат керек,
Чарчабай кечке жүргөнү.
Көрүнгөнгө шилтесең,
Качырып тийип илгени.
Иле албаса кубалайт,
Көргөндүн түшүп артынан.
«Далбааны» булгап, куу-куулап,
Чыргааны сүйрөп астынан.
Кайрылып ага келбесе,
Артынан атты чабышкан.
Кайрылып келсе сүйүнүп,
Олжосу менен табышкан.
Кайрылбай кетип каратып,
Куржалак далай калышкан.

Кеп кылайын күйкөнү,
Өңдөрүнө карасаң,
Кичирейткен ителги.
Бапестеп муну баксаң да,
Келбейт анча таптарга.
Кескелдирик, жылан, чычкандан,

Алдары жетпейт башкага.
Канат күүлөп учканда,
Бир ордунда калдандап,
Катып калат асманда.
Куш эле аты болбосо,
Билип ал керек айтканга.

Куш, чүйлүү, кыргыйлар,
Тынар, тунжур, туйгундар.

Алгыр куштун ичинен,
Алар бир уруудан.
Томого тартып кийгизбейт,
Колдо тынч олтурат.
Көзү жетсе алганга,
Кайра-кайра талпынат
Карап турбай шилтесең,
Жебедей сызып качырат.
Канаттарын аз ирмеп,
Канат, куйрук жазылат.
Ителгидей учтанбай,
Тегерек болуп ачылат.
Алып туруп олтурат.
Үндөп ага кыйкырсаң,
Колуңа келип шып конот.
Багуусу жарашса,
Өз баладай тың болот.
Куштан чүйлүү, кыргыйы,
Начары чыбы, мыкыйы.
Мыктысы куштан саналган,
Тынар, тунжур, туйгуну.
Учканда карап таанийсың,
Көбүрөөк сызып учушу.
Жүндөрү болот башкача,
Конгондо карап турушу.
«Туйгун» – куштун төрөсү,
Сулуу десең, сулуусу.
Туйгун-куштан аз чыгат.
Алыстан туруп таанылат.
Өңү, канат, куйругу,
Кебездей аппак ачылат.
Өңүндө киргил так болбойт,
Түлөгөн сайын агарып,

Картайганда билинет,
Тумшугу, буту, көздөрү,
Жылдан-жылга саргайып.
Ак куура окшойт кээде ал,
Асманда учуп баратып.
Куш экен деп сызганда,
Көптөрү калган таң калып.
Куштардан коозду жаратат,
Шумкар, туйгун салсаңар,
Кандай бир сонун ырахат!.
Туйгундун түрүн «тунжур» дейт,
Бул дагы куштун кыраaны.
Тунжур салсаң тунасың,
Кирешелүү бул дагы.
Тапка келген учурда,
Тажабаган убагы.
Көкүрөк жүнү ак болот.
Сырткы жүн, канат-куйругу,
Бозала болуп так болот.
Картайганча түлөсө,
Жөнөкөй куштай көк болот.
Каз, өрдөккө шилтесең,
Качырбай тийген ок болот.
Мүнүшкөрү жарашса,

Мүлдө түлөп шок болот,
Табына келсе салганда,
Тамаша, оюн-зоок болот.
Күнүгө жеп куш этин,
Курсагыңар ток болот.
Таптаганды билбесең,
Кайран тунжур жок болот.

Куштан дагы мыктысы,
Кара кашка «тынары».
Жөнөкөй кушка окшошот,
Өзгөчө эмес кыялы.
Эки каштын ортосу,
Сызып койгон сыяктуу.
Кара такты карашып,
Сынчылар канча сынады.
Түлөгөн сайын жоголбой,
Капкара болуп турганы.
Колуңа алып кондурсаң,
Койкоёт анын турпаты.
Алы жетсе ашыгат,
Алгыр куштан бул дагы.
Кекилик, чил, чүрөктөн,
Канчасы мындан сулады.
Аңыр, өрдөк, каздарды,
Тынардын алат кыраны.

Кеп кылам чүйлү, кыргыйды.
Ичинен чыбы, мыкыйды.
Канат ирмеп сызганда,
Ылдамдыгы жарашат.
Буту, жүнү, тумшуктан,
Кыраандарын сынашат.
Чил, кара боор, кыл куйрук,
Таан, сагызган алышат.
Чүрөк менен бөдөнө,
Жүрөгү түшүп жабышат.
Табына келип жарашса,
Кекилик, өрдөк басышат.
Канча жолу шилтесең,
Булар чарчап, чалыкпайт.

Мүнүшкөрлөр сүйүнүп,
Кызыгына батышат.

Көркөмдөп мен жазайын,
Куштардын уя салганын.
Бүркүттөрдүн кыраанын,
Карап көрүп таң калдым.
Уя салат башына,
Адам жетпес асканын.
Жалама зоо, көз жетпес,
Ортосуна заңгелдин.
Аркан салып коркпостон,
Балапанын алганын,
Байыртадан келаткан,
Кыргызыма таңкалдым.

Жапалак бүркүт, куу бүркүт,
Жарларга уя салышат.
Жылан, чычкан, бака алып,
Жандарын эптеп багышат.
Кыраандар алып таштаган,
Тарпты аңдып талашат.
Суу жээгинде суу бүркүт,
Шаңшып учуп күнү-түн,
Уя салат чоң бакка,
Үрпөйүп карап турушун.
Балык, бака алганы,
Баатырдыгы курусун.
Ителги, шумкар, ылаачын,
Бүркүттөй аска-зоолорго,
Келтирип салат уясын.
Аскаларда сайраган,
Шаңшыган үнүн угасың.

Жагалмай менен турумтай,
Чоң бакка салып уясын,
Жылына келет унутпай.
Кый-кый деп сайрап учканы,
Кыядан чыккан булуттай.
Чыгаандардан болушат,
Чымчык алып куруткан.
Күйкө салат уясын,
Бийигирээк жарларга.
Ийин болсо талашат.
Эригип өзү салгандан.
Чымчык дагы алалбайт,
Бечел куш болуп калган да.

Куш, чүйлү, кыргыйлар,
Тунжур, тынар, туйгундар.
Уясын салат аздектеп,
Адам жок аска-зоолорго.
Куйулма бийик жары бар,
Кол жетпеген тоолорго.
Балапанын алат деп,
Жалкоотой болуп калган го.
Чыбы менен мыкыйы,
Буларга окшоп салат ко.
Күнү-түнү жүрүшкөн,
Мунүшкөрлөр табат ко.
Аз да болсо мен жаздым,
Баянын «алгыр куштардын».
Балапанын чыгарып,
Бапестеп салган уясын.
Кыраандарга кызыгып,
Тукумга бөлдүм кыйласын.

Көркөмдөдүм азыраак,
Туурда конуп турганын.
Өңүн көрсөң тааны деп,
Сүрөттөп жаздым турпатын.
Жаңылып калсам азыраак,
Оңдоп кой деп сураймын.
Куштү таптап салышкан,
Мүнүшкөрдү сыйлаймын.
Укканымдан күдүк кеп,
Кочкордон чыккан Сыдыкбек.
Кудайберген, Суранчы,
Кадырлуудан Кадыркул,
Чоң мүнүшкөр бул дагы.
Ысык-Көлдөн Томо бар,
Мамбетаалы, Моют бар.
Ушуга окшош залкарлар,
Конуп калса, конок ал.
Жумгалдан чыккан Көкүмбай,
Жаткан жери болсун жай.
Чүйдөн чыккан Сатылган,
Саятчы болгон асылдан.
Карымшак менен Жамангул,
Кадырлай турган баатырдан.
Кыргызымдан мактанам,
Мүнүшкөр деген атынан.
Ыр менен жаздым окуп кой,
Ичимде сырды катылган.

*12-21.02.2002*

# ЫР ДҮЙНӨГӨ САЯКАТ

Сагынганда залкарлардын санатын,
Сээп койгон сезимдердин талаасын.
Кыдырганга саякатка аттандым,
Кыялымдын минип алып канатын.

Ырларынан нөшөр төктү куюлуп,
Чарт-чурт этип, чагылганын учуруп.
Адашамын жунглиге киргенсип,
Ойлорумдун туңгуюгун кыдырып.

Бул залкарлар кайдан калган жаралып,
Таланттары көк мейкинге таралып.
Ырыскысын берсе экен деп тиледим,
Жолдош кылып, ыйманыма таянып.

Залкар болду орто кылым заманы,
Ырды жазып перс-тажик балдары.
Жылдыз болуп өчпөй турат дагы эле,
Кенч болуп бизге жетип калганы.

Рубайлар-сүйүүлөргө арналып,
Газелдери-ыйларына айланып.
Бейт, кыта касыдасын окусам,
Аралашып отурамын таңгалып.

Жашоо, заман, сүйүүлөргө, толгонуп,
Кээси жыргап, кээси ыйлап кор болуп.
Окуганда алар менен сүйлөшүп,
Аралашып мен да кетем ойлонуп.

Камол, Хафиз, Бедиль менен Хосров,
Жүрөгүндү ый, сүйүүгө толтурат.
Лириканын сыйкырлары эрчитип,
Жаза турган демге, демиң кошулат.

Жами, Саади, Рудаки, Руми,
Кылымдарга даңазалап сүйүүнү.
Жан-дүйнөңдү тартып алып негедир,
Жарык кылат Айың менен Күнүңдү.

Омар Хаям рубайын окусаң,
Махабатка жүрөк сыздап толкусаң.
Ибн Сина айыктырат бат эле, Кыта,
Газел, бейттер деген оорудан.

Орустардан залкар акын Есенин,
Ырларына кошо чөгүп кетемин.
Ал деңиздин ээси болбой ошондо,
Кайран жигит кайтыш болуп кеткенин.

Бул деңизде булгабастан сүзөлүк,
Сергей сендей, селкилерди сүйөлүк.
Башка улуттан болсом дагы сыйлаймын,
Жүрөгүмдө кала берет түбөлүк.

Ыр дүйнөдөн биртке кеттим адашып,
Көп залкарлар калып калды карашып.
Ырларын эне тилде жазгандар,
Кыргызымдан күтүп жатты самашып.

Алардын кээ бирине кайрылам,
Сүйүп жүргөн акындарды жашыман.

Арзыбаган сырларымды ачайын,
Тартуу кылып жүрөгүмдө катылган.

Тагдыр келип тамашалап акынды,
Ыр дүйнөдөн ырыскысын качырды.
Оргуп чыккан ырларыңа алмаштың,
Отуз деген гүлдөп турган жашыңды.

Таланттары бийик эле тоолордой,
Акын болбойт, аны эстеп толгонбой.
Жылдыз кылып жарык кылып учуруп,
Кыргызыма бир жаратып койгондой.

Жашап турса кандай ырлар жаралмак,
Акындарга аба болуп таралмак.
Арбактарга таазим кылып жүрөмүн,
Кыялданып жазып койдум, салам кат.
Ойлорумдун кеңешинен чыга албай,
Ыр дүйнөгө анча-мынча саякат.

## КЫРГЫЗДА КӨП ЖИГИТ БАР

*(Терме)*

Кылымды баскан кыргызым,
Ала-Тоо болуп ырыскың.
Ысык, суугун көтөрүп,
Илгертен берки турмуштун.

Баатырлар чыккан арадан,
Душмандан коргоп эл-журтун.
Жоокерчилик заманда,
Уйкусун кечип күнү-түн.

Кармашып далай жоо менен,
Ай, жылдап жортуп жүрүшүн.
Манастай чыккан айкөлдөр,
Жеңилип кантип булунсун.
Кыргызга баш, көз болуптур,
Кылымга артып сүйүүсүн.
Куттубий, Кыргыл, Мажиктей,
Жаш кезден өскөн жигитин.
Манасты ханга көтөргөн,
Эмгегин кантип унутсун.
Алманбет, Чубак, Сыргактай,
Ач албарстай кылычын.
Кайсыл жоо болсо талкалап,
Калбастан кайра чыгышын.
Бакай, Кошой бабалар,
Кыргызымдын пирисиң.
Ажыбайдай чечени,
Төлөк, Агыдай төлгөчү,
Шуутудай из чалгыч,
Өтүптүр залкар нечени.
Кырк чоро, булар болбосо,
Атагы алыс кетеби?
Манастын күчү, сүрү ушул,
Мансабы анан өчөбү?
Ынтымагы болбосо,
Ырыскыга жетеби.
Кыраандардын урпагы,
Кылымдар бою өсөбү?
Кыздардан чыккан залкарлар,
Кымтып биртке кетели.
Уздардан чыккан перилер,
Урматтап дайым өтөлү.

Каныкей менен Аруукe,
Аял заттын гүлүсүң.
Акылдан аруу жаралган,
Ааламга тийген Күнүсүң.
Айкөлдөр бекер арнабайт,
Аялга берген сүйүүсүн.
Кыздардан чыккан кыз Сайкал,
Карача хандын кызысың.
Баатырдыгың башкача,
Сырттандардын бирисиң.
Кылымдар бою айтылып,
Кыргызда дайым тирүүсүң.
Силерге окшош жаралган,
Сыйласа дайым жигитин.
Андайлар бизде аз болот,
Аралап менин билишим.
Арбагыңар үйрөтсүн,
Аялзат кантип жүрүшүн.

Ата-баба берген мурасын,
Айттым сөздүн туурасын.
Учугуңду чоюп узартып,
Урпактарың узарсын.
Балдарың чыкса силердей,
Бабалар дайым кубансын.
Баш-көз болгон адамдын,
Барктап сөзүн угасың.
Абийирдүү адам жолукса,
Акыбал дайым сурайсың.

Тамырлуу менин кыргызым,
Тактап келсем туугансың.

Бир атадан таралып,
Бир тууган болуп чыгасың.
Ынтымак болуп араңда,
Ырыскы дайым сугарсын.
Ынтымак жок адамдар,
Ыймандуу болуп уялсын.
Кыргызым бириң-бирине,
Кыйбас болуп чыгасың.
Кыз берип, кыз алышып,
Кылымдан бери кудасың.
Ант беришип достошуп,
Акыреттик курдашсың.
Ар-намыстуу адамдар,
Алаамат болсо кыйбайсың.
Адам деген касиет,
Жүрөктө кетпей туйласын.
Абийирдүү адам сүйөт ко,
Ала-Тоо асыл уясын.

Адамдар бир жаралат,
Жалгандан жакшы сыйласын.
Адамкеричилик болгондо,
Абийирди дайым курасың.
Алтындай асыл жигит бар,
Туу болуп дайым турасың.
Акмактар чыкса арадан,
Армандуу болуп сыздайсың.
Ата-текти булгаса,
Аргасыз жашып ыйлайсың.
Арасынан жакшы жаманды,
Аралап бирден ылгайсың.

Аз да болсо айтайын,
Накыл сөздүн туурасын.
«Адамда беш кол тең эмес»,
Ачайын сырдын кыйласын.
Кыргыздын кыйла жигитин,
Кызыксаң айтам угаарсың.

«Азамат» деген жигит бар,
Эл-журтун дайым сыйлаган.
Ата-журтун ойлосо,
Ардактап жүрөк туйлаган.
Ак жүрүп дайым жашоодо,
Болоттой болуп сынбаган,
Кыйынчылык түшкөндө,
Кылычтай болуп чыңалган.
Эл-журтуна бел болуп,
Тоо болуп тосуп тура алган.
Чындыкты дайым бетке айтып,
Калыстыктан сыналган.
Мындай жигит аз чыгат,
Мунарадай бийик куралган.
«Азамат» менен жолуксаң,
Арналган сага Кудайдан.

«Түз жүргөн» деген жигит бар,
Түз сүйлөгөн кишиден.
Түптүз басып койкойсо,
Түз экени билинген.
Эски кийим болсо да,
Үтүктөп таза кийинген.
Кызматта же үйдөбү?

«Ардак тактада» илинген.
Мыйзамда кандай жазылса,

Жеп, ичип аны сиңирген.
Ыйласаң дагы чыкпайт ко,
«Инструкция» деген чийинден.
Экономист туубаса,
Чыгарбайт ашык тыйындан.
Эзели кетип чачылбайт,
Эрдемсип бул да кыйындан.
Бир калыпта сүйлөшөт,
Көп жолу өткөн жыйындан.
Партийный адамдар,
Парт билетке сыйынган.
Партия кетсе жоюлуп,
Ыйлап бир жыл ыйынган.
Эгемендүүлүк келгенде,
Эчкирип анан тыйылган.

«Төрө пейил» деген жигит бар,
Төрдү дайым бербеген.
Урматтуубу же улуубу,
Уялып аны билбеген.
Кызмат берсе кычырап,
Кыйын болуп чиренген.
Жакшыбы же жаманбы?
Манчыркап дайым сүйлөгөн.
Жакшыны көрсө жактырбай,
Жаман көрүп сүйбөгөн.
Пейил күтүп өзүнчө,
Жүргөнү дайым көпкөлөң.

Тарыхта мындай адамдар,
Далайга кетип өспөгөн.
Таалим албай кээ бирден,
Таза оюн бөлбөгөн.
Тамашалап сөз айтсаң.
Таң калып ага өтпөгөн.
Балдар барса жанына,
Басып барып өппөгөн.
Жасалма сөздөн сүйлөсө,
Жалын болуп өрттөнөм.
Жакшылык кылып адамга,
Мээримин такыр төкпөгөн.

«Куу жигит» деген жигит бар,
Куулугу дайым түлкүдөй.
Жакшы болуп көрүнүп,
Жасалма болгон кишидей.
Жалпаңдап сөздөн жылытса,
Каласың кээде үшүбөй.
Тагдырын айтып ыйласа,
Таңгалып калам түшүнбөй.
Калпты, чынды койгулап,
Калат кээде билинбей.
Иши түшсө эгерде,
Иттей болуп жүгүрөт,
Бүтүрүп берсең уялбай,
Ыйламсырап сүйүнөт.

Ишендирип сөз айтса,
Өлгөн атаң тирилет.
Убакыт өтсө ойлосоң,
Уятсыз анда билинет

Туягын жеген шумпайга,
Түшүнгөн адам түкүрөт.
Ишиң түшсө капыстан.
Ыйламсырап битирейт.
Ызаттасаң мындай адамды.
Бүлүнтүп жакшы оюңду,
Бүткөн бой кетет титиреп.

«Көралбас» деген жигит бар,
Көздөрүн дайым май баскан.
Жакшылыкты ойлобой.
Жаралган булар кай жактан.
Көмкөрүлүп кетсе деп,
Көздөрү өтөт тайгактан.
Адамды дайым сайсам дейт,
Айырма жок сайгактан.
Арышты кере таштасаң.
Азыткы болуп байлаткан.
Аңгекке түшсө экен деп,
Аңдып турат ар жактан.
Аябай сүртөт артыңдан,
Ар-намысыңа баткактан.
Адамдан кээ бир асылды,
Арыкка түртүп аксаткан.
Жакшы жашап түз жүрсөң,
Жалаа жапкан акмактан.
Ойлогону жамандык,
Ойлорду бербей баш жактан.
Жакшылык кылсаң өзүңө,
Таш менен уруп аксаткан.
Дос болуп аны сыйласаң,
Догурунган каскактан.

Көзүнө кирсин топурак,
Көрө албай көпкөн жаш чактан.
Өйдөгө чыксаң кулаткан,
Өзгөчө салып тузактан.
Жашооңдун жакшы агымын,
Жаап коём деп кууратткан.
Көз тийбей алыс жүргүлө,
«Көрөалбас» деген чунактан.
«Ак көңүл» деген жигит бар,
Алакөөдөк адамдан.
Арты-алдын карабай,
Ашыкча аруу жаралган.
Көп жерден аты арыбайт,
Чыгалбай кээде санаадан.
Эмнеси болсо берсем дейт,
Айырма жок баладан.
Ичи кенен, тары жок,
Көз жетпеген талаадан.
Дос болсоң мындай жигиттер,
Бар нерсесин аябайт.
Карым-катыш жасасаң,
Калчап аны санабайт.
Бүркөлүп калса кабагың,
Булутту сүрүп тазалайт.
Кайышып турган убакта,
Кабагыңды ача алат.
Кээде өзү жарыбай,
Кейитип аны жазалайт.
«Ак көңүлдү» сөкпөгүн,
Абийирине айран төкпөгүн.
Ызаттап дайым кечирет,
Ыза болуп өткөнүн.

Адамдан мындай айкөлдүн,
Азыраак көрдүм өскөнүн.
Адам деген асылдан,
Аз эле көрдүм көпкөнүн.
Ар дайым жетет баркыңа,
Айланып андан өтпөгүн.
Алданып эле калбаса,
Көрбөдүм абийир төккөнүн.
Андан көрө колдоп жүр,
«Ак көңүлдүн» өскөнүн.

«Куйту» деген жигит бар,
«Куу жигитке» бир тууган.
Куу түлкүнүн калтары,
Кыйла адамды куруткан.
Камчылап айда сабасам,
Кубалап ушул турмуштан.
Көзгө чөп салган немелер,
Көп чыгат ар бир улуттан.
Ишенген адам чыга албайт,
Илдети көп уруштан.
Ар бирине сөз ташып,
Абройду бузушкан.
Аңдып жүрүп артыңдан,
Аябай сууну куюшкан.
Адамдан муну билгенде,
Аңтара койсоң тумшуктан.
Билгенде чачың тик турат,
Билмексен болгон укмуштан.
Катындан ашкан жигит бар,
Сөз ташыган шумшуктөн.

Чынчыл болуп жүргөнү,
Чыйрыктырып үшүткөн.
Далайлардын ортосу,
Ажырым болуп үзүлгөн.
Жаа бою качып жүргүнүн,
Жамандыгын түшүнсөң.
Оңкодон сайсам деп андып,
Оңтойлуу жерди күтүшкөн.
Дос болуп кирип ичиңе,
Достукта көбү сыналган.
Билгенде үрөй учурган,
Кара чаар жыландан.
Арабызда аз эмес,
Абийирсиз кээ бир туугандан.
Чын өңүн билбей булардын,
Чыр чыгып көбү кыйналган.
Хамелеондой шүмшүктөн,
Канча адам аксап ыйлаган.
Мындайлардан көп жашайт,
Мунапыс келип Кудайдан.
Алысыраак жүргүлө,
Адамдардан суранам!

«Кара өзгөй» деген жигит бар,
Каалаганы жамандык.
Сырты жылма, ичи бок,
Сыр билгизбей таранып.
Катынга кылбай жакшылык,
Кайдан калган жаралып.
Өзгөгө шылтайт дайыма,
Өзүнөн кетсе каталык.

Балдарын деле карабайт,
Кызматын кылып аталык.
Жексурду кээде көргөндө,
Жебе бою качалык.
Достордон мындай чыкканда,
Доолашпай алыс жашайлык.
Жакшыны айрып бактыдан,
Жалгандан өтпөй жашарып.
Жамандык катып ичине,
Жер сыйпап калсын кашайып.
«Кара өзгөй» деп кара бет,
Калкымда калды аталып.
Бир тууганды сыйлабай,
Калса дейт аны камалып.
Кек сактаган шумшукту,
Кебээрге тыксаң алпарып.
Ар-намыс болсо түшүнөөр,
Адам бол деп айталык.
«Кара өзгөйлөр» азайсын,
Калктан карап байкайлык.

«Битир» деген жигит бар,
Байдылда, «Сараңбай» деп атаган.
Билинбей чогуу жүрүшкөн,
Битирлер кайдан жаралган.
Ал деле биздей төрөлүп,
Эки аяктуу адамдан.
Көргөн жокмун жыргаган.
Битиреген сараңдан.
Кулжуңдап акча чыгарбай,
Курсагы үчүн аяган.

Ар дайым кармап өзүнө,
Акчаны катып аялдан.
Беш сом ыраа көрбөстөн,
Туудурган асыл баладан.
Бир тыйын санап күнүгө,
Битин сыгып жалаган.
Жыйырма жыл өтүп кетсе да,
Бир кийим менен жашаган.
Балдары жүрсө самтырап,
Бай болгон ушу атадан.
Үйүнө барсаң үңкүрдөй,
Үй-бүлө чыкпай кападан.
Кант, чайы жок үйүндө,
Кандай неме кашайган.
«Битирлер» кайдан төрөлгөн,
Билбеймин кайсыл ападан.
Атасы деле өлгөн жок,
Оо дүйнө кетип ачкадан.
Төрөлдүң бир күн өлөөрсүң,
Түбөлүк ким бар жашаган.
Бир сому жандан жоголсо,
Балдарын күндө сабаган.
Ыйларын уктум балдардын,
Атадан мындай тажаган.
Нааданды көрсөм жийиркенип,
Намыска барып такалам.
Колун ачып жүргөндөр,
Көгөрөт дайым батадан.
«Алкаш» деген жигит бар,
Ак жолунан адашкан.
Иттей болуп көчөдө,
Ичкилик менен кармашкан.

Ичи ысып чыкканда,
Ыркырашып талашкан.
Ыйманы кетип адамдан,
Ылдыйлап күндө бараткан.
Абийирди саткан мындайды,
Адамдар кайдан жараткан.
Үй бүлөсүн ойлобой,
Аракты дайым саматкан.
Ыркыйып күндө арыктап,
Көңүлү айнып тамактан.
Көпкөлөң тартып кээ бирде,
Көбүнчө чыкпайт камактан.
Кылмышты жасап кылтыйып,
Жылдап чыкпай абактан.
Үй-бүлөсүн ыйлатып,
Жүрөгүн дайым канаткан.
Үйүнөн безип жолобой,
Табасың көчө тараптан.
Басалбай жерди кучактап,
Баткакка оонап бараткан.
Арабыздан көп чыкты,
Адамдардан адашкан.
Таң эртеден көрөсүң,
Топтошуп турса базардан.
Жумушка мындай келишпейт,
Жукурларды карасаң.
Кызыл тумшук, шишик көз,
Алкаштар чыгат арадан.
Акчасы жок ар кимден,
Беш тыйын сурап санаган.
Бир сом берсе бирөөсү,
Шыйпаңдап артын жалаган.

Көчөдө жүргөн иттердей,
«Алкаштар» сага таң калам.

Аралап көрүп элдерди,
Азыраак жаздым термени.
Айта берсек түгөнбөйт,
Армандар менде, сендеги.
Жигиттин дагы түрү көп,
Жашап жаткан жердеги.
Арабыздан таңкалткан,
Айтылган жок көптөрү.
Андан көрөк жакшы го,
Адамдай жашап өткөнү.
Ата-журтка бел болуп,
Абийирдүү болуп өскөнү.
Адамдан болбойт жаралган,
Ай, Күнгө колу жеткени.
Айтып кеткен сөздөрдү,
Ар бирибиз эстейли.

Айылды жүрүп аралап,
Акмактар бизди тепсейби?
Аларды салып тартипке,
Аксакалдар кетпейби.
Аларга айткан кайран сөз,
Ар-намысына жетпеди.
Жалганда бир жаралып,
Жакшы жашап өтпөйбү.
Жаман болуш бир паста,
Жакшы болуш аста-аста.
Жаш туруп биздин жигиттер,
Жамандык жактан сактанса.

Тарбия көргөн адамдан,
Таалим алып тапталса.
Жакшыга келип жармашып,
Жакшы адамдан качпаса.
Жигиттин көбү түшүнбөйт,
Жылдырып ага айтпаса.
Абийирдүү мурун урпактан,
Азыркы балдар башкача.
Алданып көр тыйынга,
Абийирин булар сатпаса.
Ар дайым түз жүргөндөр,
Адамдардан тап-таза.
Алардан алып тарбия,
Асыл жагын кармаса.
Жашоого балта чаптырып,
Жаман жакка барбаса.
Жакшылык менен жамандык,
Жашоодо болот тараза.
Жашап өткөн издерин,
Жаш кезинен караса.
Эмгектенип ак иштеп,
Эл, журт үчүн жараса.
Туу тутун дайым унутпай,
Туулган жерин самаса.
Андан башка нерсең жок,
Бул дүйнөдөн аласаң.
Ата Журт үчүн толгонуп,
Ак эмгек жасап талбасаң,
Эл-журтта калат айтылып,
Эси жок кээ бир тамашаң.
Абасын жутуп, суу ичкен,
Ата Журтту карасаң.

Жашап өткөн жериңе,
Жакшылыкты самасаң.
Абийирдүү жигит болосуң,
Кыргыз! – деп, намыс талашсаң.

## МАХАБАТ СЫРЛАРЫ

*(поэма)*

Махабат – жан-дүйнөгө демди берген,
Махабатсыз жашай албайт адам деген.
Адам ата, Обо эне жаралгандан,
Ыйык сезим ортодо жашап келген.

Махабат – жүрөктө гүлдөй назик,
Деңиздей кээде турат толкуп-ташып.
Ыйык болуп берилген касиетин,
Адамдар жашап келет сырын ачып.

Махабат – адамдарды ойго салып,
Жылытса жүрөктөрү оттой жанып.
Канча адамдар кайгыга чөмүлүшкөн,
Кол сунуп сүйгөнүнө жетпей калып.

Махабат – адамзатка кубат берген,
Кылымдан-кылымдарга жашап келген.
Адамзат алайын деп гүлзарынан,
Табыйгат тартуулаган гүлүн терген.

Арналыптыр жаралгандан адамзатка,
Бирдей болуп эркек менен аялзатка.
Теңирим калыс болуп чечип койгон,
Махабаттан түшсүн деп таразага.

Жараткандан адамзатка деми келип,
Адамзаттар ар дайым аны сезип.
Узарып учуктары уланышкан,
Жаралганга жан берип, өмүр берип.

Жашап өткөн канча деген пайгамбарлар,
Теңиримдин касиети арналгандар.
Алар дагы махабатты ыйык тутуп,
Кайгырышкан кутулалбай армандардан.

Айтайын Жусуп деген пайгамбардын,
Махабатка бүлүктү салгандарын.
Көз жаш төгүп сүйгөнүнө жетпей жүрүп,
Көзү көрбөй Зулайканын армандарын.

Махабат – эки адамды сынап өтөт,
Барктаган баасын алып жыргап өтөт.
Сыйлабай касиетин, кесир кылган,
Жашоодо жан-дүйнөсү сыздап өтөт.

Махабат – канчаларды ойго салган,
Даңазалап акындар ырын жазган.
Ыйыктыгын ушундан билип алгын,
Жаралган жан-дүйнөдөн канча дастан.

Эстейсиң грузин деген элди,
Окуп алып Нестан менен Тариелди.
Шота деген чоң акын дастан кылып,
Окусун деп бүт улутка жазып берди.

Ушундай болот махабат,
Укмуштай сезим жаратат.

Ызаалап койсоң сыйлабай,
Ыйлатып жүрөк канатат.

Укмуштай ыйык махабат..,
Улутка бөлүп карабайт.
Улуубу же кичүүбү? – деп,
Уялып жашын санабайт.

Эркек менен аялга,
Өзүнчө сырдуу деми бар.
Ар бири өзү тандаган,
Ала турган теңи бар.

Адамда дайым жаралат,
«Алгачкы» деген махабат
Наристе ойноок кезекте,
Уктабай кээде таң атат.

Ар адамга арналат,
«Тунгуч» деген махабат.
Татып алсаң даамын,
Дагы эле сени саматат.

Бирөөлөргө арналган,
«Бир күндүк» деген махабат.
Эртеси издеп таппастан,
Эси оогончо таңгалат.

Арабызда азыр көбөйдү,
«Акчабай» деген махабат.
Алданып кер тыйынга,
Эмне болуп баратат.

«Акчабай» келет саламга,
Кыз-келин менен аялга.
Абийири жоктор көп издейт,
Алданып ушул арамга.

Кайда иштейсиң чоң кыз? – деп,
Сурадым сулуу бир кыздан.
«Моссовет» деп жылмайды,
Келаткан окшойт жумуштан.

Бошсуңбу бүгүн? – десем мен,
Күнү-түнү иштейм дейт.
Ак эмгекти өткөрүп,
Дем алышты билбейм, – дейт.

Жаңы ачылган Бишкекте,
Таңгалтты ушу мекеме.
Түшүнбөй анда жүрүпмүн,
Баш оорутуп бекерге.

Ар улуттан мончоктой,
Тизилип чыгып кыздары.
Эркектен өтүп көздөрү,
Эзилип жүрөк сыздады.

Жылмайып тиктеп караса,
Жактырды деп ойлодум.
Мен эмес, акча катылган,
Чөнтөктө экен ойлору.

Алыстан карап билгенин,
Адамды тандап сүйгөнүн...

Чөнтөктөн акча көргөндө,
Чөгөлөп чуркайт кыз-келин.

Акчаны жыйнап алганга,
«Сутенер» деген чоңу бар.
Ансыз чыкпайт ордунан,
Азгырам деген оюңар.

Мончоктой кыргыз кыздары,
Акчадан дайым кеп созот.
Акча көп болсо макулмун,
– Бир жылга чейин! – деп коёт.

Чырактай орус кыздары,
– Деньги давай! – деп коёт.
Өбүшмөк тургай, өзүңдү,
Өтүңдү алып жеп коёт.

Сомуңду алып сороктоп,
Бекерге кылба аракет.
Соодалап кетет эрчитип,
«Доллар» деген балакет.

Ар улуттун өзүнчө,
«Акча» деген тили бар.
Атын билсең болгону,
Ар-кандай кылып... сүйүп ал.

Аял менен эркектин,
Укугу деле теңелди.
Акчаны оңой тапканды,
Эркекке деле бербейби?.

Адамда дайым баркталат,
«Ак сүйүү» деген махабат.
Токсонго жашың чыкса да,
Жүрөктө толкуп сакталат.

Мунун баркын билген бар,
Анттaшкан далай сүйгөн жар.
Өмүрлөш жардан ажырап,
Өзүнүн жанын кыйган бар.

Ыйлатып жүрөк толкутуп,
Көргөндө кинофильмин.
Бекерге даңктап айтышпайт,
Индиянын таза сүйүүсүн.

Махабат үчүн берилип,
Бирдей болот баардык эл.
Грузин Шота жазгандай,
Нестан менен Тариел.

Баяндап Шота жазганын,
Тариел баатыр арманын.
Индияга чейин жер кезип,
Махабат күчүн Нестандын.

Сулуулуктун белгисин,
Сулуулап кимдер айта алат.
Шотадай өзү арзыган,
Шордогон акын жаза алат.

Махабат күчү толкутуп,
Кыргызда келген мурунтан.
Ал үчүн жанын кыйышкан,
Олжобай менен Кишимжан.

Мисалга айтсаң, түгөнбөйт,
Буга окшош далай дастандар.
Урматтап ушул сезимди,
Купуя сырын каткандар.

Ойлонтуп жүрөк канатып,
От болуп сүйүү кыргыздан.
Опасыз өмүр кыйышкан,
Олжобай менен Кишимжан.

Махабат күчүн карачы,
Каныкей менен Манасты.
Кыргыз! – деп тандап алышкан,
Ала-Тоо, Кеңкол, Таласты.

Ата салтын улантып,
Арзыган сүйүү чубалып.
Айчүрөктөй перилер,
Адамды келет кубантып.

Ажары жүрөк сыздатып,
Армандуу кээси ыйлатып.
Аялдар үчүн эркекти,
Аябай койгон кыйнатып.

Эркектер эрчийт эмнеге?,
Махабат гүлүн тергенге.
«Баш үйрөтмө» болуп кетишет,
Аял заттан дем келсе.

Көңүлү тоюп калганча,
Көп жолу арттан ээрчишет.
Көксөгөн ойго жеткенде,
Көпөлөк болуп кетишет.

Жүргөндөр көп гүл тандап,
Жүрөгүн улам чабышып.
Эркектен да аял көп,
Ээрчип күндө жабышып.

Кээ бирөөнө таң калам,
Көчөдөн калат табышып.
Көркү жакшы төп келип,
Көз тийбесин жарашып.

Сүйлөшүп көп жыл ээрчишип,
Сүйүүдөн калган табышып.
Жыл айланбай урушса,
Жүрөгүм кетет сайышып.

Үйүңдө турса аялың,
Чолпондой жанып жаркырап.
Ыраазы болуп жүрөгүң,
Ызаттап дайым талпынат.

Махабаттын түрү бар.
Мактанбай аны билип ал.
Аруу сүйүү жолукса,
Ардактап аны сүйүп ал.

Түбөлүктүү сүйүү бар,
Түшүнүп аны билип ал.
Турмуштун жүгүн көтөрүп,
Жыргалы менен ыйы бар.

Азаптуу ушул турмуштан,
Ардактуу башың бир өтөт.
Алганың менен тең кары.
Алдыңдан жыргал күн өтөт.

Жети ойлоп, бир кескиниң,
Сүйүүнүн сырдуу тушоосун.
Бактылуу жашап дайыма,
Махабат күндө күчөсүн.

Жаза берсем түгөнбөйт,
Махабаттын дастаны.
Жаштар ойлоп окушса,
Жашоодо көзүн ачканы.

Азыраак ырды жараттым,
Ала качып түркүн ойлорум.
Ыйман берип адамга,
Алла-Таалам колдогун.

Турмуш – оомал-төкмөл дүйнө,
Бирөө ыйлап, бирөө толуп күлкүгө.
Адамдардан асылы бар арада,
Антты бузбай түбөлүктүү сүйүүдө.

## МАХАБАТ ЖАНА ЖҮРӨКТӨГҮ МУҢ

*(Поэма)*

Ар бир жердин өзүнчө тарыхы бар,
Акыл-насаат айткандай карысы бар.
Жакшы элди, жакшы жерди эстегенде,
Адамдарда тарабайт го сагынычтар.

Айтайын эл-журтунан Ак-Талаанын,
Атактуу айыл болот Чолок-Кайың.
Шырдакбек баатырдын чеби турат,
Бул жер тарыхка бай, элге дайын.

Калыс эл, жөнөкөй, карапайым,
Ак топурак жер экен деп санабагын.
Тоолорунда ажайып жерди көрүп,
Билесиң кумарыңдын тарабасын.

Аксай, Көксай, Кыз-Коргон, Кашка-Суусу,
Арпа жакта сан жетпеген башкасычы?
Вулкан аткан «дүңгүрөмө» жерин көрүп,
Таңгаламын, мындайдан сактасынчы...

Ушул жерде «Шырдакбек чеп» салынышы,
Элестетет көчмөндөрдүн кагылышын.
Кантсе да айтып турат көргөнүңдө,
Бир үзүмүн кыргыздын тарыхынын.

Баатырлар бекеринен жер тандабайт,
Учугун улай турган эл жаралат.
Ушул жерде туулуп-өскөн бир жигиттин,
Жашап өткөн изине ыр арналат.

Кожо деген бир бала туулуп-өстү,
Мекен кылып айтылуу ушул жерди.
Балдар менен кубалашып жылаңайлак,
Боз топурак чаңдарын далай кечти.

Чогуу өсүп, чогуу окуган достору бар,
Чами, Асек, Жусупбек, бирөө Адыл.
Колтукташып кайда болсо бирге жүрүп,
Бир туугандай ынтымактуу, баары жакын.

Спорт десе туурасынан жата калат,
Волейболдо топту чапса, Кожо чабат.
Көп деген мелдештерди утуп келип,
Билим алган мектебинен абийир табат.

Жөнөкөй, карапайым болуп өскөн,
Дайыма алкыш алып жакшы кептен.
Каникулда тоого барып жардам берип.
Атты минип, кой кайтарган далай беттен.

Тоолордун атыр жели беттен согуп,
Суктанып кырларында көпкө олтуруп.
Биринчи махабатын эстеп алып,
Далай жолу ырдаган созолонуп.

Ал махабат, наристе сезимдери,
Жан-дүйнөсү жадырап төгүлгөнү.
Чогуу окуган Гүлай деген бир сулууга,
Ашык болуп көңүлү бөлүнгөнү.

Уйкусуз өткөрүп далай түндү,
Жүрөгүн ээлеп алып арзуу, сүйүү.
Гүлайга окшоштуруп жыттачу эле,
Араласа ажайып түркүн гүлдү.

Кожо, Гүлай эрчишип чогуу жүргөн,
Билинбей агып өттү далай күндөр.
Айылдын баш жагында алма бакта,
Эстен кетпей сүйлөшкөн ошол түндөр.

Балалык кез, ойноок кез өтүп кетти,
Онду бүтүп, жигит болуп бою өстү.
Арык чырай тоолуктун бир жигити,
Чырпыктан, чынар болуп бойго жетти.

Гүлай да келишимдүү кыздан болду,
Куурчактай мүчөсү бар, кыска бойлуу.

Көргөндү суктандырып ашык кылган,
Жараткан сулуулукту берип койду.

Көрбөй калса бир-бирин самаганы,
Чогуу жүрүп сагынычтар тарабады.
Эзилип жүрөктөргө демди берген,
Экөөнүн наристелик махабаты.

Бир күнү алма бакка чогуу барды,
Кучакташып, күбө кылып аппак таңды.
Өмүр бою кол кармашып өтөбүз деп,
Бири-биринен экөө тең ант алышты.

Ойлонуп айлуу түндө жетелешип,
Таң сүргөндө булбул сайрап безеленип.
Экөө тең келечектен кеп кылышып,
Турмуштун ыргагына жетеленип.

Ата-Энелер аларды билип жүрөт,
Эки жашка, эки жак тең кийлигишпейт.
Кожо менен Гүлайды көргөн сайын,
Бакыт каалап, өздөрүнчө сүйүнүшөт.

Ата-энелер жылына тоого чыгат,
Бири-бирин чакырышып кымыз куят.
Шеринеси бир болуп, тамак ичип,
Балдарынын келечегин ойлоп турат.

Онду бүтүп, окуу жайга өтүшсө дейт,
Ийгиликтүү аны аяктап бүтүшсө дейт.
Куда-сөөк болушуп келечекте,
Той өткөрүп, ызат-сыйды көрүшсөк дейт.

Бир күнү военкоматтан чакырышты,
Кожону комиссиядан жактырышты.
Армияга жөнөтөөр күнүн айтып,
Бир жумага белгилеп калтырышты.

Гүлай айтат: – «Милдетиң, аткаргын деп,
Сагындырбай бат-баттан кат жазгын деп.
Кожо айтат: «– Окууга өтүп кетсең,
Досторума адресиң калтыргын» деп.

Армияга жөнөй турган күнү келди,
Экөөнү тең алсыратып сүйүү деми.
Эми кандай жашоо болот сагынышып?
Билинбестен жүрөктөрүн куса жеди.

Кожону узатышып достор келди,
– Досторуна, Гүлайга көз сал деди.
Дасторконун жайнатып узатышып,
Бир туугандар чогулуп бата берди.

– Кош жаным! – деп, Гүлайды беттен өптү,
Гүлай болсо, сөз айталбай жашын төктү.
Кожо дагы ыйлай албай мукактанып,
Кылчайып артты карап жөнөп кетти.

Москвада солдат болуп кызмат өтөп,
Гүлайды сагынганда сыздап келет.
Сүйгөнүнөн кат келгенде дем-күч берип,
Уктабай түндү өткөрүп жыргап кетет.

Гүлай болсо Женпедке окууга өттү,
Келечекте ойлоп жүргөн ойго жетти.

Кээде гана өзүнчө муңайгансыйт,
Кожону сагынганда ойлоп кетип.

Бир күнү чогуу окуган кыздар менен,
Бир кызынын туулган күнүнө келген.
Бий бийлеп, ыр ырдап чогуу олтуруп,
Таанышкан Алмаз деген жигит менен.

Алмаз дагы студент селхоздо окуп,
Гүлайды сүйүп калды жүрөк толкуп.
Сабактан чыгышканда жолугушуп,
Күтүп турат жолунан күндө тосуп.

Убакыттар агылып айлар өттү,
Убадалар билинбей бышып жетти.
Эки жылда бир топко өзгөрүлүп,
Ак сүйүүсү Алмазга өтүп кетти.

Кожо экөөнүн сүйүүсүн айтып берди,
Гүлайымдын азгырылып сүйүү деми.
Армиядан келгенче күтө албай,
Алмазга колун берип, макул деди.

Бара-бара Кожону унутуп койду,
Күзүндөсү Алмаз менен тою болду.
Кожо менен кол кармашкан ант бузулду,
Эмнегедир тандап алды ушул жолду.

Кожо, достор жазган катты алды,
Окуп алып көңүлү чөгүп, ыйлап жатты.
Кайгы-муң ээлеп жан-дүйнөсүн,
Тепселип кур-жалак анты калды.

Канча күн курган жүрөк сыздап жатты,
Сүйүп жүргөн сырдуу күч андан качты.
Ишеничтин гүлү кетип сапырылып,
Улутунуп Кожону санаа басты.

Ошентип кызмат өтөп айылга келди,
Толукшуган айылда жай да келди.
Аралап алма бакка арман айтып,
Кожонун ак сүйүүсү кайда кетти?

Чачырады ак сүйүүнүн элестери,
Арттан эрчип капанын көлөкөсү.
Канча жолу ойлосо унута албай,
Антты берген ошол күн тебеленди.

## 2-бөлүм

Намыс кылып Кожо күздө шаарга барды,
Окууга өтүп, КГУга ал тапшырды.
Жатакана жамааты бир добуштан,
Студенттик кеңешке башчы кылды.

Коомдук жумуштардан такыр калбай,
Спорт менен машыгып чарчап-талбай.
Бала кезден негедир жаман көрүп,
Башкалардай оозуна ачкыл албай.

Факультетте волейболдун капитаны,
Төгүлдү таланттардын катылганы.
Окуудан да, спорттон да алкыш алып,
Күндөн-күнгө мактоолор басылбады.

Күндөн-күнгө жакшылыктар күйүп-жанды,
Кайгысы, санаасы жок тынчып калды.

Барган сайын Гүлайды унуткарып,
Түбөлүккө жүрөгүнөн сызып салды.

Айталышпай ичиндеги ачык ойду,
Чогуу окушкан көп кыздар ашык болду.
Кожону, «Коля» деп ат коюшуп,
Көңүлү ачык, маанайына бакыт конду.

Коля кыздарга бүт бирдей карайт,
Жардам берип дайыма күлүп-жайнайт.
Ак көңүл, созолонгон бул жигитке,
Солкулдаган сулуулар сүйүү арнайт.

Ошентип билинбестен бир жыл өттү,
Студенттик турмуштар нурун төктү.
Жашоонун оор-жеңилин ажыратып,
Жигит болуп жетилгенин эми сезди.

Маанайы ар-дайым ачык болду,
Жүрөгүндө сүйүүлөр ташып-толду.
Чогуу окуган бир сулууга сезимдерин,
Кыялынан чыгарбай катып койду.

Ал кызы, ай жамалын төгүп турат,
Ар кимге эмнегедир көңүл бурбайт.
Келишимдүү келбети тал чыбыктай,
Көргөндүн көңүлүн бөлүп турат.

Карегй карагаттай жайнап турган,
Басыгы маралга окшойт байкап турсаң.
Жетпестен буга окшогон перилерге,
Канчалаган жигиттер арман кылган.

Моюну, ак куунун моюнундай,
Ажары айдың көлдүн толкунундай.
Жан-дүйнөсү ажайып таза болуп,
Ала-Тоонун гүлгө оролгон коюнундай.

Жөнөкөй, сылык мүнөз жаралгандан,
Мындай кыз чанда болот адамдардан.
Тарбиялуу чоңойгон мындай уздар,
Жаралган жакшы асыл аялдардан.

Сүйлөсө, сөздөрүн так сүйлөгөн,
Кээ бирөөндөй обу жок көп күлбөгөн.
Ак көңүл, ичинде бир кири жок,
Кээ бир кыздай көчөдө көп жүрбөгөн.

Боорукер, кыздарды бирдей көргөн,
Оюнда жок аларды көпкө бөлгөн.
Акыл-насаат сөздөрдү эске тутуп,
Улууларды урматтап сыйлай билген.

Кичүүлөргө дайыма акыл айткан,
Үлгү болуп аларга жакшы жактан.
Ата-энеси айтканын дайым угуп,
Алардан ар-дайым алкыш алган.

Маанайы Айдай жарык тийип турган,
Көздөрү чырак болуп күйүп турган.
Адамдардын дүйнөсүн акыл менен,
Кимдир-бирөө айтпаса да билип турган.

Жигиттердин салмагын билип турат,
Жакшыларга жарк этип тийип турат.

Чогуу окуган Кожону көргөн сайын,
Жүрөк толкуп, жан-дүйнөсү сүйүп турат.

Сабагын ар дайым бешке окуган,
Качан көрсөң колуна китеп алган.
Бош кезинде көңүл ачып музыка угуп,
Жаш кезинен ушуга көнүп калган.

Кеп кылган кыз Замира Кочкорлуктан,
Аруу сезим жүрөктө толгондуктан.
Айтайын маңдайына жазгандарын,
Ай жаркын кыз айылдык болгондуктан.

Тартуу кылган аруулукту сага деген,
Тарбияны алгансың ата-энеден.
Бактылуу бол кызым деп, күндө тилеп,
Багыштап ата-энең бата берген.

Замира гүлдөй өсүп, бойго жетти,
Турмуштун дүйнөсүнө эми келди.
Эсинен чыгарбай тутуп жүрдү,
Ата-энеси айтышкан акыл кепти:

– «Түгөйүңдү издесең, жүрөк тандайт,
Жакшы адам кайда болсо жерде калбайт.
Дүнүйөлүү адамга кызыкпагын,
Дүнүйөнү ынтымак өзү табат.

– Түгөйүң эстүү болсо, байлык ошол,
Кол кармашып өтө берет жакшы жашооң.
Азыр жердин алысы-жакыны жок,
Аман болгун кызым! – дешти кайда болсоң».

– Деп, айтып, Замирага бата берген,
Күн сайын ойлондуруп чыкпайт эстен.
Бирге окуган солкулдаган жигиттерден,
Кожого жүрөк эргип, мээрим төккөн.

Кожо дагы Замирага имерилди,
Жакшы көргөн сезимдерин билгизбеди.
Көргөн сайын жүрөгү толкунданып,
Өзүнчө артып барат сүйүү деми.

Жүрөгүндө махабат гүлүн ачты,
Аруулуктун ажайып сырын катты.
Гүлайды бара-бара унуткарып,
Замирага ашыктыгы артып жатты.

Убакыттар билинбей агып жатты,
Экзаменге саналуу күндөр калды.
Бир күнү окуу залга чогуу барып,
Замира экөө бир блокто даярданды.

Чогуу олтуруп Кожо кепке тартты:
– Замира, сүйүп жүргөн жигит барбы?
– Эмнеге мынчалык кызыктың деп,
Ооба! – деп, күлүп туруп сырдуу айтты.

Кожо да күлүп туруп сырдуу карап,
Замирага жакын болуп ылым санап.
Сурады жигитиңдин аты ким? – деп,
Замиранын албырган жүзүн байкап.

Замира жооп ордуна күлүп койду,
Кожого тапшыргансып түркүн ойду.

Айбыгып, «Кожо» деген атты айталбай,
Ташкындап жүрөгүнө сүйүү толду.

Замира, Кожого сөз ыргытты:
– А сенин сүйүп жүргөн кызың барбы?
Жооп күткөнсүп карашып көз кылгырып,
Экөөнүн тең жүрөгү күйүп-жанды.

– Ооба, менин сүйүп жүргөн кызым болгон,
Гүлай деген классташ кыз айдай толгон.
Экөөбүздүн түбөлүктүү антты бузуп,
Армияга мен жүргөндө алдап койгон.

– Деп айтып, жүздөрүн санаа басты,
Кожонун жүрөгү канап жатты.
Бактысыз махабатты ойлоп алып,
Замира, Кожону аяп жатты.

Болгонун Замирага айтып берди,
Капа болуп өзүнчө жашып кетти.
Жакынына айткансып бугу чыгып,
Кайгы-муңу жүрөктө ташып кетти.

Андан бери кыздардан түңүлгөнмүн,
Унуткансып жаштыгынын сүйүү демин.
Айтып берди, окууга өтүп намыс үчүн,
Турмуш сапары өз жолунан көрүнгөнүн.

Кожо айтты: – «Кыйышпас дос бололу,
Турмуштун ысык-суугун ойлонолу.
Кеңешип дайым бирге сыр чечишип,
Келечекке акыл салып толгонолу».

Сунушуна Замира макул болду,
Тең бөлүшүп дайыма асыл ойду.
Чогуу басып эрчишип эгиздердей,
Экөө тең бир-бирине жакын болду.

Сабакка даярданса бирге болот,
Турмуштун өйдө-ылдыйын бирге ойлойт.
Мезгилдер өткөн сайын ысык болуп,
Ажырагыс достук сезим күндө орноп.

Театр, кинолорго чогуу барып,
Парктарда, бульварда чогуу басып.
Көрбөй калса бири-бирин сагынышып,
Достук сезим өтүп жатты оттой жанып.

Замирага сөз айткандар көбөйүүдө,
Көңүл салбайт Кожодон бөлөгүнө.
Кожого да көп кыздар ашык болсо,
Айтып берет Замирадай жөлөгүнө.

Кожо кетсе курулуш отрядка,
Ал узатат демди берип кажыбаска.
– Жакшы бар! досум деп, беттен сүйүп,
Мезгил өтпөйт убактылуу ажырашса.

Замира каникулга тараганда,
Узатат Кожо калып көп арманда.
Кочкордон ала качып кетпесе деп,
Көрүшкөнчө батып кетет ой-санаага.

Билинбей ортодон үч жыл өттү,
Балалык кез байкалбай агып кетти.

Достугу айланып махабатка,
Айта турган сөздөрү бышып жетти.

Май айынын ажайып күндөрүндө,
Шаар оролуп миң түркүн гүлдөрүнө.
Кожо айтты: – «Сүйөм», – деп Замирага,
Бирге басып Ай толгон түндөрүндө.

Замира да албырып кучактады,
– «Мен дагы ...» – деп, сүйүүдөн бышактады.
Экөөнүн махабатын даңазалап,
Ай турду жарык кылып туш-тарапты.

Эки жүрөк дүкүлдөп бирге согуп,
Жан-дүйнөлөр балкышып гүлгө оролуп.
Кыналышкан эки жашка таң да атып,
Булбул сайрап мукам үндүү обон созуп.

Күндүзү паркка басса күкүк сайрайт,
Ыргалышып эки жаштай гүлдөр жайнап.
Түнкүсүн кучакташса кыналышып,
Бакыт каалап таң атканча «сүтак» айтат.

Махабат демди берип ырахаттуу,
Жаз өтүп, жайга айланып бара жатты.
Сеңселип жалбырактар беттен сылап,
Баш кошконго үндөшүп эки жашты.

Экөө тең ата-энеге кабарлашты,
Маңдайына жазгансып ошол жылды.
Курсташтары гүл берип узатышып,
Такси менен зымырап үйгө сызды.

Досторунан экөөнү кошуп алды,
Күлкү-шат, ырлардан созуп барды.
Чолок-Кайың айылы шаңга толуп,
Кожонун туугандары тосуп алды.

Көшөгө көгөрсүн! – деп, эл толушту,
Ак тойлору билинбестен көп созулду.
Көшөгөнүн артында ант беришип,
Кожо менен Замира жар болушту.

Куттуктап сүйүнүшүп достор келди,
Бала кезден колтукташкан жөлөктөрү.
Кожо менен Замирага бакыт каалап,
Үй-бүлөөнүн атынан белек берди.

Эгиздей кол кармашып жетелешип,
Бири-бирин көргөндө эркелешип.
Диплом алганга шаарды көздөй,
Кош торгойдой учушту көкөлөшүп.

Диплом колго тийип жеткенинде,
Сүйүнүшүп студент кез өткөнүнө.
Экөө тең жолдомону бирге алышты,
Чолок-Кайың айылдагы мектебине.

Беш жыл күткөн мына келди ушул бакты,
Жигиттер шампандардан куюп жатты.
Курсташтары ыр, бий менен чогуу олтуруп,
Ак тойду, дипломду куттукташты.

Кочкордогу кайын журтка отко кирип,
Алар дагы Кожону жандай сүйүп.

Ата-энелер экөөнө бакыт каалап,
Келишти айылына ойноп-күлүп.

Ар кимдин туулган жери-мисир болот,
Ардактуу сүйүп жүргөн ишиң болот.
Кожо менен Замирадай махабаттан,
Достон чыккан өмүрлөш кишиң болот.

## 3-бөлүм

Сентябрь айы болуп күз да келди,
Окуучулар шаңга бөлөп туулган жерди.
Кожо менен Замира кол кармашып,
Кыргыз тилден экөө тең сабак берди.

Кожо окуган агай менен эжелери,
Куттуктташып үйүнө алар келди.
Шаң болуп үйлөрү ырга толуп.
Эки жашка ого бетер демди берди.

Замиранын айыбы жок бир кымындай,
Кайын-журту сыйлашат өз кызындай.
Эл-журту да суктанышып эки жашка,
Макташат жүрөк толкуп, сүйүү ырындай.

Ортодон үч-төрттөп жылдар акты,
Наристени экөө тең күтүп жатты.
Жаш кезиндей дагы эле жетелешип,
Сүйүү күчөп, кээде алар ойго батты.

Наристенин жытын дайым сагынышып,
Жаратканга өздөрүнчө жалынышып.

Жылдан-жылга негедир күмөн санап,
Эмне сыр бар, экөө тең жашырышып.

Он жыл өттү наристе ойнободу,
Экөөнүн тең ишке ашпай ойлогону.
Достор менен конокто чогуу болсо,
Муңду козгойт балдардын ойногону.

Достор келсе балдарын жетелешип,
Тосуп алат дайыма бөпөлөшүп.
Экөө тең жыттагылап кумар канып,
Көтөрүшөт балдарын эркелетип.

Коллективи аларга арнап тамды,
Мектептен менчикке үйдү алды.
Эл сыяктуу күнүмдүк көр-оокатты,
Үйлөрүнө толтуруп үйүп салды.

Ырымдап приюттан бала бакты,
Экөө тең өз баладай сүйүп жатты.
Той өткөрүп, эл-журттан бата алып,
Арналган ак тилектер суудай акты.

Бир күнү ал бала ооруп каза болду,
Жүрөктөргө айыккыс жара толду.
Кожонун эстегенде жүрөгү ооруп,
Басса-турса оюнда санаа болду.

Өмүрүндө ичимдик албай жүрчү,
Күйүттөн Кожо кээде ичип кетти.
Жаш балдарды көргөндө эркелетип,
Канча жолу билгизбей жашты төктү.

Замираны билгизбей санаа басты,
Ал дагы төгүп жүрдү далай жашты.
Жакшыларга энчилебей Жаратканым,
Жамандарга жылоологон кандай бакты?!.

Бул дагы бөлгөн жок араларын,
Үмүт менен ойлошот бала жагын.
Достору балдарын эркелетсе,
Чукуп турат жүрөктүн жараларын.

Кожого досторунан кеңеш айтат,
Аял ал деп, арак ичип аны алдайт.
Өмүрлүк жары экөөнүн антын бузбай,
Алардын сөзүн угуп, тилин албайт.

Бир туугандар бул жөнүндө сөз чыгарбайт,
Экөөнө көңүл улап, дайым сыйлайт.
Алар дагы балалуу болсо экен - деп,
Замирадай асылды такыр кыйбайт.

Кайын журтун тосуп алат күлүп-жайнап,
Качан болсо үйүндө чайы кайнап.
Алар дагы кур келбей, ала келет,
Эт, сүтүн, курут менен сүзмө, каймак.

Качан барсаң дасторкону жазылганы,
Мактап калат аксакалдар айылдагы.
Элдин көбү олтуруп сөз кылышат:
– "Байкуштарга бир бала жазылбады".

Кожонун туулган күнү жаңы жылда,
Союшун дайым союп ар бир жылда.

Конок тосуп, бата алышат тилек кылып,
Берсе экен деп, Жараткандан уул-кызга.

Мазарларга сыйынышып келишкени,
Теңирден жылда тилеп наристени.
Айылдагы эл-журту чогуу тилейт,
Берсе экен деп, экөөнө перзентти.

Шаарга барып доктурларга көрүнүштү,
Текшерилип аппаратка көп түшүштү.
Алар деле билгенин ачык айтпай,
Көңүл улап, көп жолу жөнөтүштү.

Кээ күндөрү унчугушпай ойго батып,
Жөлөк болуп бир-бирине көңүл ачып.
Жалгыз жүрүп калганда өздөрүнчө,
Жүрөктөрүн мыжыккан ый-муң басып.

Агасы, Кожого айтып калды:
– «Иниңди окууга шаарга алып барчы».
– Макул! – деп, каникулга тараганда,
Кожо менен иниси шаарга барды.

Иниси билбегенден Бишкек шаарды,
Тааныштырып көчөлөрүн аралатты.
Көптөн бери Кожо сагынгандан,
Панфилов паркына бара жатты.

Бул паркта кол кармашып жетелешкен,
Канча жолу сыр чечишип эркелешкен.
Суктандырган студенттик мезгилинде,
Замира экөө далай күндү өткөрүшкөн.

Көзгө тааныш айлана ага баары,
Гүлгө оронуп парктын эки жагы.
Гүлбактын ортосунда көлөкөдө,
Көнүп калган олтургучтан орун алды.

Көрүп алып, өткөндү эстеп ойго батты,
Мурункудай сеңселет бактын шагы.
Түрлүү чымчык үн салып бакыт каалайт.
Маңдайында олтурушкан эки жашты.

Кожо болсо өзүнөн-өзү сурап жатты,
Кандай эле ошол кездин ырахаты?
Маанайынан дайыма күлкү кетпей,
Уктабастан тосушкан далай таңды.

Көрүп турду эки жарды эркелешкен,
Колдоруна наристени жетелешкен.
Муңканды ... жүрөк сыздап билгизбестен,
Калганына баладай берекеден.

Санаа чүмкөп Кожону кайгы басты,
Өткөн жылдар өкүнтүп, кырды ашты.
Алды жакта келе жаткан бир топ кыздан,
Гүлайга окшош бирөө келе жатты.

Мурункудай татынакай ажары жок,
Колунда жетелеген баласы жок.
Негедир өзүнчө жалгыз келет...,
Жанында колтукташып басары жок.

Ток ургандай ордунан ыргып туруп,
Карап калды бир топто эсин жыйып.

– Гүлай! – деди, алдыга кадам шилтеп,
Кармоочудай аны көздөй колун сунуп.

Ал дагы карап турду көзү жайнап,
Сырдуу күч жылдырбастан буттан байлап.
Бир топто араң зорго, – Кожо! – деди,
Жүрөк сыздап, от болуп ичи кайнап.

Кожону карай албай, жерди карап,
Эки беттен анардай нуру тамат.
Ак сүйүүнүн антын бузуп, азгырылып,
Чыккынчылык кылганын кантип танат.

Кожо айтты: «– Ден-соолук жакшыбы? – деп,
Турмуштан бакыт-таалай таптыңбы? – деп.
Азыр болсо кайсыл жакта жашайсыңар?
Сүйгөн жарың Алмазга жактыңбы? – деп».

– Ооба! – деп, ооз учунан араң айтып,
Ичинде муң-кайгысы ашып-ташып.
– Кечир Кожо! Эгерде мүмкүн болсо...,
Деп айтып, Гүлай бышактап кетти жашып.

– Ыйлаба, өткөн нерсе кайрылабы?,
Ый менен курган жүрөк басылабы.
Андан көрөк башынан айтып олтур,
Ак сүйүүңдүн Алмазга ташыганын.

– Андан бери канча жыл агып өттү,
Ак сүйүүлөр экөөбүздөн алыс кетти.
Үй-бүлөң, турмуш-жашооң жакшы элеби?,
Андан көрөк ошондон айтып өтчү».

Гүлай айтты: – «Алмазга жолукканын,
Туулган күндө кандай болуп таанышканын.
Жаштык кылып, тереңирээк ойлонбостон,
Алмаз менен үй-бүлө болушканын.

Мекен кылып Түп деген көлдүн жерин,
Мугалим болуп мектепте иштегенин.
Алмаз менен жакшы эле жашап жүрүп,
Арты кандай, ал кезде билбегенин.

Алмаз экөө бир топ жыл жашашканын,
Төркүнүнө кайын-журту катташпасын.
Кайын энеси, кайын эжеси катуу чыгып,
Алар менен арга жок касташканын.

Боюнан түшүп, балалуу болбогонун,
Алмаз дагы кээ бирде кордогонун.
Айтып жатып шолоктоп ыйлап жатты,
Бул турмуштан аткарылбай ойлогону...

Бактысынан өзүн-өзү ажыратып,
Жашайм деп, Алмаз менен жадырашып.
Өзөгүн өрт чалып айтып жатты,
Келгенин Алмаз менен ажырашып.

Азыр жашап эжеси менен шаарда экенин,
Жыргалы өтүп кетип ал кезектин.
Улутунуп, Кожону кечир! – деди,
Унуталбай сүйүүнүн өткөн элестерин».

– Дагы айтты: – «Кожо өзүңдөн айтып олтур,
Уктум мен, алган жарың жакшы болуптур.

Сүйгөн жарың, аялдын асылы экен.
Балалуу болуп, үйүңө бакыт консун"!.

– Кожо карап Гүлайга муну айтты:
– «Биздин дагы үйүбүздү кайгы басты.
Экөөбүздүн тагдырлар окшош болуп,
Балабыз жок, таарынттыкпы Жаратканды?!.

Мен болсо ар дайым шертке турдум,
Сен болсо экөөбүздүн антты буздуң!.
Тагдырдын тамашасын көтөрө албай,
Экөөбүздүн жашообуз, ай! Курусун!.

– Деп айтып, Кожо өзүнчө жашып турду,
Гүлайдын кайгы-муңу басып турду.
Алардын ичиндеги сагынычын,
Армандуу эки жүрөк айтып турду.

Аңгыча бир жигит басып келди,
Кожо менен Гүлайдын жашын көрдү.
Саламдашып, Гүлайды кеттикпи! – деп,
Ыңгайсыз абалда басып кетти.

Гүлай туруп, Кожону кош бол! – деди,
Кожо болсо: – Кош! – деди, карап жерди.
Тунжурап көпкө олтуруп, ойго батып,
Биротоло өчкөнсүдү сүйүү деми.

Күн батып кылкылдап тоону ашып,
Кожо жолдо баратты илкий басып.
Күүгүмдө тунжурап үйгө жетти,
Гүлайдын армандарын ичке катып.

Бир ай болуп, иниси окууга өттү,
– Жакшы оку! – деп, Кожо беттен өптү.
Коштошуп ажайып Бишкек менен,
Айылга автобус менен жөнөп кетти.

Жай мезгилдин аптабы катуу ысып,
Автобус келе жатты жолдо сызып.
Кожо түрөт жашоосунун түрмөктөрүн,
Гүлайдын элестери артка жылып.

Билинбей көнүп калган беш жыл өттү,
Четке кагып доктур айткан бекер кепти.
Бир күнү май айынын майрамында,
Замира муну айтып, көз жаш төктү:

– «Коля ушунча жыл чогуу жашап,
Бир бала төрөбөдүм сага арнап.
Билемин антты бузбай жүргөнүңдү,
Бирок жаным, сага кыйын жүрөк канап.

– Андан көрөк тандап көр өз элиңден,
Сага жаккан төрөй турган кыз-келинден.
Той өткөрүп бактылуу бол, бала берсе?,
Кайда болсом тилейин бир Теңирден.

– Кааласаң кетейин өз жериме,
Айтканымды албагын эч көңүлгө.
Маңдайларга Жараткан жазып коюп,
Кез келди окшойт экөөбүз бөлүнгөнгө».

– Деп айтып, Замира көз жаш төктү,
Кучактап Кожо дагы жашып кетти.

Бир күнү айтат го деп, капа болуп,
Сезип жүргөн угарын ушул кепти.

– Жок жаным! Сенден мен ажырабайм!,
Кереги жок кыз-келинден бажырайган.
Башкалардан балалуу болгум келбейт,
Сенден мага маңдайга жазылбаган...

Кожо дагы ыйлап туруп муну айтты:-
– «Асылым, эч бузбайлы биздин антты!.
Эгерде сөзүбүзгө тура албасак,
Эмне анда жараткан адамзатты?!.

– Балалуу үй-бүлөнү далай көрдүк,
Бактысыз наристеге жашты төктүк.
Андан көрөк жашайлы бул жалганда,
Калбастан экөөбүз тең сөзгө сөлтүк.

– Баласыз бактылуу үй-бүлө көп,
Андан көрөк ынтымак болсунчу бек.
Замира андан көрөк жашайлычы,
Мурункудай кайгырбай мээримиң төк».

– Деп айтып, Кожо макул болбой жүрдү,
Достор менен чогуу болуп ойноп-күлдү.
Кожого жакпаса да ичимдиктен,
Ичип коюп өткөрдү далай күндү.

Замира ичтен сызып көп жолу айтты:
– «Ден-соолукка карачы, аяп жанды!».
Кожонун ооруп калган түндөрүндө,
Билбей калат көз ирмебей, аткан таңды.

Ошентип жыл айланбай Кожо ооруду,
Кайгы-муңдан ден-соолукту унутуп койду.
Замира жанынан чыкпай чогуу болуп,
Ойго батып, жүрөгү ыйга толду.

Ооруп жатып Кожо мындай түштү көрдү:
"Чагылган чарт-чурт этип, жамгыр төктү.
Гүл терип тоону карай бараткында,
Алдынан көрүп калды катуу селди.

Жанталашып ылдый көздөй андан качты,
Тоодой болгон таштар менен суулар акты.
Бир маалда Кожону агызып кетип,
Замира аркы өйүздө жалгыз калды».

Замира, Замира! – деп, араң айтты,
Чочуп туруп, көтөрүп араң башты.
Болгонун төкпөй-чачпай айтып берсе,
Замира салаалантып төктү жашты.

Үч-төрт күндө ооруканада тилден калды,
Айланасын күңүрт болуп туман басты.
Армандарын айта албай ичте кетип,
Кайран жигит! Бул жалгандан каза тапты.

Замира көлдөй кылып жашын төктү,
Сүйгөнүнөн ажырап асман көчтү.
Эстен танып, куйүтүн көтөрө албай,
Биротоло кайгыга эми чөктү.

Эл-журт ыйлап, кайгырып топурашты,
Досторун да жүрөк канап, солкулдатты.

Шырдакбек коргонунун маңдайынан,
Жайын таап, Кожо жамынды топуракты.

Күндөр өттү Замирага ыйды кошуп,
Кожого жума сайын куран окуп.
Күн сайын достору үйдөн кетпейт,
Замирага көңүл улап, караан болуп.

Ошентип жылдык өтүп, бир жыл өттү,
Билинбей убакыттар сызып кетти.
Бир күнү, бир туугандар чогулушуп,
Замирага айтышты мындай кепти:

– «Айланайын! Кызым сен азыр жашсың!,
Каалагандай турмуш куруп бакыт тапкын.
Ушунча жыл ыраазыбыз сага дайым,
Ала кой, аксакалдын ак батасын!».

Замира ыйдан башка сөз айтпады,
Каалабай кеткенге башка жакты.
Сабак берип, мектепте күнү өтөт.
Ошентип убакыты өтүп жатты.

Бир күнү Замира Кочкорго барды,
Бир туугандын айдай кызын багып алды.
Кантсе дагы үйүндө жалгыз болбой,
Экөөлөп өткөрүштү бир топ айды.

Канча деген муң-кайгы ээлеп өттү,
Жүрөгүнө кара так салып кетти.
Кайын-журтун чакырып куран окутуп,
Ыраазычылык алып, шаарга көчүп кетти.

Бакыт каалап Теңирден сураныштты,
Ыйлап туруп Замираны узатышты.
Унутпайм деп, Замира ыйлап турса,
Бир туугандар жүрөк сыздап чогу ыйлашты.
Ушундай «асыл» келин көп болсо деп,
Эл-журту бата берип кубаныштты.

**Эпилог:**

Бул жалган адамдарга калыс эмес,
Кайгы, күлкү бири-биринен алыс эмес.
Энчилеп бизге берген махабаттан,
Башкасы жүрөктөрдүн дарысы эмес.

Наристелик сезимдин кыялынан,
Татып алып көк мөлтүр булагынан.
Жаштардан бар арабызда антты бузган,
Махабаттын коркпостон убалынан.

Кээде келет адамдын ыйлагысы,
Жүрөк эзип, бирөөнүн муң-кайгысы.
Көпкөндүктөн, көптөрүң сыйлабайсың,
Көрдүңөрбү махабаттын бул каргышын?!.

Жаштык кылып жашоодон жаңылуудан,
Таңкалбагын тагдырга тарынуудан.
Көз жаш төгүп, өткөндү кайрый албай,
Көрөсүң, бул турмуштун агымынан.

Билсеңер адамдарга бала бакыт,
Баркка жетпейт кээ бирөө андан качып.

Арабызда армандуу өткөндөр бар,
Өмүр бою өксүк болуп, дайыма жашып.

Кутулбайт тагдырдан адам качып,
Жакшыларды, жамандык кээде басып.
Үмүт кылып, улуу күчтөн алалбайсың,
Жаратканым, маңдайларга койгон жазып.

Эки жакшы кошулса бирдей болуп,
Турса кана маңдайына бакыт конуп.
Атаганат, арман ай! Жүрөк эзген,
Болбойт тура күлкү-шаттык дайым толуп.

Аралашып чогуу жүрүп далай элдин,
Баш кошушкан эки жаштан көбүн көрдүм.
Тепсендиде калышкан баркка жетпей,
Ыйык болгон махабаттан далай сезим.

Бул жашоодо экөөнүн анты калды,
Муңга салып түшүнгөн адамзатты.
Махабаттан бактылуу болушса да,
Тагдыр бөлдү кайгылуу эки жашты.

«Адам» деген инсандык аты калды,
Абийир туткан эл-журтта баркы калды.
Бул жашоодо жаштарга мисал болгон,
Экөөнүн эл сыйлаган заты калды.

Чыныгы махабаттын ташыганын,
Кайран жаштар муң-кайгыга басылганын.
Эстелик болсун дайым экөөңөргө,
Ырды жазып, жүрөк ыйлап, жашыганым.

## МАЗМУНУ

Өмүр баян ........................................ 3
Ала-Тоо кыргызымдын бешиги ........................................ 5
Сахнанын ак куусу ........................................ 7
Кызык оюн көкбөрү ........................................ 8
Жашоо сыры ........................................ 9
Баарын сага арнаймын ........................................ 10
Тоолорум ырахатым ........................................ 11
Жаз келди ........................................ 11
Энекем ........................................ 12
Тоолорум менин жөлөгүм ........................................ 13
Атамдын камчысы ........................................ 14
Жашообуз өйдө-ылдый ........................................ 15
Сүйүү ирмемдери ........................................ 16
Булак болуп агайын ........................................ 19
Бир каалоо ........................................ 20
Ак кайың ........................................ 21
Кесиптеш ........................................ 21
Мен таптаган балапан ........................................ 23
Машина айдап баратып ........................................ 24
Ырларым болчу жүрөктүн ........................................ 25
Махабат күчү ........................................ 25
Жүрөгүмө жазып койдум ........................................ 26
Бир сулуу кыз ........................................ 27
Жаштыгымды сагынып ........................................ 28
Жаңы жылым ........................................ 29
Кыш келди ........................................ 30
Сагынуу ........................................ 31
Ата-энемди сагынып ........................................ 32
Жар болчу сенден сурарым ........................................ 33
Алыска кеткен араба ........................................ 33
Толгонуу ........................................ 34
Эмне экен ........................................ 35
Биле албайм ........................................ 36
Алым-сабак сүйүүлөр ........................................ 37
Ыркты бузуп козголбо ........................................ 38
Элимде болсо ынтымак ........................................ 39

**Ар кандай ырлар**
Армансыз өткөн барбы? ........................................ 42
Мына бакыт ........................................ 43
Иш деп жүрүп ........................................ 43
Кыргызымдын салты бар ........................................ 45

Кыргызча ырды сурабайм....................................................46
Тоолорум ырахатым........................................................47
Жаз келди ...............................................................47
Бакча, дарак, гүл болсун ................................................48
Ырларым баркка жетеби ...................................................49
Сагынуу..................................................................50
Кыналып кыргыз тоолору ..................................................51
Ар ким сүйөт кесибин ....................................................52
Ой! Тобо!................................................................53
Согуш элеси .............................................................54
Кандай баласың? .........................................................55
Элим үчүн замана.........................................................56
Баркыңа жете аламбы? ....................................................57
Фрунзе-Бишкегим .........................................................58
Жадырап кантип жүрө алам ..................................................58
Мышык-чычкан ойнотту .....................................................59
Ата Журтум...............................................................60
Эмне экен ...............................................................61
Накыл кеппи?.............................................................62
Жан-дүйнөм баратабы? .....................................................63
Жигит кезим .............................................................64
Ойлонткон мени эмне сыр?..................................................65
Мезгилдердин агымына агылып ...............................................66
Туу тутуп жүрөмүн жаратканды ..............................................67
Биле албайм..............................................................68
Бетме-бет................................................................68
Атамдын камчысы..........................................................69
Жарык болбойт ...........................................................70
Күнүмдүн жарыгындай.......................................................70
Атадан туулат үч бала.....................................................71
Азаптуу аскердеги күндөрүм.................................................72
Ажайыптуу Арстанбап ......................................................73
Өмүр сааты ..............................................................74
Бардыгын билип турат жаратканым............................................75
Баары болсо .............................................................76
Ыркты бузуп козголбо .....................................................77
Сүтак ...................................................................78
Тартылгандай бир элес......................................................78
Нарыным..................................................................79
Студенттик кез............................................................80
Колдосун погондоруң .......................................................81
Ырларым жөлөк болот .......................................................82
Энекем ...................................................................83
Кыргызымдын канаты ........................................................83
Шумдук согуш ...............................................................84

Мээримдүү эне ........................................................................85
Балалык кез керемет ................................................................86
Чабалекей...............................................................................87
Жылдызым ..............................................................................87
Ажал менен маек ....................................................................88
Кээде мен... ............................................................................89
Сахна .......................................................................................90
Ак койлордун азабы ................................................................91
Булагым ...................................................................................92
Рикша.......................................................................................93
Жаштык бульвары ...................................................................94
Тажабай кайра курам ...............................................................95
Менин жолум............................................................................96
Ойлоп алып аяп кетем .............................................................97
Өмүр чырагы............................................................................98
Ак ийилет бирок сынбайт.........................................................99
Кыргыз тилим – эне тилим ......................................................100
Жашоо кемеси .........................................................................101
Толкундаткан торгоюм............................................................101
Асыл жерим-бейишим.............................................................102
Иниме айткан акыл сөз...........................................................104
Жашоом – өзөн сайдагы..........................................................106
Ыр толкуну .............................................................................107
Ыр-канатым, жан биргем ........................................................108
Тай чабышта чыгайын ............................................................109
Түн .........................................................................................110
Шорубуз көп ...........................................................................111
Коломто – рух ордосу.............................................................112
Шордогон бир жигитти басынтасың........................................113
Шакардай кайнап турам .........................................................114
Болобу же болбойбу?..............................................................115
Мезгил учат ............................................................................116
Аттандым ...............................................................................116
Турмуштан кайда качам..........................................................117
Бир тилек ...............................................................................119
Мотор......................................................................................120
Жашыл шаарым......................................................................120
Карагат ...................................................................................121
Четиним сүйгөн дарагым.........................................................122
Мезгилиме сагыныч................................................................123

**Арман ырлары**

Айрылдым ..............................................................................126
Кыл кыяктын муңдуу күүсү .....................................................127
Арман дүйнө ..........................................................................129

**Арноо ырлары**
Милиция күнүнө арнадым ....................................140
Кыргыз Республикасынын Милициясынын
85 жылдык салтанаттуу майрамына арнадым....................142
Баарыңарды бүгүнкү КР милициясынын 85 жылдык
юбилейлик майрамы менен куттуктаймын! ......................143
КТРдин чыгаан режиссеру Арстанбекова
Маяга арнадым ....................................................143
«Ак Жол Бер», «Лидер» коомдук бирикмелеринин
кызматкерлерине жана Ат-Башы РИИБнун
начальнигине арнадым...........................................145
8-март майрамына куттуктоо ....................................146
Бишкектеги травмотолог-ортопед, медицина илиминин
кандидаты, чыгаан кыргыздын врачы
Иманалиев Арстанбек Бекбосуновичке арнадым ..............147
Кайним Чубакка арнадым .........................................148
Кыргыз Республикасынын премьер министри
Бабанов Өмүрбек Токтогуловичке арноо.........................149
Кыргыз Республикасынын милициясынын ардагери,
милициянын генерал-майору Жээналиев
Токтожума Жээналиевичке арнадым ............................151
Чүй ОИИББнын начальниги милициянын полковниги
Жусубалиев Бактыбек Бейшеналиевичке арнадым...............153
Алтындай болгон балдарыма, неберелериме арнадым ............154
Паспорт столдун начальниги Абылкасымова
Нарынгүл Бекмамытовнага арнадым .............................156
Жеке ишкер Идирисов Атырбек иниме арнадым .................157
Исмамбетова Бурганбү таэжеме арнадым ........................159
Эпеев Молдобек байкеме арноо ыр...............................160
Аттокуров Жапар байкеме арнадым .............................161
Масиров Шакирет агайга арнадым ...............................162
Чыгаан акын, жазуучу, көп китептердин автору
Бобукеев Ырыскулбек жездеме арнадым.........................163
«Жеңиш-Туусу» гезитинин редактору Көчөрбаев
Сапарбек Көчөрбаевич байкеме арнадым........................164
Милициянын полковниги Шатманалиев
Ибрагимге арнадым ................................................165
«Казарман Ньюс» гезитинин башкы редактору
Рыспаев Нурадил иниме арнадым ................................167
Іним Токтожумаев Урматка арнадым ............................168
Аяш иним Жаналиев Замирбекке арнадым .......................169
Жамиланын 8-март Аялдардын эл аралык
күнүндөгү майрамына арнадым ...................................170
Тогузторо райондук ооруканасынын терапия бөлүмүнүн
медсестрасы Рахманова Гүлжамалга арнадым ...................171

Иним Молдобаев Тойгонбай Бекташовичке арнадым .............172
Пифагордун баласы .............173
Күтүү .............174
Дарактарым .............175
Джоробеков Жеңиш Мамаюнусовичтин туулган күнүнө арнадым .............176
Чыңгызка .............177
Алыкул, акындардын бууданы .............178
«Эверестей» Мидинге .............179
Байдылда Сарногоевге .............180
Атайбек уулу Өмөр иниме арнадым .............181
Жазуучу-драматург, жазуучулар союзунун мүчөсү Базаркулов Куттуумидинге арнайм .............183
Агам Абдылдаев Аскаралыга арнадым .............184
Алман доско бир шиңгил .............185
Тилек достун туулган күнүнө арнадым .............186
Аяш ата «Ак тоюңуз» куттуу болсун .............188
«Нооруз» майрамы менен Мелис досту куттуктайм .............189
Өмүрбек доско бир арноо .............191
Бексултан доско арнадым .............192
Иним Дамир Тагайбек уулуна .............193
Жеңиш күнүн куттуктап, майор Айдаров Жеңишке арнаймын достук куплеттер .............193
Кылыч доско бир шиңгилдер .............196
Доктурларга бир шиңгил .............199

**Азил жана жанытма, тамаша ырлары**
Бир чоңумдун азабы .............202
Адамдардан! .............203
Айбандарга окшош бар .............203
Адамда болот ар кандай .............204
ГАИ болуп иштедим .............205
Дөңсүңбү? Бир доско .............206
Күчүк .............207
Аракжандын сүйүүсү .............207
Уят болгон ушакчы .............209
Токто, токто! Айтам кеп .............210
Кем акыл .............210
Билимчилер .............212
Адамдарбыз ойлонткон .............213
Махабат ырлары .............215
Аял зат .............216
Сүйгөнүм .............217
Окшойсуң суунун periси .............217
Унутпа .............219

Кыздын махабаты......220
Ырларым болчу жүрөктүн......221
Чачалы сүйүү берметин......221
Жүрөгүмдө сен белең......223
Армандуу болгон ак булут......224
Жазгы нөшөр......225
Эки кыздын маеги......225
Бир сулуу кыз......226
Даниярдын ыры......227
Кээде болгон......228
Армандуу болгон бир сүйүү......229
Махабатым каакымдай чачылган......230
Сенин жытың......230
Сүйгөн гүлүм......231

**Сонеттер, поэмалар**
Сүйүү сезимдери......234
Саймалуу-Таш байыркынын ордосу......242
Ат-Башыда Арашан......245
Тогуз-Тором 70 жаш куракта......249
Кайдыгерлик......254
Тариелдин арманы......260
Алгыр куштар баяны......264
Ыр дүйнөгө саякат......280
Кыргызда көп жигит бар......282
Махабат сырлары......298
Махабат жана жүрөктөгү муң......306

---

*Көркөм-адабий басылма*

**Камбаралиев Жусуп**

**ТООЛОР ЖАҢЫРЫГЫ**

*Ырлар*

Басууга 04.10.2013-ж. кол коюлду. Кагаздын форматы 60х84 1/16.
21,25 физ. басма табак. Нускасы 200. Келишим баада.

---

ЖЧК БПК «Print Express» басмаканасында басылды.